Т. Үметалиев

# АК АЛТЫН ЖӨНҮНДӨ ЫР

2010
8з
Б
2017
У 51

ТЕМИРКУЛ УМЕТАЛИЕВ

# АК АЛТЫН ЖӨНҮНДӨ ЫР

ЫРЛАР ЖАНА ПОЭМАЛАР

40162
ПРОВЕРЕНО 1959 год
Джалал-Абадская областная библиотека

КЫРГЫЗСТАН МАМЛЕКЕТТИК БАСМАСЫ
*Фрунзе * 1956*

Жалал-Абадская областная библиотека
ИНВ. № 27781

# ЫРЛАР

☆

# ЛЕНИН МЕНЕН ПАРТИЯ

☆

## ЖАРЫК

Көңүлүм жаз күнүндөй жарык менин,
Күүгүмсүз тийип турган күнүм Ленин.—
Окуймун, үйрөнөмүн, чын сүйөмүн
Генийдин жазып кеткен эмгектерин.

Күн-түнү бирдей жарык үйүң сенин
Анткени жарык чачып турат Ленин!
Бардыгы болбодубу айтканындай
Миң жылды мурун көргөн кемеңгердин.

Ал өскөн эл бактына улуу элден,
Куш өңдүү учуп чыгып түнөгүнөн.
Аяган эзилгенди, кыйналганды,
Жай берген жакшылыкка жүрөгүнөн.

Ал түзгөн партияны жаркыраткан!—
Куткарган эмгекчини жакырдыктан!—
Бардык эл сүйөт аны ошондуктан,
„Ленин!“ деп тура калат атын уккан.

Ал досу талыкпастан иштегендин,
Тууганы элге таалай издегендин.
Жүрөктөн сүйөт аны калың дыйкан,
Эгеси эгин, жемиш чыккан жердин.

Таң атты жаркыратып чыгыш чегин,
Кубантты жеңиш туусу кытай элин,—
Көргөзгөн туура жолду күндүзгүдөй,
Батпаган ачык күндөй жарык Ленин!

## ПОРТРЕТ

Илинген портретти өз үйүмдөн,
Уйкудан турар замат эртең менен,
Көрөмүн, сагынгандай ар күнү мен,
Көзүмдү алгым келбей карай берем.

Ал турат кектүү, сүрдүү карап ыраак,
Кекенип алда кимге ачууланат.
Муштуму бекем баскан стол үстүн,
Чачырап көздөрүнөн оту жанат.

Бир колу—энесинин далысында,
Бүт ою өлтүрүлгөн агасында.
„Биз эми башка жолго түшөбүз“ деп
Айткансыйт ал өзүнүн санаасында.

Ал сүйөп өз төшүнө эне башын,
Акырын сылайт анын жумшак чачын,
Сооротот айткан өңдүү: „өч алуу бар,
Көп эле төгө бербе көздүн жашын!“

Ал ойлойт алуу жолун таптын кегин,
Толтурган бай чөнтөгүн иштеп тегин,—
Курсагын тойгузууга желдеттердин
Сарп кылган аябастан бүт эмгегин.

Ал ойлойт кулатууну падышаны,
Суу жырып кула кандай бийик жарды.—
Жерине чыгарууну сулуу жазды,
Эритип деми менен кышкы карды.

Ал ойлойт эмгекчини куткарууну,
Алдыга басуу ыгын кармап тууну.
Ойлонот адамзаттын келечегин,
Эл камын ойлогондой элдин уулу.

Ал эчак күн чыгарып, тапкан жолун,
Ашырган ашуулардан ойлогонун.
Коркпогон чагылгандуу айсыз түндө
Кыраны дүйнөдөгү бийик тоонун.

Ал өзү куткарчусу эзилгендин,
Атасы, бир тууганы бүткүл элдин.
Сүйлөшөт мени менен ал портрет—
Студент, муруту жок жапжаш Ленин.

## МУГАЛИМДИН СҮЙГӨН СӨЗҮ

Мугалим Сармат агай көптөн бери,
Төгүлөт күн нурундай анын мээри.
Балдарын эмгекчинин окутууга
Сарп болгон бүт эмгеги, маңдай тери.

Таанышпыз аны менен көптөн бери.
Дагы бир ал кишинин жакшы жери:
Балдарга Ленин жөнүн сүйлөгөндө
Жазылат кубангандан көңүл чери.

Ал айтат: „Ленин дагы болгон бала,
Мектепте окуганын бүткүл калаа
Сөз кылган жомоктотуп эчен түркүн.
Лениндей баарын бешке окугула.

Беш алган жат жазуудан, эне тилден,
Эсептен, физикадан, грекчеден.
Тарыхты ыр сыяктуу жатка билген,
Марксти ал үйрөнгөн окуп үйдөн.

Сүрөттү, музыканы, ырды сүйгөн,
Кийимди таза кийген, таза жүргөн.
Турмушту жакшы көргөн үйрөнүүнү
Жумушчу кишилердин үйлөрүнөн.

Көз салган жолдошуна бир окуган,
Ар дайым жардам берип сабагынан.
Ленинде көрүнбөгөн жалгыз нерсе:
Эч качан болгон эмес баасы жаман."

Ушинтип айткан сайын Сармат агай,
Угабыз анын сөзүн түк жадабай.—
Тургансыйт жанжаш Ленин бет алдында,
Сезилет дептериңди карагандай!

## ЛЕНИН МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Сенин атың —
Канатым!
Сен жетилттиң
Акындардын
Талантын!
Сага арнадым
Ырларымдын
Санатын.
Лениндин
Ар бир сөзүн,
Баскан изин,
Улуу ишин
Үнгө салуу адатым!
Ленин десем
Толкундаймын,
Толкундабай,
Ырдабай
Туралбаймын
Эмне үчүн?
Анткени, Ленинизм
Жарык кылды
Жердин жүзүн,
Түндө чырак жаккандай!—
Көрдүк нурду
Ааламга
Таң аткандай!
Бастык алга
Сокур жолду
Караңгыда
Тапкандай!

Сенин атың—
Канатым!
Бийик учуу адатым.
Ырларымды жазганда
Сызгансыймын асманда.
Боло түшөм бир башка
Ашуулардан ашканга.
Бирок, кайра,
Бечел бала
Жарагандай басканга—
Кубанам мен,
Түпсүз көлдөй
Ээ-жаа бербей
Толкуйм терең.
Сенин сөзүң—
Сенин өзүң!
Өзүң ачкан көзүм менен
Жазбай көрөм:
Лениндин күнү тийгенден
Гүлдөгөн
Эркин жерден
Дангыр, кең
Барчу жолду жеңишке
Жеңиштерден!
Сенин сөзүң—
Сенин өзүң!
Сени көрүп ачылган
Менин көзүм.
Нур чачылган
Күндөн келген
Өндөнөсүң!
Айткансың сен:
„Улуу мекен
Жашарып,
Гүлдөр өнсүн!
Арпа, буудай баш алып,
Чөл көгөрсүн!“
Айткансың сен:
„Бардык эл тең!“
Ошондуктан болду бекен?—
Мына заман

Орус, кыргыз бир тууган!
Достук бекем
Темирден!
Мен таң калам:
Сага кайдан жыйналган
Мынчалык акыл
Кем эмес аккан дайрадан,
Же болбосо көрүп жакын
Беришкенби
Өздөрүндөгү
Акылдын
Койбой бир да тамчысын
Дүйнөдөгү
Бардык эл,
Бардык адам?!
Мен таң калам:
Сага кайдан
Табылган
Мынчалык көп күч-кубат? —
Сен басканда солкулдап,
Сен отурсаң
Жер тынч турат.
Жанар тоонун жарыгынан
Жалбырттаган жалындан
Артык тура кайратың!—
Душманды көргө житирди,
Далай жумуш бүтүрдү
Чагылгандай айбатың.
Сенин учкул
Канатыңдан,
Сенин ушул
Кайратыңдан,
Айбатыңдан,
Жердей балбан
Кубатыңдан
Компартияң
Жаратылган!
Партияң бар—сен бүгүн
Баягыңдай тирүүсүң!
Бары бир шат күлүшүң,
Шамдагай, шаңдуу жүрүшүң.
Сүйлөгөндүн тилисиң,

Ырдагандын үнүсүң,—
Бардык элдин күнүсүң!
Ала-Тоодой көрүнгөн,
Ай нурундай төгүлгөн
Бактым үчүн бүгүн мен,
Букет жасап сүйүүдөн,
Атыңды айтып ырдадым
Жүрөгүмдөн, көңүлдөн!

## ТЕҢ КЕЛЧҮ КИМ ЛЕНИНГЕ?

Ойлоп, ойлоп кыйналам
Ленинге теңдеш таппастан.
Таппайт аны бир адам
Ойлосо он жыл жатпастан.

Кемпирлерден, чалдардан
Жомок уккам көп түркүн,
Кабарым бар хандардан
Айтылышы „миң бир түн“.

Укканым жок бирок мен
Алардын эч биринен
Эл камкорун пейли кең,
Жаны бирге эл менен.—

Мисалы, улуу Лениндей,
Отурса, турса эл деген,
Туруп бекем темирдей,
Эл намысын бербеген!

Окудум китеп ар түркүн
Баатырларды мактаган,—
Убайым чегип өзү үчүн,—
Өз чөнтөгүн сактаган.—

Өз намысын талашып,
Өз атагын чыгарган,
Өз кызыгын карашып,
Жерди канга сугарган.

Көрбөдүм мен алардан
Лениндей укмуш беренди,
Алысты шашпай караган
Акылы көлдөй терендн.

Аңтардым мен тарыхты,
Ачтым ар бир барагын —
Лениндей чачкан жарыкты
Ким болгон деп карадым.

Тарыхта андай жок экен,
Болбоптур эч ким Ильичтей,
Өтүшүптүр бары тең
Билишпей, ишке киришпей...

Куткарууну эзүүдөн
Көп акылман ойлогон. —
Өтчү жолду кечүүдөн
Билгендери болбогон.

Билишсе да бүдөмүк,
Жүрөк даабай кечүүгө,
Киришпеген түбөлүк
Эркин күнгө жетүүгө.

Асыл Ленин бир гана
Ачык көргөн түз жолду. —
Ар бир сөзү ааламда
Айтып жүрөр иш болду!

Коркпой ишке киришип,
Бириктирди эл күчүн.
Жоо менен ал күч тирешип,
Таң калтырды жер жүзүн! —

Торун тытты эзүүнүн,
Үздү кулдук чынжырын. —
Алкышын айтты өзүнүн
Алда турган миң кылым.

Алкыш айтпас иш бекен, —
Караңгы түн дозоктон,
Бөлөк-бөтөн дебестен,
Миллиондорду бошоткон!

Жолдордо ыраак көрүнгөн
Чарчабастан басуудан,
Коркпостон көчкү—өлүмдөн,
Аскалуу эчен ашуудан

Ашырган баштап далайды,
Тилегине жеткирген!
Кенелткен жалчы-малайды,
Кем болбо деп эч кимден.

Бул сыяктуу адам аз
Бакыт берген элине.
Айтып көрчү, замандаш,
Тең келчү ким Ленинге?!

## ӨРЧҮ, ЧЫҢАЛ ЭЛ БАКТЫНА

Төрөлдүм эле түн ичинде,
Өстүм күндүз гүл четинде.
Күн болдуң менин бактыма,
Коммунисттик партия!

Төрөлдүм эле ызгаар кышта,
Өстүм эркин сулуу жазда.
Жаз болдуң менин бактыма,
Коммунисттик партия!

Төрөлдүм эле капчыгайда,
Өстүм мейкин кең жайыкта.
Чыгарган сен бул жайыкка,
Коммунисттик партия!

Төрөлдүм эле какыр сайда,
Чоңойдум жемиш багында.
Бак болдуң мага жакшына,
Коммунисттик партия!

Төрөлдүм эле кызыл эт,
Канат, куйрук менден чет.
Бүт дүйнө бүгүн таң калат:
Болдум туйгун учкул канат!

Канатымды жетилткен сен,
Мейлиң бүгүн, мейлиң эртең
„Уч,—дечи,—булут астына,“
„Жок“ дебеймин, партия!

Төрөлдүм эле караңгыда,
Жашайм күндүн жарыгында.
Өрчү, чыңал эл бактына,
Коммунисттик партия!

## МЫНА КАНДАЙ КОММУНИСТТИК ПАРТИЯ!

Айтат экен: „калыс жок деп баладай“—
Айтылган сөз терең оилоп карабай.
Кыдырып көр жакын менен алысты,
Коммунисттик партиядай калысты
Табалбайсың, көралбайсың эч жерден,
Билет муну өз башынан өткөргөн.
Жакшылыгын баарыбызга бөлөт тең,
Жыргап калды оозу нанга жетпеген!
Бир кезекте тон жаңысын кийбеген
Бүгүн эге, баарын билген, бийлеген.
Өмүрүндө атка бутун артпаган
Учкуч болду коркпой ашкан аскадан.
„Күн калыс,—дейт;—текши жарык жиберген“
Көргөн менен аны толук күнгөйдөн,
Арылтмак жок көлөкөнү тескейден,
Астын жабат бир түп шилби сексейген.
Издеп таппай бүткүл жердин жүзүнөн,
Жарык көрдүк улуу Ленин ишинен.
Тоо сууларын тунук дейбиз илгертен,
Айтыптырбыз түп маанисин билбестен.
Тунук барбы партиянын ишиндей,
Пейли кенен бүткүл дүйнө жүзүндөй.
Баары таза, киргили жок ишинин,
Байкап көрсө көөнү ачылат кишинин.
Ар ким айтат чоң камкор деп атасын,
Түшүнбөстөн өз сөзүнүн катасын.
Ата камкор, ата сезгич чынында,
Ата барктуу акындардын ырында.
Бирок, ойлойт өз баласы жөнүндө,
Башкаларды аз түшүрөт көңүлгө.

40152.

1858—2

Партиядай жекши ойлогон баары тең
Камкор кайда? Эч бир жайдан аны сен
Көрбөгөнсүң, көрбөгөнсүң эч жерден
Партия ойлойт бүгүн тургай, эртеңди.
Партия ойлоп, сенин сүйгөн өлкөңдү
Айландырды жемиш бакка көркөмдүү!
Улуу камкор, билгич багбан партия
Өз уулундай кызмат кылат калкына.
Ар бир иши мектебиндей өмүрдүн
Буруп турат ар бир жандын көңүлүн.
Көрбөй туруп, билбей туруп жакындан
Биз ойлодук далайларды акылман.
Чын акылман, чын даанышман партия,
Жашамакта бардык элдин бактына.
Ою терең океандын түбүнөн,
Жыргал жыты аңкыйт ачкан гүлүнөн!
Ошон үчүн даңкы бийик аскардан,
Аты кымбат бардык асыл таштардан.
Баркы күчтүү, балбан тоолор теңешпес,
Бардык элдин жүрөгүндөй баа жеткис!
Мына кандай
Коммунисттик партия!
Иштн сүйүп жетүү керек баркына!

## МЕН УУЛУҢМУН

Энем сенсиң алпештеген жашымдан,
Эркелеткен сүйүп сылап башымдан.
Сенден сүйкүм, сенден жакын тууган жок,
Карыш алыс кетким келбейт кашыңдан.

Билетимде сенин атың жазылган,
Жүрөгүмө сенин мөөрүң басылган.
Сенден жакын, сенден жакшы досум жок
Сүрөп алга колун берип шашылган.

Түбөлүктүн үнү сенин ураанын,
Өлбөстүктүн сүрү сенин ту ларың.
Шаркыратып бурдуң менин багыма
Мекенимдин өмүр берчү сууларын.

Адам үчүн, бүт эл үчүн салдың сен
Жыргал күнгө түз баруучу жолду кең,
Ойлоп көрдүм, ойлоп көрдүм: буга тең
Тарыхтарда мындай зор иш жок экен.

Күнүм өзүң, эчен буйга өрдөштөн
Даңгыр жолду мага даана көргөзгөн.
Ата-бабам караңгыда тумчуккан,
Сен жок кезде эч нерсени көрбөстөн.

Сенсиң жерден көөдөй түндү тараткан,
Жарыгыңдан далай элге таң аткан.
Далайлар бар сени сүйүп карашкан,
Биз сыяктуу эл болсок дейт канатчан.

Балбан сенсиң тоскоолдорду томкоргон,
Түптүү зоону түбү менен омкоргон,—
Күрөшкөндө жыгылбаган эч кимден,
Жоосун жыгып, алкыш алган достордон.

Баатыр сенсиң жеңиштерди келтирген,—
Бизди баштап салтанатка жеткирген.
Бир да башка партия жок сага тең,
Ойлоп көрдүм, ойлоп көрдүм мен эчен.

Ашкан өңдүү көк мелжиген аскардан,
Сыноолордон эчен өтүп, такшалган
Атың—чындык, затың—теңдик, эркиндик
Көңүлүмө ыр сыяктуу жатталган.

Мен уулуңмун: жүрөм сенин артыңдан.
Канаттуумун: айга, күнгө талпынам!—
Ленин жашайт, Ленин тирүү өзүңдө,
Айланайын, Коммунисттик партиям!

Энем сенсиң алпештеген жашымдан,
Эркелеткен сүйүп сылап башымдан.
Сенден сүйкүм, сенден жакын тууган жок,
Карыш алыс кетким келбейт кашыңдан.

# ЫНТЫМАК ЖАНА ТЫНЧТЫК

☆

## ОКТЯБРЬ ЫРЫ

Шаан-шөкөт,
Сан-салтанат,
Эл жайнаган!
Жалт-жулт этет,
Көз жалтанат
Тууларынан!
Туулары
Октябрдын—
Биздин күндүн:
Жыргалы
Биздин элдин,
Биздин жердин!
Ырдашат,
Жаңыртышат
Көчөлөрдү,
Көңүл шат,
Басышат бат,
Көрчү деги!—
Жарашкан
Өңчөй жаштар
Эл тилеги!
Бараткан
Сеңсел чачтар,
Сөз жетеби!
Көздөрү
Жалтылдашат
Жанган чоктой!
Өздөрү
Шыпылдашат,
Теңдеш жоктой,
Сөздөрү

Даана чыгат
Аткан октой.
Өңдөрү
Жарык чачат
Киргил кошпой.
Ырдашат
Тынчтык ырын,
Эл максатын,
Айтышат:
Ички сырын,
Эл бактысын.
Жакташат
Эл талабын,
Эл намысын.
Ушулар
Октябрдын
Уул-кыздары!
Ушулар
Биздин элдин
Жылдыздары!
Октябрь
Жашай берсин
Кызыл туучан.
Октябрь—
Ал биз эркин,
Чыгат ыр шаң.
Жашасын
Элге калка,
Жерге калка
Кызыл туу,
Кызыл жылдыз,
Орок, Балка!

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Мурутуна муз турган,
Ызгытып карды учурган
Кышкы таза шамалы
Жылкычыдай ышкырган,

Жаңы жыл келди—жаш балбан,
Кайраттанган, шаттанган,
Лыжы байлап бутуна,
Узак сапар аттанган.

Тосушту балдар жолунан,
Кармашты кысып колунан.
Суроо берди бир бала,
Суурулуп чыгып тобунан:

— Мынча шаңдуу келесиң!
Мынча сүйкүм элесиң!
Эмне менен кубантып,
Бизге эмне бересиң?

Күн болуп күлдү жаңы жыл:
— Камдуу келдим мен быйыл!—
Кубандырчу барыңды
Бүтөт көп иш эң кыйын.

Мол түшүм берем талааңа,
Көп берем төлдү малыңа.
Жеген менен түгөнгүс
Жемиш берем багыңа!

Көбөйтөм дайра сууларын,
Көбөйтөм көлдүн кууларын!
Көтөрүп келдим мынаке
Тынчтыктын шаңдуу тууларын!

Доссуңар жазгы күн менен!
Болбойт, болбойт дүрбөлөң...
Окуйсуңар тынчтыкта,
Ойносоңор жер кенен.

Жаңы жыл барды ёлкага.
Кошуп кызык ойнуна,
Кызыл жагоо тагышты
Балдар анын мойнуна.

## БҮТ ЖЕР ЖҮЗҮ ГҮЛДӨСҮН

Атом бомба арзандай,
Айкырат Наттинг Тарзандай:
— Тайбандан өтө калабыз,
Талкалап, кыргын салабыз.—

Жоготконбу акылын,
Ойлобойт сөздүн акырын—
Таштайт ким атом бомбаны,
Ташып барат ким аны?

Кытай карап турмак жок,
Кытайды кармап урмак жок.
Кытай жалын, Кытай чок,
Кыпындай күйөт оозу шок.

Тайбандан өтүп барчу ким?
Тартынбай согуш салчу ким?
Кытайга келип тийчү ким?
Кызыл өрткө күйчү ким?

Наттинг өзү барабы,
Даап курал алабы?
Болумсуз, арсыз кулалы
Болобу согуш курманы?

Дыйкандарды кырмакчы,
Негрди курман кылмакчы.
Кандан доллар жыймакчы,
Курсагын сылап турмакчы...

Ойлойт бирок жумушчу:
Ким үчүн баштап урушту,
Кимге пайда кыларын,
Кимдерди бомба кырарын...

Айтат сөзүн ал бир күн,
Асман жарып чыгат үн:
— Атом бомба күйгүзсүн
Наттингдердин дал өзүн!

Биз барбайбыз Тайванга,
Ишибиз жок ал жайда.
Ээлесин тынчтык жер жүзүн,
Бүт жер жүзү гүлдөсүн!

## ЖЕҢЕТ ТЫНЧТЫК

„Бүт жер жүзү, адам зат
Жок болуу алдында турат",
Дешип күндө тантырашат
Америкалык келжиректер.
Жок, бул жалган, бул бекер,
Баштагыдан күчтүү элдер,
Баштагыдан бекем жер!

Тынчтык туусу эл кармаган
Шаңдуу, сүрдүү баштагыдан.—
Күрөшчүлөр колдорунан
Түшүрмөк эмес эч качан.
„Жоголсун согуш!" —дейт адам,
Жоболоңдо төгүп кан,
Жараланган Европадан.

Үн келет улуу Кытайдан:
„Үмүтүңдү үз Кореядан!
Тарт колуңду Вьетнамдан!"
Индостандан чыгат үн:
„Жетишет эми кайгы түн,
Боштондук үчүн, эрк үчүн
Жашасын жерде тынчтык күн!"

Африкадан, Азиядан,
Америкадан, Океандан—
Демократиядан, тынчтыктан
Үмүт кылган бардык адам:
Чыңдалсын,—дейт,—достук,
Болсун,—дейт,—элге эркин

Советтик улуу элге карап,
Бүт жер жүзү, адам зат
Жашоонун алдында турат.
Болоттой бекип күч-кубат,
Май айындай гүл ачат.
Тынчтык жеңип, тынчтык жашап,
Бүт дүйнө майрамга чыгат!

## БАЛАНЫН ОЮ

Мен окуучу баламын,
Менин ушул талабым:
Күйгүзбөсүн эч бир өрт
Китебимдин барагын.

Согушту жек көрөмүн,
Сүйбөйт чырды жүрөгүм.
Туйгун, учкул турумтай
Тынч болсун дейт түнөгүн.

Сүйөм тынчтык күндөрүн,
Сүйөм бактын гүлдөрүн.
Балдар менен татуумун,
Бак аралап жүрөмүн.

Атам тиккен бул бакты,
Ал каалабайт кырсыкты,
Жаны менен бир өндүү
Жактайт, сүйөт тынчтыкты.

Ой-тилеги энемдин,
Ойлогону эжемдин:
Болсун тынчтык узакка,
Багы гүлдөп элдердин!

Менин да ушул тилегим,
Тынчтыкты сүйөт жүрөгүм,
Тынчтык бар кезде дүйнөдө
Окуп, ойноп жүрөмүн.

## АТА

Ушул сөз калган белем канык болуп,
Бул барда үй ичинин кемтиги жок.—
Сезилет турган өңдүү капшыт толуп,
Бүлөнүн эртеңкиден көңүлү ток.

Атасы үйдө барда баланын да
Кабагы түшкү күндөй жарык чачат.
Жүргөндөй бак-таалайдын базарында
Үйдөгү бала-чака бардыгы шат.

Байкасаң ата кандай, ал бар үйдө
Ырыстын казса бүткүс кени бардай,
Сезилет мээрими күч жүрөгүндө
Жакшылык дүйнөсүнүн теңи бардай.

Атаң бар—көңүлүң жай, үйүң кенен,
Сезесиң куш мамыкта олтургандай.
Атаң бар—керектүүнүн бары белен,
Алдыңда алтын чачкан тоо тургандай.

Сезесиң тоо келсе да сактай турган
Бир күчтүү чеп тургандай бет алдыңда.
Сезесиң кишиң бардай жактай турган,
Кол салса каракчылар караңгыда.

Жыгылсаң, тоо бар өңдүү сен таянар,
Байкалат артың бекем, алдың бекем,
Ысыкта тал бар өңдүү сая кылар
Жагымдуу салкындыкты сезет ‹чекең.

Үй бүлө кошун болсо турган чекте,
Кол башчы ата болот ал кошунга.
Атанын өзү жерде, баркы көктө:
Билбестин өю жетпейт, кеп ушунда.

Бактагы зор чынардай узун чыккан,
Шаардагы мунарадай көк тиреген
Барыдан ата бийик, ошондуктан
Балага эт жүрөгү элжиреген.

Көрүнөт ата көзгө аскар тоодой,
Бир башка жардын сүрдүү кашатындай.
Көрүнөт береке суу аккан коодой,
Мүрөктүн какшыбаган башатындай.

Билгениң айта койчу: сөз кай жакта
Атанын кадыр-баркын өлчөп айтар?
Карыздарсың. Жүрөгүндө кан бар чакта
Элиңе кызмат кылып, карызды кайтар.



Жалал-Абад обл...
областная библиотека
Инв. № 27481

## УУЛУМА

Биринчи класс барганың,
Алип-пээ сенин алганың,
Жашыл түстүү каламга
Жабыша түштү бармагың.

Дептериң кандай башкача,
Ар бир бети таптаза!
Жараша турган тим эле
„Мама“, „папа“ — деп жазса.

Олтурган партаң жаңгактан
Чебер уста жараткан,
Сени билим алсын деп
Камкордук буусун жалаткан.

Туурга конгон кыргыйдай
Олтур, уулум, кир кылбай.
Жаркырасын китебиң
Ай менен күндүн нурундай.

Тартиптүү бол, окугун,
Окугун жакшы, кулунум!
Сүйүнбөйбү атасы
Бешин көрсө уулунун!

## ЖАЛГАН ЖАНА ЧЫН

Кулак менен уккандын:
Көбү—жалган, азы—чын.
Ушак айткан шум сөзүн
Укпай, алыс качып тын.

Көрбөй айтсаң: жок баркын
Чынжырынча кишендин.
Көзүң менен көргөн—чын,
Көргөнүңө ишенгин.

358—3

## ЧЫНДЫКТЫН ДОСУ

Чындыктын досу сенсиң, эй жүрөгүм,
Ар дайым чындык үчүн элжиредиң.
Мен өзүм сенин күчтүү эркиндемин,
Андыктан тартынбастан чын сүйлөдүм.

Баш кесмей бар десе да тартынбадым,
Ан сайын чагылгандай чартылдадым.
Тар кыя, тайгак кечүү туш болгондо
„Жүрөгүм даңгыр жол!“ деп шаңкылдадым.

Коркподум касташкандын ону келсе,
Күчөдүм мен ошондо он миң эсе.
Чындыктын түз жолунан тайбас элем
Бычагын ажал кайрап соём десе.

Шум ашкан, эмгек кылбай жанын баккан,
Оңойдон атак тапкан салпаяктан
Көңүлүм жети көчкөн журттай калды,
Өтөмүн андайларды карабастан.

Жек көрдүм намыссызды калп сүйлөгөн,
Басалбай туура жолдо ийрендеген.
Атылган октой тийдим арамзага,—
Акырын сылап-сыйпап үйрөнбөгөм.

Андыктан кээ бирөөлөр сүйбөйт мени,
Жалакай сүйбөгөндөй иштегенди.
Чүйрүшсүн мурундарын, сөксүн мейли,
Чындыктан өйдө көрбөйм эч нерсени.

Чындыктын досу сенсиң, эй жүрөгүм,
Ар дайым чындык үчүн элжиредиң.
Мен өзүм сенин күчтүү эркиндемин,
Андыктан тартынбастан чын сүйлөдүм.

## ӨЧ АЛГАМ

Кыйналбадым ачтыктан,
Кемибедим аштыктан,—
Менде жок эми эч арман,
Кедейликтен өч алгам!

Кыл торко жонго кийгеним,
„Победа" жолго мингеним,
Жок да менде эч арман,
Жокчулуктан өч алгам!

Отурсам үйдө ыр жазам,
Сапарга чыксам ырдасам,
Калбайт да менде эч арман,
Кайгы-муңдан өч алгам!

# МЕКЕН ЖАНА ЭМГЕК

☆

## УКРАИНАГА

Согушкам дөңсөө Донбасс талаасында,
Дем алгам Запорожье абасында.
Окшошсуң, о бир тууган Украина,
Чүйүмө, Ферганама, Таласыма.

Даңкы чоң Киевиңди, Одессаңды
Сүйөмүн сүйгөн өңдүү өз шаарымды.
Көп жүргөм, эчен жолу аралагам
Гүл жыттуу, булбул куштуу бактарыңды.

Щорс баскан көп жолдорду өткөм басып,
Ийниме айбаты зор мылтык асып.
Өткөмүн Днепрден, Днестрден
Жатканда кан аралаш көбүк чачып.

Кобзарын Шевченконун окугам мен,
Сөздөрү кетмек эмес жүрөгүмдөн.
Колхозчу Оксананын созгон ырын
Сүйөмүн өз ырымдай, жакшы көрөм...

Жаңыртсын бүт дүйнөнү достук ырлар,
Ыр менен желпинишсин биздин туулар!
Бактысы күндөй жарык жан экемин
Орустай, украиндай тууганы бар.

Согушкам дөңсөө Донбасс талаасында,
Дем алгам Запорожье абасында.
Окшошсуң, о бир тууган Украина!
Чүйүмө, Ферганама, Таласыма.

## ТОСКООЛДУН ЖЭЭГИНДЕ

Абыке, капа кыласың:
— Жүр,—дейсиң да, турасың.

Токтой турчу, шаштырбай,
Бара турчу, азгырбай.

Мен туулган жер ушул,
Мени тууган эл ушул.

Бир аз карап турайын,
Улардын үнүн угайын.

Аба жутуп алайын,
Суудан ичип канайын.

Жулуп жегем көбүргөн,
Тетиги беттен көрүнгөн.

Көпөлөк кармап гүлүнөн,
Жылаңайлак жүгүргөм.

Карагат бышкан капталдан
Кой айдап, козу кайтаргам.

Балык кармап көлүнөн,
Ышкын тергем төрүнөн.

Алчасын көрүп кызыккам,
Жаңгагына көп чыккам.

Тетиги кырды кырдагам,
Чоор тарткам, ырдагам:

Туулган жерде жүрүүдөн,
Көңүл ачып күлүүдөн

Артык нерсе бар бекен?
Кайда жыргал буга тең?!

Кетүү оңой келүүдөн,
Жашоо кыйын өлүүдөн.

## „ЖЕҢИШ"

Ашхабад шаарында бир көчө бар аты „Жеңиш"!
Ар кимге сонун ал көчөнү барып көрүш.

Жалтырайт кенен, түптүз, таза сырдагандай,
Токтолбой көргөн акын ырдагандай.

Бир жашар быйыл ошол көчө шаңдуу кандай,
Эл толо, ыр, күү, чын жеңиштин майрамындай!

Илгери анда бар болчу эң чоң бархан,
Жатуучу эле барын басып болуп дархан.

Ышкырып шамал чөлдүн кумун ызылдаткан,
Ошондо бархан кирген төөдөй чөгүп жаткан.

Бархан жок бүгүн—„Жеңиш" көчө жалтыраган!
Карачы кандай балбан, баатыр биздин заман!

Экскаваторчу Сергей менен сүйлөштүм мен:
Ашхабад—шаарга ал эр жигит Дондон келген.

Барханды Сергей чоң колоттой чөмүч менен
Ыргыткан сузуп, тазалаган, тегиздеген.

Таптаган ордун бульдозерлор, скреперлер,
Таш төшөп анан асфальттаган жумушчу эрлер.

Барханды жеңген баатыр эрлер той тойлогон,
Көчөнүн ошол „Жеңиш" дешип атын койгон!

Жалтырайт „Жеңиш" биздин ойдой түптүз, кенен!
Дайрадай канал бой сынашат аны менен.

Җаркырайт „Жеңиш" чоң жеңиштин элесиндей!
Чубалып узун бак жолунун дал өзүндөй!

## АМУ-ДАРЫЯ

Аралап Хорезимди аккан дарыя,
Кандырып аккан жерин баккан дарыя.
Уратып жардын боорун, тоону бузуп,
Бозоруп чопо болуп жаткан дарыя.

Агызып нечен шаарды кеткен дарыя,
Көп жерге кылчайбастан өткөн дарыя.
Баш ийбей далай кылым далай элге,
Аралга жетип төөдөй чөккөн дарыя.

Аталдың „Жинди суу" деп нечен кылым,
Көп элге ачылбаган жабык сырың.
Агыздың, жайпап кеттиң далай жерди,
Айтылат жомоктолуп сенин чырың.

Өжөрсүң, тентек суусуң, азоосуң сен,
Ордуңда бүгүн аккан жоксуң эртең.
Чубалжып башың Алай, учуң Арал,
Сулуусуң боюң узун, кулачың кең.

Өзүңө ашык болду биздин заман,
Ай, күндөн ширеткендей жаркыраган.
Бурабыз эми сени Кара-Кумга,
Суу көрбөй, күнгө күйүп какыраган.

Чаңкаган эрме чөлдү кандырасың,
Көгөртүп, мурун жокту бар кыласың.
Боюңа нечен калаа курабыз биз,
Күчүңдөн үйгө чырак жандырасың.

Бак өсөт, пахта чыгат, жүзүм бышат,
Багына үйүр алып куштар учат.
Чөмүлүп жеткинчектер оюн курат,
Агасың сен ошондо көңүлүң шат!

## КАРА ТОО

Өйүзүндө Үргенчтин
Күнгө күйгөн тоо турат.
Берип жатат ал кенчин,
Аска кулап быркырап.

Ал Кара тоо бүгүн бар,
Эртең болбойт ордунда:
Эшилип түшөт бийик жар,
Карап турган сонун да!

Экскаватор миңдеген
Казып жатат ал тоону,
Киши басып жүрбөгөн
Көк тиреген зоолорду.

Кулатышып жатышат,
Майдалашат казганын.
Курулушка ташышат
Топурагын, таштарын.

Жолго төшөйт аларды,
Үй тургузат алардан.
Керек кылат эл аны, —
Ал чон тоону карарган.

Цемент жасайт ташынан,
Бетон жасайт эң бекем.
Баржалар көп ташыган,
Бири жүз миң төөгө тең.

Ташып жатат тоону бүт
Курулуп жаткан каналга.
Ишке ашты мына зор үмүт
Биз жашаган заманда.

Чоң Кара тоо бүгүн бар,
Эртең болбойт орунда:
Жүк көтөргүч крандар
Иштеп турса сонун да!

Пайдасыз көп тоолорду
Керегине жараткан,
Биздин элдей болобу,
Тынбай алга бараткан!

Быркырай бер, Кара тоо,
Жыргалы үчүн баланын.
Биз курабыз, ой ошо,
Кара-Кумдун каналын.

## ЗЕМСНАРЯД

Үч кабат үйдөй болгон кеме турат,
Башкача, ал жердеги эл көрбөгөн.
Кызыгып Үргенч ага көңүл бурат,
Ал сурайт: „Бул укмуш үй кайдан келген?“

Жулунуп Аму-Дарыя өжөрлөнөт,
„Кемени“ урган менен козгой албай.
Бир түрдүү ызаланат, кайра көнөт,
Мелдешип, күч сынашып, утулгандай.

Тоготпой эч нерсени земснаряд,
Түбөлүк орногондой сууда турат.
Бирок ал командирдин сөзүн угат,
Буйрукка жоокер мисал моюн сунат.

Оп тартат казып жерди ал өзүнө,
Тынымсыз топуракты суга жубат.
Көрөсүң, ишенбейсиң өз көзүңө,
Жуурулган топурактар кайра чыгат.

Жер казат, дамбы жасайт, канал курат,
Бир өзү он миң эрдин ишин кылат.
Чаң да жок, уктагандай жер тунжурап,
Таң калып бүт айлана карап турат.

Келиптир укмуш кеме Волга-Дондон,
Айланып далай узак жолдор басып.
Белгилүү земснаряд атак конгон,
Волгадан Донго чейин канал казып.

Партия милдет таккан эми буга:
Келишкен канал жасайт Кара-Кумга.
Кандырат Кара-Кумду тунук сууга,
Көгөрөт көрбөгөн жер сууну мурда.

Тоготпой эч нерсени земснаряд,
Түбөлүк орногондой сууда турат.
Бирок ал командирдин сөзүн угат,
Буйрукка жоокер мисал моюн сунат.

## БУЛЬДОЗЕР

Кебетеси трактордой,
Көрүнүшү андан чоңдой!..
Тумшугунда калкан темир,
Тоо кезиксе омкоргондой!..

Зор бульдозер турат кырда,
Айбатынан коркот жылга.
Дүп-дүп этет күчтүү мотор,
Бүт айлана тунат ырга.

Дөбө болуп шагыл турат,
Бульдозер түз ага барат.
Көк букадай сүзүп кирет,
Ортосунан бөлүп салат.

Бульдозерчу Берди түркмөн,
Ташаузда турган көптөн.
Алпурушкан шамал менен,
Мындай сонун ал көрбөстөн.

Арман кылып айтат түркмөн:
— Бульдозерду эчак билсем,
Кара-Кумга суу чыгарып
Эчак канал казат элем.

Көп ыракмат орус элге! —
Билим берди билбегенге,
Ал миңгизди бульдозерду
Ат көрбөгөн мендейлерге.

Айтып муну Берди түркмөн,
Ишине чыгат таң эртеңден.
Бульдозеру үн чыгарат
Кум, саксаул— дөбөлөрдөн.

Саксаулдар туралышпай,
Жулунушат шыбактардай.
Дөбөлөр да миң сөгүлөт
Тигиши көп курактардай.

Ач бөрүдөй ыркыраган
Шамалды да тоготпойт ал.—
Чоң бульдозер ыр ырдаган
Кара-Кумдун каналынан.

„Мен окуймун, окуп, анан
Бульдозерду жасай турган
Бир инженер боломун“—дейт
Ал Бердинин уулу Курбан.

Кебетеси трактордой,
Көрүнүшү андан чоңдой!..
Тумшугунда калкан темир,
Тоо кезиксе омкоргондой!..

Зор бульдозер зор каналда
Тоскоолдорду бузат анда.
Бардык чепти бузабыз биз
Бульдозердой кубат барда.

## ЭНЕРГОПОЕЗД

Энергопоезд

Ташауз шаары жаркырайт,
Күндүзгүдөй түнү да.
Асфальт жолдор жалтырайт,
Артык көркөм түрү да.

Ары-бери эл өтөт,
Ошол жерде турагы.
Жолду даана көрсөтөт
Электордун чырагы.

Мен жолуктум көчөдө
Сүйрү баш кара балага.
Билбейм жашы нечеде,
Карайт жал-жал ал мага.

Мен сурадым: „чоң жигит,
Иштейт атаң кай жерде?"
Токтолбостон бир мүнөт
Ал мага жооп бергенде...

Жарк дей түштү ирени
Күн үйү эшик ачкандай!
Көрүндү жакшы тилеги,
Электор жарык чачкандай:

„Энергопоезд бар мында,
Атам анда диспетчер!
Агай, көрчү, бир жылда
Шаар болду биздин жер!

Энергопоезд калаага
Жарык берет, нур төгөт.
Атам анда барына
Эрикпестен ток бөлөт.

Энергопоезд эң сонун,
Москва бизге жиберген.
Жарык көрдү Кара-Кум,
Кеч киргендей түнөргөн.

Мен окусам, чоңойсом,
Диспетчер болсом атамдай,
Бүт дүйнөнү бүт бойдон
Электор таңы аткандай

Жарык кылуу тилегим,
Ишке ашат тилек, билемин.
Көрүп турам, кубөмүн,
Ишенет буга жүрөгүм".

Энергопоезд жаркырайт
Тилегиндей баланын.
Электр чырак жалтылдайт,
Жылдызындай калаанын.

## ПАРОМ

Өткөмүн паром менен көп суулардан,
Кубандан, Днепрден, чоң Дунайдан.
Өткөмүн жоо огуна каршы жылып,
Коркууну унуттурган кандуу майдан.

Өткөмүн айсыз бүркөк түн ичинде,
Өткөмүн эң көп жолу таң сүргөндө,
Паромго түшөр менен „жеңдик!“—дегем,
Ал жеңиш турган өңдүү чөнтөгүмдө.

Чын эле паром менен өткөн сайын,
Тапчу элек баатырсынган жоонун жайын.
Ошондо көнүп калган көрүнөмүн,
Караймын аркы четин дарыянын.

Паромго бүгүн дагы Кызкеттиде,*
Эл менен, түштүм келип саат экиде
Бирок да согушу жок тынчтык кезде,
Жоо эмес, пахтакерлер өйүзүмдө.

Антсе да көңүлүмдө башка сезим,
Тикиет эмнегедир эки көзүм.
Ойлоймун паром жылып бара жатса
Жеңишке биз умтулган согуш кезин.

Жанымда кары түркмөн көз ирмебей,
Оюмда не бардыгын түшүнгөндөй,
Карайт ал, ондоп коюп чоң папагын,
Өзүнчө сөз айткансыйт төмөнкүдөй:

---

**Кызкетти* — Аму-Дарыянын жээгиндеги чоң пристандын аты.

„Паромго бекер чыккан жокпуз, уулум,
Көп иш бар өйүзүндө Жинди суунун*—
Кучсүз деп эч бир жоодон ойлой көрбө,
Айтылуу Азиянын Кара-Кумун.

Сезе бер алды жакта жоо тургандай,
Ок өткүс бекем чепте олтургандай.
Кара-Кум жаман көнгөн өкүм сүрүп,
Көп кылым далай жерге чөп чыгарбай.

Барабыз Кара-Кумга согушууга,
Бул паром алып барат чоң чабуулга.
Бошотуп селдей аккан кумдан жерди,
Багабыз, кандырабыз таза сууга.

Жыла бер, алга карай токтолбостон,
Жеңишти көздөй жылып көнгөн паром,
Барабыз сени менен зор жеңишке,
Жеңиштин жеңиштерин көргөн паром!

---

* Түркмөндөр Аму-Дарыяны Жейхун дешет арапча, кыргызча которсо „Жинди суу“ болот).

## ГҮЛДӨМӨК БОЛДУ

Кубан, кубан, Кара-Кум!
Суу баратат аркырап.
Өңүнө чыгат окшодуң
Таң сүргөндөй жаркырап.

Күл, жаркыра, Кара-Кум!
Аму-Дарыя баратат.
Коммунисттин иши бул:
Жансызга жан жаратат.

Суу ордуна агып кум,
Бозоруп жаткан чөл элең.
Советтердин ишинен
Гүлдөмөк болдуң эми сен.

Жылаңач жатсаң сен мурун,
Оронмок болдуң жашылга.
Жутасың суудай бак нурун,
Керекке жарайт ташың да.

Көңүлсүз жатсаң зарыга,
Тамашага тунасың.
Куштар сайрап шагында,
Мукам үнүн угасың.

Пайдасыз жатсаң көп кылым,
Пайдалуу жер болдуң сен.
Бизге дайын бар сырың,
Жемиш баксың сен эртең.

Келиндер терет козону,
Эмгек кайнап күзүндө.
Күзөгөн менен ошону,
Көрбөгөн элең түшүңдө.

Эмгекчил эл өзгөртөт,
Токой тигип, жүзүңдү.
Сеңсел чач сулуу кыз терет
Сенде бышкан жүзүмдү.

Таалай нуру жымыят,
Бул кездин жок арманы.
Бактысы чоң эл жыят
Багыңда бышкан алманы.

Кум баскан бетиң жаңырат,
Кулпунтуп гүлдү жамынат.
Имараттар салынат,
Ильичтин шамы жагылат.

Коммунизм жайынын
Бири сенсиң, Кара-Кум.
Жемиши бышчу жыргалдын
Жери экенсиң, Кара-Кум.

Тамчы суу жок, учуп кум,
Бозоруп жаткан чөл элең.
Советтердин ишинен
Гүлдөмөк болдуң эми сен.

## КОЧКОР-АТА

Бир жыл мурун деңиз эле кум аккан,
Эркин жортуп шамал гана ышкырган,
Баскан эмес бул орунда жалгыз жан,
Өчү бардай күнү жерди сызгырган.

Быйыл мына, кандай сонун керемет,
Башка жактан чоң шаар көчүп келгендей...
Көчө толо, той күнкүдөй көрүнөт,
Жүргөндөр шат кармашканын жеңгендей.

Кабат-кабат имараттар заңкаят,
Таң атарда өнүп чыга калгандай.
Кетип кайра келген адам таң калат,
Эл ал жокто бир күндө шаар салгандай.

Турган өңдүү күнү батпай, кеч кирбей,
Көчө толо эли жүрөт жайнаган.
Түнү жарык жайкы чак түш мезгилдей,
Электрик бүткүл шаардан жай алган.

Тазаланган чопо суусу коктунун
Ар бир үйдө чорголордон куюлат.
Ал чоргого сергип тосуп моюнун
Салкын суюга жеткинчектер жубунат.

Көчө бойлоп өсүп турат дарактар,
Бары кырчын, бардыгы жаш балаты.
Гудок эң көп чаңырышат, салат жар,
Жаш калаанын жаңы бүткөн канаты.

„Победа“ лар ары-бери жарышат,
Суусамырдын койлорундай көптүгү.
Жүргөн элдин бары куунак, бары шат,
Көздөр жанат жылдыздардай көктөгү.

Мектеп турат ак сарайдай көрүнүп,
Балдар барат китептерин колтуктап.
Ак жүзүнө бакыт нуру төгүлүп,
Мугалими сүйгүнчүгүн окутат.

Эшигинде чоң клубдун боз улан,
Колтугунда сүйгөн сулуу жалжалы.
Эмгек жигит, бакыт нур кыз кошулган,
Мындай күндө жаштардын жок арманы!

Бул айтылган Кочкор-Ата калаасы
Партиянын эрки менен курулган.
Бүт элинин оюу менен санаасы
Коммунизм чоң жолуна бурулган.

Бир жыл мурун деңиз эле кум аккан,
Эркин жортуп шамал гана ышкырган.
Баскан эмес бул ордунда жалгыз жан,
Өчү бардай күнү жерди сызгырган.

Кочкор-Ата жаңы калаа жаркыган,
Жаңы туулган жаш бөбөктөй көрүнөт.
Энесиндей мээрин чачып асмандан
Күн күлүңдөйт, күмүш нуру төгүлөт.

## АЙТИЕВ ГАПАРГА

Ырдабайт белем элиме,—
Сөздүн кени мендеги
Барабар келсе теңине
Боёктордун сендеги!

Сайрабайт белем булбулдай,
Көрсө мурун жүрөгүм:
Кулпурган күндүн нурундай
Сүрөтүңдүн түрлөрүн!

## МОЛДОГАЗЫ ТОКОБАЕВГА

Куттуу болсун элүү жаш,
Акын үчүн бул эң аз!
Калемиң бар кажыбас,
Ырга минип алга бас.—

Баатырсың, Моке, жашыңдан,
Бассаң да көп жол талыбас.
Ылдый баспа, өйдө бас,
Бери баспа, ары бас!

Мүнөтүң бекер өтпөсүн,
Бош өткөн мүнөт табылбас:
Жазгын жаңы ырларды
Миң жыл өтсө карыбас!

## ЖЕТЕТ КҮЧҮМ

Энеден туулгамын иштөө үчүн,
Иштөөгө өлмөйүнчө жетет күчүм.
Мекенге ишим жакса, актар белем
Эненин балдан артык эмчек сүтүн?

Ырларым, дастандарым—менин ишим,
Ишимди ойлогондо, менин ичим
Элжирейт бир башкача, анан кайра
Ачышат көргөн өңдүү бычак мизин.

Коркомун эл алдында уялуудан,
Корккондой коркок жоого кол салуудан.
Мен акын, „Онегин" дей бир чоң дастан
Жазууну өмүр бою тилек кылган.

Тилегим акыр бир күн орундалар,
Болбосо, таамай серппей мүчүп калар.
Калемим, саймалай бер кагаз бетин,
Ыр калар кыргыз созуп обон салар.

Чырагым, таң атканча өчпөй жангын,
Көрөсүң канаттуу үн талпынганын.
Ырларым, учкун бийик, учкун алыс,
Замандын тунжурунан калышпагын.

Энеден туулганмын иштөө үчүн,
Иштөөгө өлмөйүнчө жетет күчүм.
Мекенди мактай, мактай актаймын мен
Эненин балдан артык эмчек сүтүн!

## АКЫН СӨЗҮ

Мончок сулуу көрүнбөс,
Мөлтүрөп жипке тизилбей,
Күмүш чачтай өрүлбөс,
Ничкертип зергер, кичирбей.
Акын—чебер зергердей,
Ыры—зергер ишиндей!

Так салат ал көңүлгө
Кумурсканын изиндей.
Сулуулук турса өңүндө
Филигрань* жүзүндөй,
Ар бир сөзү ырынын
Учкуну күн нурунун!

---

* *Филигрань*—күмүштөн же алтындан атайын коздук үчүн жасалган буюм.

* *
*

Уйкудан кечип ыр жаздым,
Ыр жазбадым, чыр жаздым.
Токсон тогуз көчүрдүм,
Токсон жолу өчүрдүм.
Бир китеп болсо калганы:
Акындын жок арманы!

* *
*

Жакын калды таңга да
Олтурамын жатпастан.
Кыстоо тура жанга да
Кыйналсаң бир сөз таппастан.

Ылайыктуу сөзүм жок,
Издеймин да чайналам.
Ал сөз жанган шамга окшоп,
Көпөлөктөй айланам.

Бир ой келип көңүлгө,
Мен ошого байланам.
Ал ойду жазып көрүүгө
Каламымды кайра алам.

## КАЛАМГА

Канаты бар куш учат
Капкагы жок асманга.
Такасы бар тулпарга
Таш кеп эмес басканга.

Канатым сенсиң учууга,
Кайратым сенсиң басууга.
Сени менен адашпайм
Кар жаткан жолсуз ашууда.

## СЫН

Сын жат эмес акындан,
Коркпогонмун мен сындан.—
Жасалган гүл кагаздан
Корксо болот жамгырдан.

Анык гүлдөр жамгырдан
Оокаттанат кайрадан.
Чын акын өтөт сындардан
Өткөндөй сүзүп дайрадан.

## МУХАББАТ ЫРЛАРЫ

☆

### СҮЙҮҮ ДЕГЕН КАНДАЙ СӨЗ

—„Жакын“ деген сөз кандай?
— Эки жүрөк жанашат,
Таң жаңыдан аткандай,
Бирин бири карашат.

—„Ынак“ деген сөз эмне?
— Эки көңүл табышат,
Сый табылбайт берүүгө,
Көрсө—күйүп, жанышат.

—„Сүйүү“ деген кандай сөз,
Айтчы, билсең, жалын жаш?
— Эки жүрөк бөлүнбөс,
Өмүр бою карыбас!

Жаккан өндүү чырагдан
Жарык жолу өмүрдүн,
Көрүнүүчү ыраактан
Кубанычы көңүлдүн!

Ынтымак, достук, сый урмат,
Жакшылыктан жаңылбас,
Өмүрдүк үлпөт, жүрүү шат,
Оңой менен табылбас.

Үмүт үзбөй жеңиштен,
Бир болууга көнүшкөн,
Таалай суусун ичип тең,
Кайгыны тең бөлүшкөн.—

Иште бирге жардамдаш,
Ою бирге көңүлдөш,
Сапары бир кадамдаш,—
Ал бир бакыт төгүлбөс!

Мына сүйүү кандай сөз,
Жарыгы жазгы таңдай сөз.
Таттуулугу балдай сөз,
Кымбаттыгы жандай сөз!

Теңтуштар үчүн башкача
Бийик жана кыйык сөз,
Булак суудай таптаза
Кол тийгис асыл, ыйык сөз!

## ЫСЫК-КӨЛДӨ МАЙ ТҮНҮ

Кыз, боз улан кайыкчан
Аралашып иңирге,
Ысык-Көлдө жарышсаң,
Май түнү жакпайт кимиңе?

Сүйлөшкөн сөз угулбай,
Сергип боюң баратсаң!
Көктөн тиктеп сулуу ай,
Күмүш нурун талашсаң!

Сеңселткен саамай чачтарын
Бураң бел кыздай ак кайың
Жарашыгын жаштардын
Эңкейип карап атайын,

Көрүнсө жардын башынан,
Көңүлдө калбай арманың,
Сылагың келер чачынан
Жаныңдагы жалжалдын!

## КАЙСЫН КУЛИЕВДАН

Кеч курун тышка чыгып тизе бүгөм
Сен сүйгөн, сени тууган бийик тоого.
Таң эртең тышка чыгып башымды ием
Сен баскан кыз чагыңда даңгыр жолго.
Кайталап алкыш айтам күндө-күндө
Бешикке сени бөлөп баккан колго.
Мен дагы сүйүп карайм жарык түндө
Жылдызды, сен кызыгып карап өскөн.
Зор алкыш сен бет жууган тоо суусуна,
Атак-даңк ушул жерге сени өстүргөн!
Сергиткен гүл боюңду салкын түнгө,
Дүйнөгө сени берген жашыл төргө
Жүрөктөн алкыш айтып башымды ием,
Жүрөктөн ыразылык ырын чием.

## ФРОНТКО КАТ

*(Уйгундан)*

Сагындым депсиң, жаш жигит, —
Жалжылдаган көзүмдү,
Кош мөмө бышкан төшүмдү,
Шербеттен ширин сөзүмдү.
Көргүң келсе көзүмдү:
Көк жылдызын карагын.
Көргүң келсе төшүмдү:
Көргүн бактын анарын.
Көргүң келсе жүзүмдү:
Жоогазын гүлү ал өзү.
Көргүң келсе тишимди:
Зергердин чапкан күмүшү.
Көргүң келсе өзүмдү:
Жоо канын суудай төгүп кел,
Жазасын катуу берип кел,
Биротоло жеңип кел!

# БИР ШИЛТЕМДЕР

☆

* * *

Жайкы күндүн нурундай
Же жаңы ачылган гүл окшоп
Жаркылдап турчу бурулбай,—
Жаш күнүңө мен орток.

* * *

Өткөн жаштык — өчкөн от,
Өкүнсөң бирөө береби?
Калган көңүл—качкан куш,
Кайгырсаң кайтып келеби?

* * *

Көзүң күйгөн шамчырак,
Жандырган оту барчылдап
Тынчын алат жүрөктүн,
Заматта токсон азгырат...

* * *

Күндөй бетиң нур чачат,
Күлүп койсоң түн качат!
Сумсайыңкы карасаң
Мен байкушту сур басат.

Суусасам мейли, кара каш,
Сенин демиң кымыздай!
Муздасам мейли, жалын жаш,
„Жаным сен“ десең угузбай:

* * *

Жылынамын сөзүңө,—
Сенин сөзүң отко тең!
Башынды кой төшүмө,
Ыразымын өрттөсөң!

* * *

Караба, сулуу, күзгүндү,
Көрөрсүң араң жүзүңдү,
Жүрөгүнөн акындын
Издеп кара өзүңдү.

* * *

Таң атса деп кыйналам,
Таң чолпону сен белең!—
Талашта жатка кыйбаган
Таалайым менен тең белең!?

* * *

Уйкудан кечип ойлодум,
Ойлоп ойго тойбодум.
Кур дегенде сый кылып
Кубантып карап койбодуң.

Сүткө чайкап койгондой
Этиң аппак мынчалык.
Күн менен дос болгондой
Бетиң аппак нур чалып.
Кара жибек чачыңды
Алгым келет курчанып!

* * *

Жаздын көркү жоогасындай көрүнүп,
Жүрөгүмдү мыжыгасың, эзесиң.
Түштө тийген күн нурундай төгүлүп
Маңдайымда качан болор экенсиң?!

* * *

Түн болсо: сен болсоң да, мен болсом,
Ортодо жайнап турса дасторкон,
Күндүзгү зор эмгекти ойлонсом
Күн нурун гүл жүзүңө орноткон!

Түн болсо: сен болсоң да, мен болсом,
Ортодо шарап турса сен койгон,
Бир ырды арнап сага ойлосом,
Ошол түн кызык болмок чоң тойдон!

Түн болсо: сен болсоң да, мен болсом,
Ортодо эки жүрөк өбүшсө,
Түбөлүк биригүүнү ойлосом,
Мейли эле ушакчылар көрүшсө!..

* * *

Сайра, сайра, чөл торгою!
Мынча көпкөк суунун бою!
Алыстагы сүйгөнүңдө
Анда турган кыздын ою!

Сен өзүң жүрөк ынагы,
Ойлодум түндө уктабай,
Жай алып көңүл тынабы
Жайлоонун гүлүн жыттабай!?

* * *

Ичкеним жок аракты,
Бүгүн кечке масмын мен.
Көргөнүм жок шарапты,
Анан неге теңселем?

Билдим, билдим, дилбарым,
Бары сенин өзүңдөн:
Ичтим жыргал шарабын
Угуту бар көзүңдөн!

* * *

Булбулдай мени сайраткан
Буралган гүлдөй Майрамкан.
Качырдың таттуу уйкумду,
Кетирдиң менин тынчымды,
Келдиң эле кай жактан?!

Ар качан көрсөм тамшанткан
Анардай сулуу Майрамкан!
Көктөгү нурдуу күн белең,
Кол тийгис көркөм түр белең
Көргөндүн көзүн жайнаткан?!

* * *

Сен сулуу гүл бактагы
Көз уялтып жайнаган,—
Мен бир булбул шактагы
Көңүл ачып сайраган.

Сен жылдызы асмандын
Күлүндөгөн, жаркыган,—
Мен бүркүтү асканын
Жетүү үчүн талпынган.

Сен жайкы жел жол тарткан
Ырдап бир сөз айтпастан,—
Мен ашыгың көз арткан,
Ыр тыңшаган жатпастан.

Сен жалыны жүрөктүн
Көрүнбөстөн ысыткан.—
Мен сүйгөнү чүрөктүн
Көрбөй туруп кызыккан.

Сен алтын нур төгүлгөн,
Кармай албай кубарам.
Төлөнөбү көңүлдөн
Менин тарткан убарам?

* * *

Көгөрүп, анан ак болгом,
Күнгө күйүп как болгом.
Койдон момун жан элем
Көптү көрүп сак болгом.

* * *

Мынакей, күз да келди чачып алтын,
Кем эмес жаздан, жайдан нурдуу жаркын.
Жарашып кыз-келиндер терсе пахта
Бул күздүн бир караган билет баркын!

* * *

Жаша, сүйгөн мекеним!
Мен бактылуу экемин.—
Керек болсом мен сага
Мен садага кетемин!

# КЕМТИК

☆

## БИР КОЛХОЗ БАШЧЫГА

Мактанасың башкарма:
Планадан ашык беш кой деп.
Жарабай калдың басканга
Өзүң күндө үч кой жеп.

Экөөнү саттың аракка,
Бирин сойдуң „конокко".
Башканын оюн жаратпа,
Сынаганды тоготпо.

Мен айтайын, кулак сал:
Эки жүз түтүн колхоздо
Койдун саны миң араң
Быйылкы төлдү кошкондо.

Коюнча жок бир гана
Илгерки орто чарбанын,
Чынын айтсаң, башкарма,
Кайда каттың калганын?

Семизин бөлүп бир жакка,
Арык мал алып коштурдуң.
Дос, тууганга, жан-жакка
Бирден берип тоздурдуң.

Эгиз тууган жүз койдун
Жарым төлүн каттырдың.
Жеген менен тойбодуң,
Анжиян айдап саттырдың.

Өлгөнүңө аш бердиң,
Сойгон жылкың кимдики?
„Уят болор дебедиң —
Меники эмес, миңдики?" —

Ынтыгып араң жүрөсүң,
Кашкулактай семирдиң.
Жакшы эмесин деги өзүң
Ойлонуудан эриндиң.

Эптеп тойсо колхозчу,
Эт үзүлбөйт үйүңдөн.
Жеп бүтүрдүң колхозду
Укук алдың сен кимден?

Суктанат сага колхозчу,
Килемден жүз бар үйүңдө.
Сатып бүгтүң колхозду,
Кордугун тартпа түбүңдө?

Иш ордунда, башкарма,
Мактана бер, жүрө бер.
Сен кышылдап басканда
Көтөрсө болду кара жер.

Жегениңди санаба,
Сынаганды тоготпо.
Арт жагыңды караба,
Жаныңа чындык жолотпо.

Айыбыңды ачканды
Жоготууга тырышкын,
Бары бир күнүң аз калды,
Учуна чыктың ырыстын.

Кой десе болбой чачасың
Колхозчу иштеп тапканды...
Чыны бир күн басасың
Чындык аттуу капканды.

## УЯЛАМ

Окууда жүрүп сүйлөшкөн,
Ойлогон максат бир дешкен.
Сабактан чыга калышып
Бир бирин сурап издешкен;

Башкадан сырын жашырган
Биз элек сырдаш башынан.
Жалындан ысык жар болдук
Кошулган бирге жашынан.

Алдагы болчу балага,
Ат коюп тарттык убара.
Өлгөнчө бирге болушмак
Экөөбүз кылган убада.

Ойрону түшкөн убада
Оюңда жүрдү аз гана.
Ар ндан таанып калыпсың
Аскерден келсем мен кайра.

Тебишип шапар, таанышкан,
Киного бирге барышкан,
Жеткирип келип, кеталбай,
Оттой күйүп жанышкан.

Жаңырган айдай сонунум,
Чын айтчы: канча „оорудуң?“
Өнөкөт кылдың абортту,
Жарайбы ушул жоругуң?

Канаке сенин убадаң
Убада сөздө турбаган?
Өзүңдү жар деп жүрүпмүн,
Ойлонуп эми уялам.

## МОЮНГА АЛУУ

Түшөсүңөр, барсаңар кимдикине?
Биздин кыштак Бозбунун этегинде,
„Өрдөш“ аттуу укмуш бай чоң колхоз бар.
Ую жеткен бир миңге, кой он миңге.

Малдан дагы өрчүгөн дыйканчылык,
Издегенге „Өрдөш“ тө жыргалчылык.
Атыр жыты аңкыган бакчасына
Кирүү кыйын бир түрдүү ыйба кылып.

Чылбыр таштап дөрбөлжүн оюгундай,
Дарбыз, коону өтөктүн корумундай.
Жалбырагы анжирдин суктандырат
Сулуу кыздын салынган жоолугундай.

Анары бар бетиндей тоо кызынын,
Жүзүмдөрү мөлтүрөп чын сулуунун
Шурусундай көрүнөт тизип койгон,
Анын бары эмгеги колхозчунун.

Бир чоң үй бар ошондо—ээси Нурбай,
Нурбай болсо башкарма он беш жылдай.
Кайрыла кет, жолоочу, ошол үйгө,
Ал чоң үйдүн жомогу мына мындай;

Байбичеси Нурбайдын нарктуу Жаңыл,
Жаңыл, Нурбай бир турат дал отуз жыл.
Арзып жүрүп Жаңылга кошуларда
Нурбай эле жалбарып берген антын.

„Бул сүйүүнү өмүрдө бир унутпай
Жүрөгүмө сактаймын түшкөн куттай.
Олтурамын жанында картайганда,
Кыроо баскан чачыңдан жыттай-жыттай.

Өлгүчөктү башканы карабаймын,
Сенден өйдө эч кимди санабаймын.
Сени менен гүл терип бирге жыттап,
Сени менен бир бакты аралаймын.“

Чынында да отуз жыл туруп бирге,
Карабады көз артып түк эч кимге.
Жаңыл болсо үй ичин кураштырды,
Улаштырып тапкандын бирин миңге.

Айдай үч кыз, үч эркек тапты Жаңыл,
Кир жугузбай бапестеп бакты Жаңыл.
Кыздарымдын себи деп терип-тепчип,
Килем токуп, жүгүнө жапты Жаңыл.

Теңтуштарын Нурбайдын урмат кылды,
Малдан мурун Нурбайга дос-жар жыйды.
Айткан сөзүн өтүмдүү кылган үчүн
Нурбай дагы достордон көрдү сыйды,

„Семиздикти бир гана кой көтөрөт“,
Макалды бул жаш кезде угар элек.
Бул сөз анча туура эмес болсо дагы
Нурбай үчүн туура деп айткым келет.

Айыл-апа „карыганда көптү—дешет—
Жаш жигитче түн катып жүрүп нетет.
Байбичесин, балдарын таштап коюп,
Боз баладай токтобой желип кетет.“

Дайын эле „Өрдөш“ тө келин Гүлкан
Жапжаш туруп он жолу эрден чыккан.
Коңшу туруп эч бирөө байкабаптыр
Башкармага ал сулуу кантип жаккан?

Жүрдү көп күн башкарма үйгө келбей,
Ажыраштым, Жаңылды койдум дебей.
Той жасады Гүлканга үйлөндүм деп,
Мийзам, адат, уятты бүт кенебей.

Сыйдыралбай эч кайда күйгөн жанын,
Ыйлай-ыйлай бул ишке көнду Жаңыл:
Гулкан менен бир нанды бөлүштүрдү,
Бүт калтырып өзүнө кайгы-зарын.

Тегеренди баш маңгып жер көчкөндөй,
Карайлады чолпон көз шам өчкөндөй.
Сезди байкуш бир жолу кеч киргендей,
Биротоло үйүнөн кут кеткендей.

Өлсөмбү деп, таппастан анын эбин,
Кысат бекем бооруна Жеңишбегин.
„Үйдө болсо буга жол бербейт эле...“
Көп ойлонот тун уулу Эришбегин.

Кээде туруп жөн эле албууттанат,
Аркакбегин кубалап уруп калат.
Бөйдөй кууруп кыздарын кагып, силкип,
Кылмышы жок балдардан өчүн алат.

Айдай сулуу Гүлнары ыйлайт кошо:
„Мейли кетсе бир жолу кетсин ошо,
Жылжактаган эмеге барыбызды
Алмашабы чын сүйгөн ата болсо?“

Нурбай болсо „бактылуу“, көңүлү ток,
Гүлнарынын көз жашын көргүсү жок.
Жаңылынын муң-зарын угуу кайда,
Жүрө берет кайдигер кишиге окшоп.

Бир күн келет үйүнө, бир күн кетет
Кээде көп күн Жаңылга тийбейт кезек.
Айыл-апа сөз кылып өздөрүнчө:
„Көрөр көзгө оогону ушул“ дешет.

...Күн артынан күн чубап өтүп жатты,
Ырчы торгой сайрабай жаагын жапты.
Далдактатып учурду күздүн жели
Алтынга окшоп саргайган жалбыракты.

Нурбай көп күн үйүнө келбей калды,
Сегиз жашар Жеңишбек издеп барды:
— Чай ичсин дейт апакем, жүр, ата,—деп
Же олтурбай, же кетпей туруп алды.

Жаш балага Гулкандын кайнап кеги:
— Барбайт бүгүн эч кайда, барбайт,—деди.
— Кандай жаман аялсын жибербеген
Апам үйгө чакырса атакемди.—

Айтып муну Женишбек долуланды,
Ала коюп көсөнү уруп калды,
Чекесинен Гулкандын кан агызып
Бир заматта түшүрдү будуң-чаңды.

Нурбай ыргып ордунан эми турду.
Колдон алып тикийген „кан кускурду"
Кетмен саптай күлтүйгөн чоң колунун
Шапалагын жаагына отургузду.

Боло түшүп Женишбек купкуу өңсүз,
Айтты бир сөз атага бүдөмүксүз:
— Эриш акем аскерден келер бир күн,
Анан сени экөөлөп өлтүрөбүз.

Баласынан бул сөздү угуп Нурбай,
Карап анын жүзүнө эки курдай,
Бирөө башка чапкандай кулап түштү,
Өксүп-өксүп ыйлады, жатты турбай.

Кечке жатты солуктап кыйнап жанын,
Көз алдына келтирди: жигит чагын,
Гүлдөй таза Жаңылдын колун кармап
Башын жөлөп төшүнө ант кылганын.

Көз алдынан өткөрдү үйлүү чагын:
Аркакбегин көтөрүп басат Жаңыл.
Эришбекке карматат анар үзүп,
Аппак назик кол менен ийип шагын.

Көз алдына келтирди эмки кезин:
Жек көрүшөт кыздары атакесин,
Бизди таштап бөлөккө кеттиң дешет,
Нурбай турат билбестен эмне дешин.

Көз жашынан Гүлнардын бир укмуш сел:
„Алып кетчүм,—дегендей,—дал ушул сен!"
Түз Нурбайды бет алып өркөчтөнөт,
Туш келгендин агызып бардыгын тең.

Жеңишбектин тикийген өткүр көзү
Оттой күйүп бет алдын өрттөгөнү
Улам жакын кадалып келе жатат,
Атасынын жүрөгү көздөгөнү.

Жазалоого Жаңылы ант бузганды,
Касиеттүү бүлөнү унутканды
Кош тил найза колуна кармап келет,
Көзүн чукуп Нурбайды курутканы.

Эришбеги кылыччан келе жатат,
Кайда жүрөт атам деп каарын чачат.
Кичинекей эки кыз, Аркакбек бар,
„Өлдү дешип атабыз“ мүрзө казат.

Бирде бары жылмайып жумшарышат,
Кайра бары ачуулу кумсарышат.
Өз баласын жериген чыккынчыны
Жазалабай канткенде куткарышат?

Ушул элде Нурбайдай башка ким бар,
Эриккендер ар күнү көп сөз кылар?—
Келе жатса чандайып, кыз-келиндер:
„Күйөө!“ дешип шылдыңдап күлүп турар?

Ойлоп жатып бир баштан мунун барын
Сезген да жок Гүлкандын жалынганын,
Чоочугандай бир кезде: „Кош бол!“деди,
Билди белем турмушта алданганын?

# ПАХТА

☆

## ТЕРИМЧИ ЖИГИТТИН ЫРЫ

Магнит тартат темирди,
Күн жылытат сеңирди.
Кадыркечи болбосо,
Ким жылытат көңүлдү?

Жоолук болсом башыңа,
Осмо болсом кашыңа!..
Байлап алсаң мейличи
Жүрөгүмдү чачыңа.

Кырмызы шайы этегиң
Козонун көрдү нечени.
Козо мисал сен терген
Кошогуң болор бекемин?

Кылыгың кетпейт оюмдан,
Пахтадан кайтчу жолуңдан
Тосуп туруп кармасам
Теримге шыктуу колуңдан!

Сен—магнит, мен—темир!
Сен — алтын күн, мен — сеңир!
Бирге болсок экөөбүз,
Июлдай ысып октябрь.

Гүлкайыр гүлүн ачкандай,
Жер жүзүн ак гүл жапкандай
Ачылса тегиз пахтабыз,
Тойго бара жаткандай.

Шаттык толуп көңүлгө,
Бүтүрчүдөй бир күндө,
Күйөө, кыздай жарашып
Чыгар белек теримге!

## КҮЛҮНДӨЙТ КӨЗҮҢ

Арасында пахтанын
Амандаштык карындаш.
Болуптурсуң, аппагым,
Көргөн киши тааныбас.

Ай жүзүңө конуп чаң,
Бозоруптур ирениң.—
Өз түспөлүң жашырган
Кызыл гүлдөй илебиң.

Чачтарыңа конуп чаң,
Көрүнөт кыроо түшкөндөй.
Бирок, көрүп калдым таң:
Күлөсүң жайнап, бүркөлбөй.

Күлүндөйт көзүң от жанган,
Күнбү сенин өмүрүң!—
Күн тийгендей шаттанган
Гүлбү сенин көңүлүң!

Сен билесиң бул чаңдын
Сууга жууса кетерин.
Сен билесиң жаш жандын
Самаганга жетерин.

Терем дейсиң козонун
Ачылганын калтырбай.
Сен терген пахта эң сонун,
Баасы кымбат алтындай!

Карындашым, тез тергин,
Тере бергин тартынбай.
Элге кылган эмгегиң
Калбайт жерде, айтылбай.

Ак бетинден кетип чаң,
Ачыласың козодой.
Илебиң, чаңга жашынган,
Тамылжыйт кайра жошодой.

Чачтарың чаңдан арылат,
Кулпунасың калтардай!
Эл алдында күлүп шат,
Эркелейсиң жалтанбай.

## КАРАП ТУРСАҢ

Жийделүү булак көрүнөт,
Жийдеси бышса төгүлөт.
Жийде бурак жыттанган
Жал-жал көздү ким өбөт?

Алмалуу булак көрүнөт,
Алмасы бышса төгүлөт.
Алма жыттуу селкини,
Арман кылбай, ким өбөт?

Сууга келген чагында,
Бирге басып жанында,
Эзилишип сүйлөшпөй,
Жылынбай жаштык жалынга:

Жаш көңүлүн ким ачат?
Жаш кумарын ким жазат?
Жийде бурак кыз жигит
Жанаша басса жарашат!

Алма-бак көркөм жүз эсе:
Арасына эл кирсе,
Алмасын үзүп кыз-улан
Аралашып бир жүрсө!

Булак суу жакшы жүз эсе:
Суу алганы кыз келсе!
Көңүлсүз кызга ал, бирок,
Колунан бозой ичпесе.

Пахтада жакшы миң эсе:
Аралап сулуу кыз терсе!
Асылкеч жары бир жүрсө,
Андан артык эч нерсе, —

Керек эмес жаш жанга,
Жеткенсийт колу асманга.—
Карап тургун кубанып
Эки жаш бирге басканда!

## МОЙМОЛУМ

Чылбырдай кара чачыңа
Чырмалайын, моймолум.
Сени менен пахтага
Бир барайын, моймолум.

Олоңдой кара чачыңа
Оролоюн, моймолум.
Өзүң менен пахтада
Бир болоюн, моймолум!

Мелдешүүгө шаштырып,
Шоктугуңду койбодуң.—
Жал-жал карап азгырып,
Жүрөк менен ойнодуң.

Мен даярмын мелдешке,
Көп терели, моймолум.
Колдон намыс бербеске
Сөз берели, моймолум.

Козолорду ачылган
Көрбөйсүңбү, моймолум.
Кирип тиги башынан
Тербейсиңби, моймолум.

Алкымыңды карасам:
Аппак сүткө жуугандай!
Ага конот бопбоз чаң,
Атайы тосуп тургандай.

Коркуп турбай ал чаңдан,
Тересиң эпчил, моймолум.
Атыр менен самындан
Эмессиң кемчил, моймолум.

Беттериңди карасам:
Кызарат кан тамгандай.
Ага да ушул урпак чаң
Бырыксып конот тайманбай.

Сен коркпойсуң андан да,—
Эндигиң бар, упаң көп!
Бардык оюң пахтаңда,
Ашыгасың терем деп.

Каштарыңды карасам,
Жалтылдашат кундуздай.
Көздөрүңдү карасам,
Күлүңдөшөт жылдыздай.

Чаң болот деп кашыңды,
Тоготпойсуң, моймолум.
Көздөрүңө ал чаңды
Жолотпойсуң, моймолум.

Тентек-Сайдан суу агат,
Тунуктугу башкача.
Чаң болгон каш жубулат,
Болот кайра таптаза.

Агыз маңдай териңди,
Тез терели, моймолум.
Кар түшкөнчө теримди
Бүтүрөлү, моймолум!

## БАЗАР-КОРГОН

Байыркы адыр-чыбыр Базар-Коргон
Пахтанын жарашыктуу жайы болгон.
Акмандын араладым пахталарын,
Агарат гүлкайырдай эгип койгон.

Булбулдар сайрашкандай жайкы бактан
Угулат сонун ырлар туш тараптан.
Жок, алар булбул эмес, келин-кыздар
Жарышып, ырдап пахта терип жаткан.

Сүйүүнүн оту жанат көздөрүнөн,
Эмгектин күүсү чыгат сөздөрүнөн.
Өмүрдүн солбос гүлүн көргөнсүймүн
Козодой жадырашкан өздөрүнөн.

Колдору шыпылдашат абдан элпек,
Кимиси сулуулардын эң көп термек,
Бир көрүп билүү кыйын, айтуу кыйын,
Баарынын көңүлү шат, көөнү сергек.

Терсек, —дейт—ачылганын калтырбастан,
Жетсе,—дейт,—чоң заводго чачылбастан.
Кандайча сыр окуйсуң башка мындан
Элиңдин жарашыгы гүлгүн жаштан!

Өтүшөт арабалар кыйчылдашкан,
Жарышат машиналар бир тынбастан,
Жол чаңын буртулдатып ун кечкендей
Көтөрүп көктү көздөй ыргытышкан.

Баарынын үстүндөгү жүгү пахта,
Ал окшош түрмөктөлгөн ак булутка.
Кечөө эле аңкайган бош чоң сарайдан
Көрүндү ак кардуу тоо бир заматта.

Байыркы адыр чыбыр Базар-Коргон
Пахтанын көп эгилген жайы болгон.
Теримчи кыздар толгон талаасына,
Келишкен ал бир сүрөт чыкпас ойдон!

## ТЕРИМЧИ КЕЛИН

Колдоруң көзгө илешпей шыпылдашса,
Күнүнө, атаандашып машинага,
Бир өзүң терсең пахта жарым тонна,
Ким анан суктанбасын ушул сага!

Биринчи торгой көрөт таң сүргөндө
Аралап ак пахтаны сен киргенде.
Суктанат ырчы торгой эмгегиңе,
Ал мактайт теримчини салып үнгө.

Таң жели желбиретет чачтарыңды,
Ал сылайт көөдөй кара каштарыңды.
Суктанып кызыккандай карап өтөт
Эңкейип пахта терип жатканыңды.

Күн чыгып, сени көрөт, берет салам,
Нур чачат чоң көзүнөн балбылдаган.
Суктанат ал да сенин кайратыңа,
Сүйкүмдүү көздөрүңө жалжылдаган.

Жоочунду, жашыл жибек көйнөк жапкан
Суктанып карап турат көпкөк асман!—
Пахтанын деңизинде сүзгөн сени
Калсынбы жалгыз асман тааныбастан.

Ай дагы карайт түндө ак бетиңди,
Суктанат көрүп гүлдөй келбетиңди.
Ачылган козолорго окшоштурат
Апаппак мойнуңдагы берметиңди.

Мен дагы куттуктадым жеңишинди,
Мелдешип ар күн пахта теришинди.
Карадым колдорунду келишимдүү,
Кааладым ишинден мол жемишинди.

Көргөмүн жашыл төрдүн күлүктөрүн
Көргөмүн желпип соккон сырттын желин.
Баарынын ылдамдыгын теңебеймин
Шыпылдак колдоруңа, сулуу келин!

Өксүксүз болсун ишиң, сүйүп тергин,
Өлкөңө ак алтынды үйүп бергин!
Өзүндөй ашкан күлүк теримчинин
Өрнөгүн айтсын булбул жазып черин.

---

# ПОЭМАЛАР

☆

# АК АЛТЫН ЖӨНҮНДӨ

☆

## КИРИШ СӨЗ

Куралышып каштай тунук булактан,
Са аа-салаа сайларынан суу аккан,
Кокту-колот. адыр-чыбыр жеримди
Карай, карай жүрөгүмдү кубанткам.

Бала кезде алмаларын күүгөмүн,
Өрүктөрдүн арасында жүргөмүн,
Өт өргөмүн жүзүмзардын четинде
Ай чалкыган, жылдызы көп түндөрүн.

Чыккам бийик жаңгактардын башына,
Чаккан кезде ачуу шире чачыла,
Көгү жугуп боёгондой к райткан,
Сүрткөм анан колдорумду чачыма.

Чыбырына кой жайгамын мен эчен,
Ат сугаргам күркүрөгөн өзөндөн.
Ак буудайдын ыргалганын көргөмүн,
Ойлогонмун: „эч нерсе жок өнбөгөн!"

Жалгыз гана пахтаны мен көрбөгөм,
Көрмөк турсун оюма да кирбеген.
Билбегендей ички сырын башканын,
Пахта кантип көгөрөрүн билбегем.

## I. АЛГАЧКЫ АРАКЕТ

### I

Кыш айынын кычыраган аязы,
Кар учурат, үйөт күрткү бурганак.
Көп тиктөөгө келбегендей чамасы,
Ким болсо да үйдөн чыга бир карап,

Колу менен көзүн басып бурулат,
Муздак кыпын борошолоп ургулап,
Беттерине тикенектей урунат.
Шамал тынбай улам күчөп жулунат.

Ошондо да барат киши жумушка,
Корунбаган ал эч качан шамалдан.
Учур болот: убакыт жок турушка,
Киши бекер турбас үчүн жаралган.

Сельсоветке чогулушкан кедейлер,
Кирип, чыгуу бир чоң ишти күткөндөй,
Сүйлөшкөнү жаздын камы: эгин, жер,—
Жаз түйшүгү канча болсо түткөндөй.

Шашылышты: „мына, келди төрага!"
Аттан түштү, ал Түнкатар мурутчан,
Кыроо турган мурутуна, тонуна,
Үйгө шашты пайда жоктой туруштан.

Эрчип аны баары кирди артынан,
Командирди эрчигендей жоокерлер.
Кечөө гана таппагандар жарты нан,
Бүгүн мына терең ойлуу ишмерлер.

— Жер болобу?
— Берилеби бизге жер?
— Оңолобу,
Жерге жетип кедейлер?

Суроолорду жаадырышты жамгырдай,
Акылдашып, камынышып алгандай.
Айландыра курчап алды ал тургай
Төраганы сагынышып калгандай.

Куржунунан алып чыгып бир катты,
Түнкатар да мурутунан жылмайды:
— Кеңеш өкмөт кедейлерди жыргатты,
Кулагыңар уккан эмес мындайды.

Жер бөлгөнү комиссия келетат,
Муратбектин ашык жери бөлүнөт.
Үрөөн берет. Берет жана өгүз, ат,
Жер менен суу иштегенге берилет!

Дагы бир сөз: биригебиз артелге...
— Ал эмнеси? Артил деген бул кандай?
— Жер берилет,—дедиң эле биздерге...
— Артил,—дейсиң, ойлоо кыйын таң калбай.

— Бул мындай сөз: каалагандар бириге,
Арпакташып жер айдашат, иштешет.
Анда болот үрөөн, шайман, ат бирге,
Анда көп иш бүтүрүүгө күч жетет.

Байлык артат, жер көп берет киреше,
Кирешени бөлөт жанга иштеген.
Өз энчисин алат ар ким иштесе,
Эл бириксе иш болобу бүтпөгөн.

Кутулабыз жакырлыктан кыйнаган,
Караңгыдан кутулгандай атса таң.
Үзүлбөстөн үйүбүздөн буудай нан,
Кетет бизден ачарчылык калбастан.

Дагы бир сөз: киреше көп пахтадан.
Аны быйыл эгүү керек тартынбай.
Байлык алат иштегенден качпаган,
Биздин жерге чыгат пахта алтындай.

— Азыр эле айткан элең! „буудай нан
Үйүбүздө көп болот,—деп,—ар качан“...
— Ал жөнүндө азыр дагы айта алам:
Нан алууга акча болот пахтадан!

Унчугушпай жер караштьы далайлар,
Учу жок жол көрүнгөндөй тунарып,
Көпчүлүгү—кечөө күнкү малайлар,
Азыр эле кол чабышкан кубанып.

Унчугушпайт сөз табалбай калгандай,
Ар бирине ар бөлөк ой жармашат...
Түнкатардын айткандары жалгандай,
Астыртадан бирин бири карашат.

Төрагасы шашып калды бир далай:
— Ыктыярдуу жогоруда айтылган:
Сүйлөшөлү туугандарча жайма-жай,
„Алдандык“,—деп айтпагыла артынан.

Көп жерлерде жерсиз, атсыз жардылар
Артелдерге биригишип жатышат.
Күндүзгүдөй жарык, даана алдыңар,
Мындай жолдо кимдин башы чатышат?

— Артель, анан пахта,—дедиң жана сен...
— Бул жерлерге чыгат экен эң сонун,
Өтө баалуу, өсүмдүк жок ага тең,
Мыскал алтын чанагында гозонун!

Артель болсок, анда пахта эгебиз,
Жалгыз киши эптөө кыйын, иши көп.
Коркпогула, узун биздин желебиз,
Кайрат кылсак—калың чыгат биздин чөп.

— Кайрат... Кайрат...көргөн ким бар пахтаны?
— Кантип эгет? Кандай чыгат? Ал кандай?
— Сен сайрадың булбул мисал шактагы...
— Көптөн эгип каньык болгон адамдай...

— Болбогон кеп, иштегенин кишинин
Киши иштебей койгон бекен, каты күн!
Жардылыкты жакшы көрсө кимде-ким:
Пахта экпесин, артелге да кирбесин.

—Мени жазгын—артил болом, пахта эгем,
Жумуш барбы мендей кедей билбеген.
Кетмен чабам таяк алган кол менен,
Иштегенге жонун тосот жер деген.

Артель жокто—иштебеген бай белем?
Пахта жокто—дыйкан белем нан жеген?
Мени жазгын бардык ишке жарайм мен,
Баатыр менмин иштегенден өлбөгөн!

Айтты муну кара жигит арт жактан,
Кийингени эски, жыртык төө чепкен,
Карап турат төбөсү жок калпакчан,
Бутундагы чарыгы да бой жеткен.

—Бери баскын, дейт төрага,—атың ким?
—Билбейсизби,—кожоюнум Муратбек.—
Иштей билген жайы-кышы, күнү-түн,
Жаны тынбас, уйку көрбөс Болотбек.

—Баракелде, алкыш сага, Болотбек!
Сен мүчөсү пахта эгүүчү артелдин.
Ойлогонго артель гана жеткирмек?
Кана, буга жазылуучу дагы ким?

2

Жыттабаган коңур жытын атанын,
Жаткан эмес томолонуп койнуна.
Сыйпабаган колу менен сакалын,
Эркелеп же минген эмес мойнуна.

Энеси да эчак жумган көздөрүн,
Жети жашар жалгызына карабай,
Осуятын, акыл-насаат сөздөрүн
Түшүндүрүп айтууга да жарабай.

Карары жок журтта калган мышыктай
Калган кезде көргөн аны Муратбек,
Койчу беле тойбогон көз кызыкпай,
Ал сүйүнгөн: „мына бекер жалчы!" деп.

Бирок, айткан: „ини болгун мага сен!
Менин үйүм—сенин үйүң, тайраңдай;
Жүрө бергин. Ыйлабагын, жетимчем,
Мени көргүн өз бир тууган агаңдай.“

„Ини“ болуп эшигинде жүгүргөн,
Жаны тынбай мал караган күнү-түн,
Жакшы сөздү угуудан ал түңүлгөн,
Эчак үзгөн тайраңдоодон үмүтүн.

Муратбектин көз карашы өзгөргөн,
„Ага“ болду көзүнөн жаш агызган.
Алды камчы, өтүп жылуу сөздөрдөн,—
Кан чокубай турмак беле сагызган.

Байбиче да айтып эчен уу сөзүн,
Анан араң берет чөйчөк айранын:
„Чоң атаңдын каны бардай ичесиң,
Бар болгону бир короо кой жайганың,

Отун ала келүүнү да билбейсиң,
Тиги жаткан көтөрмөнү алгының.“
—Шалпаясың, адам өңдүү жүрбөйсүң,
Сендей кезде иштечү элек бардыгың...

Дейт Муратбек кошумчалап, кубаттап,
Тикенектүү катын тилин көрүп аз.
Ачуу сөздөр жетим көөнүн сыздатат,
Жүрөгүнө куят зилди арылбас.

Муратбектин бир адаты: камчыны
Суунга малып, чыккан өңдүү оңунан,
Элестетип аккан кызыл тамчыны
Күнөөсү жок Болотбектин жонунан.

Айтар эле мактангансып мындай кеп:
—Ар күн чукуп, агызбасаң көздөн кан,
Малай көбөт, кетет сени тебелеп,
Ур, ачка кой, басып жүрсүн араң жан.

Жыланачтап сабап жаткан чагында,
—Жетимчени убалынан корк,—десе
Ачууланган бирөө барып жанына,—
Аны сайын жини кайнап үч эсе,

Күчөп сабап, айта турган: „чоң кудай
Жетимчени таяк жесин дебесе,
Ата-энесиз коёт беле ушундай?
Теңир иши. Киришпегин эмесе.

Жазган үчүн кудай өзү пендесин
Шордуу кылат, жалдыратат ар кимге.
Каргыш тийген. Аямакмын эмнесин?
Киши болсоң, болушпагын жетимге.“

Ушул өңдүү күн кечирди Болотбек.
Курсагы ток чөптөй кермек жемеге.
Ойлободу Муратбектен кетем деп,
Ноктосу жок байлангандай желеге.

Үстү бүтүн чыпылдаган камчыдан,
Кол каиырбай мойнун тосту ал ага.
Жүрө берди чыдап дене жанчылган,
Жылдар өтгү, ай кошулуп айларга.

Жоголбоду эрип туздуу жемеден.
Өлгөн да жок таягынан байынын.
Жигит болду шыңга бойлуу керилген
Терегиндей Арстанбаптын сайынын.

Көздөрү бар от күйгөндөй көрүнгөн,
Кирпиктери теменедей узун эң,
Кашы коюу сүрткөн мисал көмүрдөн,
Кайрат жанат кара шири жүзүнөн.

Ар дайым суз унуткандай күлгөндү,
Көңүл коюп уга билет айтканды.
Көрөөгөндөй карай берет гүлдөрдү,
Жакшы көрөт оонап чөпкө жатканды.

Сөзгө сараң, келжиректи көрөт жек,
Тапшырганды иштей берет унутпай.
„Тили барбы?—дей тургандай санап шек,—
Курган бала кантип жүрөт тумчукпай?“

Адаты бар сөз сүйлөбөс артык баш,
Унчукпастан жүрө берет бук болбой,
Бирок, жансыз таш эмес үн чыгарбас,
Бир сүйлөсө сүйлөйт көпкө токтолбой.

Чынын айтат башын кесип алса да,
Чындык үчүн даяр курман болууга.
Калп айтуу жок байлап сууга салса да,
Койбойт бутун жалганчынын жолуна.

Жакын барып сүйлөшпөйт ал кыз менен
Чоло жоктой ага көңүл буруута.
Жаш жүрөгүн каптагандай муз менен
Карап койбойт жалжылдаган сулууга.

Бирок, үйдөн узаганда кой жайып,
Шыбагы көп боз адырга барганда
Ырдайт бийик коңур үнүн чыгарып,
Анын ырын укпаган жан арманда:

Сары май жакшы татканга,
Сар жорго жакшы чапканга.
Суйсалган сулуу кыз жакшы
Сүйлөшүп көңүл ачканга.

Муну кээде угат аска, капчыгай,
Жактыргандай үнүн кошот жаңырык.
Угат адыр, угат шыбак, угат сай,
Жарышкандай суу шаркырайт чамынып.

Угат кээде мал караган кары чал,
Ким экенин билбей тыңшайт таңыркап.
Аягандай башын чайкап коёт ал,
Жүрөт дейби байкуш бала жабыркап?

Ал ырдаса жакын келип айылга,
Угат келин суу көтөрүп бараткан:
„Ким ылайык чоң кыздардан бул ырга?
Кайсы сулуу жүрөгүнө жармашкан?"

Болотбекти аягандан ойлонот:
„Ким кыз берет сендей шордуу жалчыга?
Күйүп-бышып, ойго жетпей, кор болот
Кең дүйнөдө түнөгү жок карчыга."

Ойлочу эмес Болотбектин өзү андай,
Үмүт кылчу келе турган күндөрдөн.
Куткаруучу алп канатын жайгандай,
Таңды күтчү чыгамын деп түндөрдөн.

Кийинки кез анын оюн эргиткен
Куштай таптап талпындырган абага.
Түнкатар да көөнүн ачып сергиткен
Кээде барып арт жагынан талаага.

Ал сүйлөгөн жаңылыкты көп түркүн,
Падышанын кулаганын угузган:
„Кеңеш өкмөт сендейлерге тийген күн,
Кедей үчүн бузулбас чеп тургузган!

Ичкериде, шаарларда эчактан
Тартип жаңы, бийлик жаңы—элдики.—
Тоо жерлерин басмачылар курчашкан,
Бай-манаптар басып турган теңдикти.

Акырындап баары болот жаңыча,
Акы доолап көрсөтөсүң байыңа.
Чыда, досум, чыдай тургун аңгыча,
Жай коюңду жайып жүргөн сайыңа."

Ал сүйлөгөн Ленин жөнүн баяндап:
„Эмгекчинин, бардык элдин атасы!
Таалай таңын жарк эттирди даярдап,
Ою терең, ишинде жок катасы.

Ким таң калбайт анын улуу ишине,
Көлөкөсүз күнөс беттей жаркыган!
Ким карабайт анын салган изине!—
Каалайык-калк барат чубап артынан.

Анык досу биз сыяктуу кедейдин,
Ал төрөлүп, өскөн асыл орустан.
Бир тууганы дүйнөдөгү элдердин,
Берип жардам, алсыздарга болушкан.

Атын уккан максат кылат көрүүнү,
Сагынгандай бир тууганды ыреңин.
Токтогулдун көтөрүлдү көңүлү
Ленин ысмы жылытканда илебин.

Ал кубанып толкундады дайрадай,
Ал бурады комузунун кулагын.—
Булбул турбайт жаз келгенде сайрабай,
Мукам үнүн түшүмдө да угамын:

„Панардай жанып боштондук
Бактыбызга туулду!
Кандай аял тууду экен
Ленindей көсөм уулду!"

Ал ошентип айткан сөздү дагы көп,
Бир жыл мурун сүйүнчүлөп салган кеп,
Басмачыны большевиктер кырды деп.
Түшүнбөстөн суроо берген Болотбек:

—Кандай баатыр баарын жеңген Балчайбек,
Кан шимирген каракчыны жок кылган?
Жок кылсачы Муратбекти тебелеп,
Сергийт элем кутулганда мен мындан.

Түнкатары көзүнөн жаш чыкканча
Ыкшып күлгөн Болотбектин сөзүнө:
—Муратбекке ызырындың ушунча,
Сөөмөйүңдү такагандай көзүнө!

Буга дагы келет кезек, шашпагын,
Журт куруткан басмачыга келгендей.
Учурунда көңүл издеп качпагын,
Күрөш десе жаналгычты көргөндөй.

Бирок, сөздү айтып үйрөн тууралап,
„Балчайбек" жок, „большевик" деп сүйлөгүн!
Большевиктер бардык жоону кубалап,
Бек турушат тирегиндей дүйнөнүн!

Большевиктер Ленин ишин жакташат,
Жактагандай Ленин элдин таалайын.
Бузуп айтпай, сүйлөгүн деп сөздү так,—
Сүйлөп берген жаңылыктын далайын.

Уккан андан укпаганды эч кайдан,
Көзү жеткен, чындыгына ишенген.
Кабары бар далай иштен, көп жайдан,
Билет элдин кутулганын кишенден:

„Баары туура бул Түнкатар айткандын!"
Өз ичинде ойлойт муну Болотбек.
Ошон үчүн ал эмнени айтпасын,
Бардыгына маакул болот, көрөт эп.

Ошон үчүн буйдалбастан, артелге
Кирем деген, эң биринчи жазылган.
Маакул болгон пахтаны да эгүүгө,
Пахта менен тааныш өндүү башынан.

Ошон үчүн ал ишенген баарына,
Балбан жигит ишенгендей өзүнө.
„Турган кезде Түнкатарым жанымда
Көтөрөм,—дейт,—тоо жыгылса төшүмө!“

3

Миң тогуз жүз он алтынчы жылында
Беш түтүнгө бирден киши түшкөндө,
Бере турган улагы жок чынында
Же таппастан улак үчүн үч теңге,

Бирден улак жыйнап алып төрт үйдөн,
Белин бууган мендикерге* баруугa.—
Маакул болгон алыс жерде көрбөгөн
Жол түзөтүп, кайың отун жарууга.

Көрүп билген түркүн башка элдерди,
Нан дегенди уккан эчен тилдерде.
Аралаган карагайлуу черлерди,
Ара тарткан, токой кескен чилдеде.

Сазда баскан, чиркей чаккан беттерин,
Алачыкта от боюнда түнөгөн.
Ал унуткан качан киймин чечкенин,
Кол кабарып, билектери түлөгөн.

Вагондорго ящиктерди жүктөгөн,
Ящиктерди коргошундай салмагы
Жүктөп жатып түшүналбай тиктеген:
„Уютулган тулку чоюн сал барбы?“

---

**Мендикер*—согуш убагында кара жумуштар үчүн фронтко жиберилген киши.

Куланган таш тийген өндүү аскага
Жарылууну далай уккан алыстан.
Кара түтүн түрмөктөлсө асманда.
Көрбөгөндөр карашып таң калышкан.

—Кайсы күнү токтолорун билсин ким?
Кызыл кыргын согуш!—дешкен билгендер,—
Түбөлүккө түгөнүп суу, бүтүп күн
Өлүп жатат ышкырган ок тийгендер.

Которулган улам жаңы орунга,
Карап өткөн көрбөгөн көп калааны.
Тууган айлы ар күн түшүп оюна,
Эңсеп тоону, сагынса да талааны...

Ал ойлогон: „кайтпай калдым элге мен,
Кайтпагандай түбөлүккө көз жумган.
Кутулуу жок андып баскан өлүмдөн,
Тузагына туйгун түшүп, тутулган..."

Сабап ишке айдаганда жүгүргөн,
Ачкалыктан ак күп болуп шишиген.
Орус менен тааныш бол он, бир жүргөн,
Ленин ысмын уккан далай кишиден.

Иван аттуу караулчу бир солдат
Жакындашкан бир тууганын тапкандай.
Тил үйрөткөн. Үйрөткөн ал жазып кат,
Сыймык күткөн билим берип жаткандай.

Ал көп жүргөн Түнкатардын жанында,
Көп сүйлөшкөн турмуш ал-жай жөнүндө.
Түн ичинде, кыймыл тынган маалында
Көп сөз айткан сакталуучу көңүлдө.

Ал кубанган: „Залкар тоодой Николай,
Жумушчунун ишке бышкан колунан
Жыгылгандай омкорулуп карагай,
Кулап түштү алтын тактан, ордунан..."

Ал кейиген: "Калган бийлик колунда
Элдин канын соргон ач көз байлардын..."
Кайра күлгөн: „Улуу үмүт жолунда
Көтөрөбүз биз Лениндин байрагын!"

Сүйүнчүлөп чуркап келген ал бир күн:
„Жеңиш! Жеңиш! Жеңди туусу Советтин!
„Жер—дыйканга!“, „Тынчтык—элге!“—чыгат үн,
Шаңдуу үнү Ленин түзгөн өкмөттүн!

Митинг болуп, Иван чыгып сүйлөгөн:
—Калчылдатып коркуу каптап акылын,
Кечкен өңдүү биротоло дүйнөдөн
Керенский кетти качып жашырын.

Кайра келбейт, кайтчу жолу тосулган,
Баткан күнү чыкпайт эми кайрадан.—
Эл толкуну жумушчуга кошулган,
Эми душман кечүү таппайт дайрадан.

Революция кирген суудай шаркырап
Каптап барат бүт өлкөнүн ой-түзүн,
Боштондуктун күнү чыкты жаркырап,—
Согуш бүтсүн, тынчтык элге берилсин!

Биригели Ленин туусу астына,
Биригели ширетилген болоттой.
Биз ошондо элибиздин бактына
Бек турабыз жоонун колун жолотпой.

Биз ошондо өч алабыз буржуйдан,
Кайрып колун бизге камчы көтөргөн.
Кылым бою эмгекчини кул кылган
Митайымдын кордуктарын өткөргөн

Эсеп кылып, көрсөтөбүз көзүнө,
Кубалайбыз алтындалган үйлөрдөн,
Өз кылыгын өрттөй салып эсине,
Күйгүзөбүз жүрөк-боорун күйбөгөн.

Чыккан терди, аккан канды бизлерден
Эсеп кылып, „төлө,—дейбиз,—эми сен!“
Бай жумушу биз бүтүрүп иштеген
Чачтан да көп, эч бир эсеп жетпеген.

Чогулган эл туш тараптан кыйкырган:
—Согуш бүтсүн! Жер дыйканга берилсин,
Ленин жазган декретте айтылган,
Солдат кайтсын, урук жерге себилсин!

—Тартып алып помещиктин жерлерин.
Эгүү керек буудай менен арпаны!
—Курсактары кайдан тоёт бүт элдин
Асыл данга толтурбаса кампаны.

„Тынчтык!“—дешти, жат кылышып алгандай,
„Жер!,“ „Нан!“—дешти, бөлөк бир сөз айтпады.
Кийим жөнүн ач унутуп калгандай,
Бири дагы эстеген жок пахтаны.

Мендикерлер чурулдашкан туш-туштан:
—Элге кайра кетиш керек бул жерден!
—Күндүн көзүн көргөзбөгөн булуттан
Куш кутулат талбай канат сермеген.

Митинг бүтүп, чогулгандар тарашкан,—
Офицерлер, унчугушпай турушкан,
Сүйлөгөндү сурданыша карашкан,
Түн ичинде эшиктерди жулушкан...

Издешкендей алда кимди жашынган,
Барактарга кирип барып жаракчан,
Кутургандар ээнбаштыгы ашынган
Жарык кылып, жаткандарды карашкан

Түнкатарга келген Иван сүйлөшүп,
Уктабастан жаткан эле жанаша.
„Таптык!“—дешкен, кетмек болгон сүйрөшүп,
Үйгө кирип келген өңдүү каргаша.

—Токтогула!—деп кыйкырган Түнкатар,—
Ивандын бул жазыгы жок эч кимге!
Анын үнү атылгандай беш атар
Тарсылдаган узун барак ичинде.

—Карма,—деген бир офицер,—муну да,
Көрсүн жактап дар астында жолдошун!
Учур жоктой артын ойлоп турууга,
Катуу муштум уюткандай коргошун

Шалк-шулк эткен офицердин башына,
Жалп дей түшүп кол чырактар, түшүп түн,
Суурулушуп, караңгыга жашына,
Күн көрүүдөн үзбөгөндөр үмүтүн...

Качып чыгып кутулушкан ажалдан,
Токойлордон токойлорго жетишкен.
Түнкатар да ажырабай Ивандан,
Аны менен сууну бирге кечишкен.

Бирге жүрүп Москвага келишкен,
Чоң заводдо бир иштешкен бир жылдай.
Учур менен бирге кадам керишкен,
„Бас!" дегендей, кыстап алга тындырбай.

Үч картөшкө, жарым кадак кара нан,
Отун да жок, чилде-цехте, кыш-үйдө.
Кишилер көп, ошого да чыдаган,
Кыйынчылык күчөсө да күнүгө.

Ар ким ойлойт: „Болот отун, нан эртең,"
Бул кыйындык аз өмүрдүү баладай...
Эртеси да ал түңүлбөйт жеңиштен,
Күтөт алдан, арт жагына карабай.

Балбан үмүт сүйөйт тура ар кимди,
Сүйөгөндөй кубаттуу жаш карыны.
Түнкатар да таңды күттү ар күнү,
Нан берчүдөй атар таңдын жарыгы.

Иван айтат: „Жеңбей туруп бир жолу,
Эмгекчинин маңдайына тийбейт күн.
Жеңүү үчүн ички, тышкы жоолорду
Чыдаш керек, иштеш керек күнү-түн!

Республика жашоо керек, ал үчүн
Коргоо зарыл баскынчыдан, актардан.
Буржуйлардын таш каптырып үмүтүн,
Согуш керек жоону бардык жактардан.

Кул болгончо кайра баштан байларга,
Өлгөн артык салгылашып тайманбай.
Баатыр чыдайт көп күндөргө, айларга,
Жылаңач, ач, азап чегип ар кандай.

Жумушчулар кем бекенбиз баатырдан,
Биз эмеспи ажыдаарга катылган,
Жакалашса жан алгычты качырган,
Баатыр биздер эрктин таңын атырган!"

Андан кийин бирге барып майданга,
Бирге жүрүп Кубань менен Донбасста,
Медер болгон жандай досу Иванга
Актар менен кырчылдашкан кармашта.

Фрунзени, Будённыйды ал көргөн,
Толкунданган жеңүүчүнү көргөндөй.
Атка минген, кылыч сууруп үйрөнгөн,
Койчу кезде таяк кармап көнгөндөй.

Элге кайтып жыйырманчы жылында,
Аскер киймин жашыралбай кыйналган. —
Тоо арасы басмачынын чырында
Турган экен. Баш-аягы жыйналган

Жан жок экен. Эл чачылган, бүлүнгөн,
Бул жерди да согуш тепсеп өткөндөй.
Бей-бечара ооругандай жүлүндөн...
Айыл күүгүм, жаккан оту өчкөндөй.

Айлар өттү, жылдар өттү жарышып,
Кызыл кошун тоого келди аралап.
Басмачыны кекиртектен алышып
Жок кылышты. Боюн жазды алма бак.

Билгендерин айтып жүргөн астыртан,
Көп кишиге угулса да жомоктой,
Түнкатардын далай жерде түн каткан
Кези келген жалтылдачу болоттой.

Жардам берген кызыл кошун ишине,
Жоготушкан басмачыны жашынган,
Кирип алып алыскы тоо ичине
Кутургандай бейбаштыгы ашынган.

Ошон үчүн аны шайлоо кезинде
Эл шайлаган сельсоветке төрага.
Ошол замат алып барын эсине,
Жакын болгон өзү сындуу жардыга.

Ал ойлогон оңолушун кедейдин,
Багбан багын ойлогондой ар күнү,
Кайсы өсүмдүк кандай түшүм берерин,
Кайсы жерге кандай эгин эгүүнү.

Ал ойлогон кедейлердин абалын:
Өгүзү жок, үрөөнү жок, жери жок.
Уккан эле коммуна, артель кабарын,
Ошон үчүн эртеңкиден көөнү ток.

Жазып алып жерсиздердин тизмесин,
Ошко барган, Кошчукомдон суранган:
„Артель болуп, биригишип иштесин,
Үрөөн, шайман жер берсеңер, булардан

Көрөсүңөр гүл жыттанган талааны,
Гүл жыттанган ушулардын колунан.
Орундалсын жардылардын талабы,
Ойлоп жүргөн иши чыгып оңунан.

Кошчукомдо ойлонушкан шашпастан,
Ойлогондой көрөр күнүн адамдын.
Карап көргөн, карагандай калып таң,
Ал пикирдин эртеңкисин, ар жагын...

Эсептешкен мүмкүндүгүн ал иштин,
Өмүр саатын тактап эсеп кылгандай.
Эрикпестен олтурушкан иш үчүн,
Ошол иште бүт келечек тургандай.

Зарылдыгын анда пахта эгүүнүн
Түнкатарга далилдешип айтышкан.
Качкансыган түшүнбөөнүн күүгүм күн
Көптөн бери чиелешип чатышкан.

—Маакул,—деген,—пахта болсун эмесе,
Иш болбогон биздин колдон келбеген.
Кыйын болор биздер үчүн он эсе
Мындай жумуш, мурун иштеп көрбөгөн.

Бирок, наркы кымбат тура эгинден,
Бөздөн жибек артык мисал бир канча.
Бекер кетпей маңдай териң төгүлгөн,
Алтын болуп кайтат экен кубанта.

Пахтаны да билип алар жакшылап,
Жайы, кышы кой бакканды билгендер.
Кетмен чабар ойноп күлүп жаркылдап
Карысына укуругун илгендер...

Кубанычтуу кайтар замат ал жерден
Кар учуруп турган кезде бурганак,
Кедейлердин чогулушун өткөргөн,
Сөз тыңшаган адам тургай бак-дарак.

Бириктирген он кишини артелге,—
Кошчуларды, бокат кылган жер тырмап
Койчуларды, үй салбаган эч жерге
Кедейлерди, жер-суусу бар азырак.

Ага башчы болуп өзү шайланган,
„Жок!"—дей албай мүчөлөрдүн сөзүнө.
Куш сыяктуу түнөгүнө айланган
Өз тулкусу көрүндү анын көзүнө.

Тоодон көчүп, Айры-Тамга барышкан,
Муратбектин ошондогу жеринен
Артель үчүн кестиришип алышкан,
Анда мурун арпа, беде эгилген.

Артель үчүн бир топ байдан алынган
Курал-шайман, үч кош өгүз, сегиз ат.
Алачыкчан, тамдары жок салынган,
Өкмөт берген жай салууга каражат.

4

Түнкатардын жардамчысы Болотбек
Кээде сүйлөйт: „Бригадмын артелге!"
Кээде сүйлөйт: „орунбасар менмин!"—дей,
Бүгүнкү ишин калтырбайт түк „эртеңге".

Бирок, иштейт туура келген жумушту,
Башкаларды жумшаганга көнбөгөн.
Жаман көрөт бекер карап турушту,
Жумуш чыкса мурун чуркайт өңгөдөн.

Келе жаткан чигит тартып ширкеттен*
Арабага картаң тору кошулган.—
Арабакеч тилегине бир жеткен
Адам өңдүү ат үстүнө отурган.

---

**Ширкет*—кедейлерди үрөөн жана шаймандар менен жабдып, карыз берип, кайра азырак процент кошуп алып турган мекеме.

Көрүнүшү кубанычтуу, жакшына,
Иштебестен, той башкарып жүргөндөй.—
Бара жатат араба атын бастыра,
Бет алдынан бакыт сулуу күлгөндөй.

Өзү билет, кубануунун себеби:
Картаң тору Муратбектен алынган,
Кайткан өңдүү далай жылдын эмгеги
Карап улам, сылап коёт жалынан.

Кулак салат аккан сууга жылгадан
Ала шалбырт жибигендей бүт дене,
Шылдыр кагат бирөө бардай ырдаган,
Тыңшаган жан сурай турган: Бул эмне?—

Болотбектин эргип учту көңүлү,
Бир башкача канат ага бүткөндөй.
Сонун ырды ырдабаган өмүрү
Созолонтту, ойго бир иш түшкөндөй:

„Самсаалаган саамайың
Сар жоолук менен жабайын!—
Балбылдаган көзүңдүн
Балакетин алайын!“

—Баракелде!—деди бирөө кокустан,
Жалт караса, казанбактай селдечен
Жакып молдо турат колун куушурган:
—Болбой калды, уулум, жардам этпесең

Арабаңа отургузуп ала кет,
Атым качты, үйгө жетти ал эбак.
—Отуруңуз! Болду кандай балакет?
—Оңой экен семиз аттан жыгылмак.

„Чу!“ деп койдум, атырылды шамалдай,
Алып учту октон бетер атылган.
Башы катуу, талды колум тарталбай,
Туура келди арык жаңы казылган...

Ат секирди. Шыпырылып тердиктей,
Мас кишидей оонап калдым ылайга.
—Жыгылганды мактадыңыз эрдиктей,
Тез чыгыңыз, жампайыңыз бул жайга:

Арабага араң чыгып тырмышып,
Отурду да, карап алды асманга.
Колун жайды, көргөзчүдөй бир кызык...
Калган өңдүү сөз табылбай шашканда.

Мукактанып, анан айтты: „омийин!
Кудай сүйүп, тилегиңе жеткирсин:
Күндүз сенин эшигиңе тийип күн,
Түндүгүңдөн ай тиктесин кечкисин!“

Андан кийин колун сүрттү бетине,
Сылап койду буурул болгон сакалын:
—Кудайымды алгын, уулум, эсиңе,
Сөзүн уккун касиеттүү атаңын...

Бул адырга чигит өнбөйт эч качан.
Чигит өнсө, жигит өнбөйт. Калба таң:
Азыр ылай. Жайдын күнү белден чаң,
Кунарсыз чөл куру калат булуттан.

Каргыш тийген пайгамбардын өзүнөн.—
Ырыс кести киши конот бул жерге,
Аялынын жаш кургабайт көзүнөн,
Балдарынын сүтү болбойт ичерге.

—Мейли, молдом,
Сиз экпейсиз чигитти.
Азгырып жолдон,
Аябаңыз жигитти.

Чигит өнсө,
Андан сизге пайда жок.
Жигит өлсө,
Ага сизден айла жок.

Сиз качыңыз
Бул адырдан эмесе,
Өз башыңыз
Болду кордук көрбөсө.

—Андай дебе, кылба мага акаарат,
Атаң курдуу бир кишимин, ишенсең.
Адамдарга жаман ойлоо мага жат,
Акыл айттым, капа болбо, уулум сен.

Түнкатарга жакын болуп алыпсың,
Ал бир доңуз, динден чыккан капырдан.
Ал ылгабайт адамдын жаш-карысын,
Ал силерге чөп жедирет акырдан.

Унуттурат улууну урмат кылганды,
Жатыркатат атаң менен энеңден.
—Кандай көрөт сени кармап урганды?
Кайда жаның? Кубайынбы денеңден?!

Түнкатарды ушактаган тилинди
Жулайынбы сенин сасык оозуңдан?
Төгөйүнбү кир суусундай дининди,
Ириген сүттөй жаман ойлор кошулган?

Камчы менен чубай чапты селдесин.—
Кулап түштү молдо чоң кап самандай.
Эстей албай жаттап алган келмесин,
Жол үстүндө туруп калды камандай.

Токтобостон кете берди Болотбек,
Кылчайган жок караган жок артына.
Куу молдону аябастан көрдү жек,
Ызырынды, чыдабастан калпына.

Көз алдына келди бардык өткөн күн:
Ушул молдо Муратбекке жагынган,
Өмүр тилеп, дөөлөт сурап ал үчүн,
„Байдын досу—кудайым“ деп ак урган.

Ушул молдо бай үйүнөн тон кийген,
Бай колунан кымыз ичкен, эт жеген.
Кээде байдан жоргосу бар ат минген,
Кедейлерден ооручудай четтеген.

Ушул молдо уялбастан эч кандай
Кудай менен бир туугандай сүйлөгөн:
„Болотбекти уруш керек тартынбай,
Бул пендеси кудайымдын сүйбөгөн.

Ошон үчүн атасынан айырган,
Ошон үчүн алып кеткен энесин.—
Жүрсүн деген басырынып кайгыдан,
Уксун деген көрүнгөндүн жемесин.

Тил албаса, болбойт муну боздотпой:
Чукуш керек—бир көзүнөн аксын кан,
Бир көзүнөн жаш төгүлсүн мончоктой,
Жетим үчүн жаман артык жакшыдан."

Эми кара,—күбүрөдү Болотбек,—
Эритмекчи барын жайкап түлкүдөй.
„Акыл" айтып келгенин көр „уулум" деп,
Отурушу түндү күткөн үкүдөй.

Жумшагандыр атайылап Муратбек
Жүнүн тартып көргүнүң деп булардын?
Айтканына көнчү менби кылбай шек?—
Мен ичпесмин ашка кошкон ууларын.

Жакып молдо калса дагы көрүнбөй,
Ызырынат, ойлоп барат чарчабай.
Улам кызып отто турган чөгүндөй,
Кыйнап барат келген ачуу тарабай.

5

Кандай жакшы жазга жакын кечкисин!
Асманы көк, жылдызы көп Айры-Там.
Калап коюп дүмүрүнөн мистенин,
От боюнда сөз сүйлөшүп отурсаң!

Эшик ачса жылтылдашса жылдыздар
Каухар таштай көк баркытка чачылган.
Жылдыздарга коңшу жүргөн кыргыздар
Эл эмес да от жанына жашынган.

Иш чыккандай, Мусакенин үйүндө
Олтурбайбы тең жармысы артелдин.
Жымыңдашат жылдыз көктө, от жерде,
Келген өңдүү нурдангысы артелдин.

Болотбектин сөзүн угуп, Туратбай
Ачууланды: „Түрү бузук молдонун,
Улам-улам келчү болду суратпай,
Калган мисал жытын сезип олжонун.

Айтат мага: артель деген эң жаман,
Ортолошот сүйүп алган жарыңар,
Таразага түшөт силер жеген нан,
Бир төшөккө жатасыңар барыңар.

Бир казандан ичесиңер оокатты
Бир жайыттан оттогондой малыңар.
Балаңардан көрбөйсүңөр урматты,
Карыганда кандай болот алыңар?"

—Айтканын көр барын ойлоп эң терең,
Аяп бизди азап тартып жаткандай,
Алгысы бар адаштырып сөз менен,
Биз таш эмес балчыгына баткандай.

Бир казандан аш ичкенге не жетсин,
Ал жакшы да ичпей ачка жүргөндөн.
Кайра барып Муратбектин эшигин
Көргүнчөктү, өчкөн жакшы дүйнөдөн.

Таразага тартып нанды жегенден
Коркуп кетчүү, үркүп каччу биз бекен,
Таразадай калыс барбы элге тең
Өз энчисин алып турса иштеген.

Алган жарың ортолошот дегени
Болбогон с з турагы жок шамалдай.
Бузукулар сүйлөшпөсүн эмнени,
Көнүшкөн да кедейлерди жамандай.

Ызырынып айтты муну Болотбек,
Жакып мол о бет алдында тургандай.
Жаны күйүп калпычыны көрдү жек,
Жетим кезде ал аябай ургандай.

—Карыганда Урмат болбойт баладан
Дегенчи?—деди Муса кампачы.
—Урмат кылбай койчу беле өз балаң,
Кой, Мусаке, бузук сөзүн айтпачы!

Бузукулар эмне дешпейт акыры,
Жокту бардай шыпыртышат тайманбай.
Элди бузса гүлдөчүдөй какыры,
Тынч жүрүшпөйт жойпуланып тайгандай.

Андан көрө,—дейт Болотбек,—туугандар,
Жаздын камын сүйлөшөлү биз бүгүн.
Шылдың кылып күлүп карап турган бар,
Иш үстүндө шаңкылдасын биздин үн.

Бош турбасын эртең менен арабаң,
Көң ташысын кой кыштаган Кең-Сайдан.
—Кишиси бар ал кыштоону караган,
Ээсиз көңдү табалбайбыз эч кайдан.

—Эй Мусаке, сага кандай сыр болгон,
Оң сүйлөбөй калыптырсың бүгүн сен?
Бардык кыкты Кең-Сайдагы кыштоодон
Биз ташыйбыз. Билип койгун, билбесең.

Сельсоветтин токтому бар. Бузат ким?
Ташуу керек сурабастан эч кимден.
Мен кой бакк м, ээси менмин ал көңдүн,
Ташыбасын корккон адам. Ташыйм мен.

Пахта жерин болбойт тура семиртпей,
Ансыз бизге калуу оңой кур жалак.
Көрбөгүлө өзү бышчу жемиштей,
Ал жүн эмес кыркып алчу жулмалап.

—Дуба кеткен: өнбөйт пахта бул жерге,
Иштеп мында муратына жеткен ким?
Өтөт күнү, агат тери бекерге
Ушул жерди айдап, чигит эккендин.

Же баласы, же аялы мерт болот.—
Пахта кесир, кырсыктуу иш башкача.
Бул жер ыйык, касиеттүү бул колот,
Жин жолугат даарат алып баспаса.

Бул жер сүйөт арпа менен бедени,
Ошон үчүн аларды эккен Муратбек.
—Мусакемдин бул кандайча дегени?—
Чигит өнсө—ажал кошо турат деп,

Коркутмакчы болгонубу бул элди,
„Бокочо!"—деп коркуткандай балдарды?
Жок кылмакпы чигит эгүү дегенди?
Таштатмакпы бүтүртпөстөн тамдарды?

Туратбайдын муруттары сербейип,
Кол калчылдап, тик турушту чачтары.
Болотбектин мойну чыгып кержейип,
Жер тиктеген көзүн жапты каштары:

—Таң калдым мен:
Муса-Жакып болгонбу?
Чыгып элден,
Ниетин бузуп койгонбу?

Же Жакып молдо
Муса болуп калганбы?—
Арбап торго,
Айтат чындай жалганды.

Жактырганбы
Мурун баскан жолдорун?
Чактырганбы
Уу тилине молдонун?

Молдо сөзүн
Каалайт: „бары укса экен“.
Санайт өзүн
Бизден өйдө Мусакем.

Эстен чыккан
Муратбектин урганы,—
Сөз катпастан
Башын тосуп турганы.

Бир ичкен күн
Биз менен кара жарманы
Көңүлүнүн
Бурчунда да калбады.

Эми бизден
Жакын буга Муратбек,
Биздин сөздөн
Чоочулайт бул, кылат шек.

Муратбектен
Чоочулабайт, ал досу.—
Чыкпас эстен,
Көөнү бирге жолдошу.

Отуралбай туруп кетти Болотбек,
Ичи күйүп чыдабаган адамдай.
Үнсүз-сөзсүз карап Муса калды тек,
Калган өңдүү айтарга сөз табалбай.

Жүк бурчунда катыргандай отурган
Жалжал көз кыз унчукпастан козголуп,
Тышка чыкты Болотбектин артынан,
Зериккенден кеткен өңдүү бук болуп.

Саамай чачын желбиретип түнкү жел,
Муздак аба сылап бетин, сергитип,
Ай жымыңдап чакыргандай „бери кел!“
Алып учуп жаш көңүлүн эргитип,

Жетип барды Болотбектин жанына,
Ойлуу карап турган кезде кашатта.
Тура калып түн ичигин жамына,
Кулак салды шылдыраган башатка.

Башат чертет жашчылыктын күүлөрүн,
Башат созот мухаббатын ырларын:
Тапсын „ар ким көңүлүнүн сүйгөнүн,
Ачсын ага жүрөгүнүн сырларын!“

—Бери кара!—Болотбектин жеңинен
Тартып койду.—Капа болуп калдыңбы?
—Ырыслыгай, көргүм келип сени мен
Келген элем. Катуу айтып салдымбы?

Эми мага таарынды го Мусакем,
Жаман көрөр душманындай элдешпес?
—Сенин сөзүң эрибеген муз бекен,
Өтө калың, катмарына күн жетпес?

—Ал кишиге эмне болгон? Билбеймин,
Билбегендей шамал кайдан чыкканын.
Түшүнбөймүн кыялынын бир жерин;
Ылгабастан „чын“ дейт окшойт укканын?

—Жакып молдо келчү болду тажабай,
Тажабастан келет атчан бастырып.
Оозун ачса чарчоо билбес ажандай,
Сүйлөйт көптү албарстыдай азгырып:

Муратбек да иштеп жүрөт тынч жатпай,
Бир жылкынын жарым этин жиберген:
„Алыстадың келип үйдөн туз татпай,
Тууганчылык кеткениби силерден?

Калабызбы, өлсөк, турпак салышпай?
„Пахта“—дейсиң, жетпечүдөй кепинге,
Туз бассаңчы, буттарыңдан чалышпай,
Жакын келгин, калбай элдин четинде.

Бир нан тапсак—жеп жүрөбүз бөлүшүп,
Бир атанын балдарындай бир жайда.
Бир уй тапсак, анын сүтүн тең ичип,
Тирүүлүктө күн көрөбүз бир сайда.

Бир ат тапсак—кезектешип минербиз,
Күн астында жылынарбыз бир жерде,
Бир тон тапсак—кезектешип киербиз,
Тууганчылык ошол,—дептир,—билгенге“.

Ажыдаардай арбап жатат ал шумпай.
Атам болсо койдой момун бир адам.
Момундардын адаты го унутмай,
Көргөн күнүн ойдон дароо чыгарган.

—Бүт унуткан. Мен ошого капамын.
Капа болбой койчу сөзбү бул анан?
Ким укпаган Муратбектин чатагын,
Күн болчу эмес Мусакемди урбаган.

Анда Муса „Жакыр“ эле „оңбогон“,
„Каргыш тийген“, „кесепети ашынган“
„Шектүү“ эле мал жоголсо короодон,
„Жатып ичер“, „жалкоо“ эле „сасыган“.

Эми көрчү „тууган“ болуп калганын,
Арык кезде жардам берип койгондой.
Атаң болсо көрбөй тоонун ар жагын,
Чакырганга бармак болот ойлонбой.

Кетпей туруп камчы тагы жонунан
Тууган санайт канын соргон жырткычты.
Кымыз бербей, уу бергени колунан
Эстен чыгып, оюн кантип тынчытты?

— Капа болбо, атам бир күн түшүнөр?
Колун артты Болотбектин ийнине.
Бирок, карап турушкандай кишилер,
Кетенчиктеп тура калды ийриле.

Аны сезип жалт карады Болотбек,
Чагылышты оттуу кара көздөрү.
Орто жерде бийик өңдүү болот чеп
Жакындашпай турушса да өздөрү,

Биринчи ирет көрүшкөндөй бир бирин,
Бирин бири суктаныша караштты.
Тааный албай жатышкандай кимдигин,
Кирпиктери канчалыгын санашты.

Жылдыз күбө жымыңдаган асманда,
Көрүп турган ар биринин жүрөгүн,—
Бири дагы жараган жок айтканга:
„Жаным сенсиң! Жарым сен бол! Сүйөмүн!“

Карап туруп ошол бойдон унчукпай,
Тилин бирөө байлап койгон адамдай,
Кыйналгандай көкүрөгү тынчытпай,
Зарыл бир иш унутулуп калгандай,

Үйүн көздөй Ырыслыгай жүгүрдү.
Бүркүт өңдүү учалбастан талпынган,
Жара тиктеп өткүр көздөр иңирди,
Болотбеги карап калды артынан.

Өчүп, жанып үркөр көрдү бийиктен,
Карап калды кырка тартып жетиген.
Шамал гана, тең жарышып күйүккөн:
Обон салды кыздын сылап бетинен:

„Самсаалаган самаайың
Сар жоолук менен жабайын.
Балбылдаган көзүңдүн
Балакетин алайын...“

„Сен бар“, „мен бар“ ыр сыяктуу жатталган,
Араң зорго кыктын жармы ташылган.
Анысы да сары майдай сакталган,—
Үйүп койгон, сыры барча жашырган.

Жол кургаган, күн ысыган жалындай,
Киши тердейт иштебесе чечинип.
Буурусун бар, моюнтурук табылбай,
Ар күн „эртең“, кош чыгарган кечигип.

Бир кош өгүз, чоюн тиштүү буурусун,
Астында жер беде чыгып карарган,
Муса кошчу, айдаганы курусун —
Жердин бетин чийип жүрөт арандан.

Өгүздөрү араң-араң буттарын
Көтөрүшүп, араң жерге коюшат.
Тыңшашкандай чоюн тиш жер жыртканын,
Кычыратып буурусунду чоюшат.

Этегинде чигит толо Туратбай
Колу менен чачып барат арпадай.—
Турган чигит, эч ким жайып кургатпай,
Тазалабай, дары суунга чайкабай.

Арт жагынан, Ырыслыгай жетелеп,
Тору бышты мала сүйрөп демигет.
—Мынча неге шаштырасың, эселек,
Өпкөсү жок атың кайда желигет?

Атаң ана, өгүздөрү басышпай,
Араң барат алмуруттай эзилип.
Жер карайт кыз Туратбайга сөз айтпай,
Каяша айтуу кылмыш өндүү сезилип.

Жылоосунан кармап тартып „так!“—деди.
Ат токтоду түшүнгөндөй кыз сөзүн.
Көбүк чыгып, тер жайпаптыр өмгөктү,
Энтигет ал басалбастан өпкөсүн.

Карап турду Ырыслыгай бир паска:
Муса кошчу жаны кейип кайышат.
Өчү бардай жондон ары бир чапса,
Таргыл өгүз кайкаң этет, майышат.

Бирок, курсун ылдамдатпайт басышын,
Бас дебестен, тамашалап жаткандай
Же болбосо таяктоонун арбышын
Сезбейт белем этин кене чаккандай?

—Кырылгырдын малы десе.
Арам өлгүр, алга бас!
Тарт! Мына, сага эмесе!
Дөңгөч го бул кыймылдабас?

Көтөрүлүп ача туяк алчайган,
Шашпай гана түшөт жерге кайрадан.
Дөбөлөрдөй алда кайдан даңкайган
Чоң өгүздөр, музоо мисал байланган,

Турушкансып көрүнүшөт былк этпей,
Бирөө бардай кармап турган жылдырбай.
Көнүшкөнбү бир орундан түк кетпей
Же жулкунбай, буурсунду сындырбай?

Кайра дагы урат Муса керилип:
—Өш, алдыга, айрылгырлар мүйүздөн!
Тоготушпай жылат араң эригип
Өгүздөрдөй шашпай оттоп жүрүшкөн.

Угуп туруп атасынын сөккөнүн,
Көрүп туруп карсылдата урганын,
Ырыслыгай жашылдантты көздөрүн,
Эстей калды Болотбектин ырларын:

Каптал жерге кош салса,
Кыйнабаган кош өгүз.
Карс эттире бир чапса,
Ыйлабаган кош өгүз.

Орток болуп, дыйканга
Данын берген кош өгүз.
Өзү калып талаада,
Саман жеген кош өгүз.

Аягандай күнөөсү жок адамды,
Өгүздөрдү аяп сокту жүрөгү.
Алга жылды майда шилтеп кадамды,
Калкыгандай айдың көлдүн чүрөгү.

—Эсенсиңби?—деди бирөө туурадан.
Ырыслыгай чоочугандай караса,
Ишин мурун бүтүргөндөй булардан,
Болотбеги күлүп турат балача.

Узун кирпик кыбың этсе, ар жактан
Мухаббаттуу от жылтылдайт көзүнөн!
Ага чокту ким түшүрүп, тутанткан?—
Жүрөк туйлап көрүнгөнсүйт төшүнөн!

Бир сөз айтпай, оозун ачып жылмайса,
Күрүч өңдүү ак тиштери жыбырап,
Шылдыңы жок карап турат башкача,
Ырдагансыйт эриндери кыбырап:

Күн чырайлуу, нур жүздүү
Гүл бурак кыз экенсиң!
Күндө келсем үмүттүү,
Күлүп коёр бекенсиң?

Ай чырайлуу, нур жүздүү
Ак маңдай кыз экенсиң!
Ар күн келсем үмүттүү,
Аяп коёр бекенсиң?

—Ушунчалык тез бүттүбү кошуңар?
Сурады кыз унчукпастан туралбай.
—Көп иш беле ушунча күн созулар?
Койбоду жөн, андан кайра сурабай.

—Биздикинен силердики көп эмес,
Анткен менен аз дагы эмес эле го?
Бирок, аны бүтүрбөдүк анча тез,
Жүгүрбөдүк чапкан аттай коного.

Чынын айтсам: кылыптырбыз билбестик.
Мынчалык кеч экпейт экен пахтаны.
—Кайдан жүрүп бул нерсеге илештик?
Берген жокьо „капка ченеп“ акчаны?

—Сен да сүйлөп калгансыңбы атаңдын
Көптөн берки айтып жүргөн чатагын?
—Мен жөн эле ишти сүйлөп жатамын,
Карабастан баскан жагын атанын.

— „Акча“ дейсиң, жутагандай андан сен,
Жер бетине түшпөй жатып чигитиң.
—Дал ушундай үтүрөңдөп тилдесин
Бардыгынан жакын көргөн жигитиң...

—Анан сенин бушуркөшүң жакшыбы?
Күлдү жигит биринчи ирет күлгөндөй,
Көзү менен көргөн жандай бактыны,
Басты жандап бакта бирге жүргөндөй!

—Чынын айтчы: бүттүңөрбү талааны?
—Кечөө күнү беш гектардын чигитин
Эгип бүтүп, тартып болгом маланы.
—Эми „бекер жүрөм,—дечи,—күнү-түн.“

—Андай эмес, бекер жүрүү жок бизге,
Тирүү жандын жумушу көп чачынан...
Киши мисал канык болгон көп ишке
Карап басты чигиттерди чачылган.

Унчукпастан бир аз барып, чыдабай:
—Айтчы,—деди,—көңдү неге тигиндей
Үйгөн бойдон таштадыңар чачтырбай?
Же жер аны жерийт беле сиңирбей?

—Көп жыл удаа беде болгон бул жерде,
Ошон үчүн керек эмес көң буга...
—Пахта сыры тааныш эле кимине?
Түк ишенбес дыйкан киши ушуга.

Бирин бири жалжылдашып караштьг,
Суроо берип, чечишалбай жаткандай.
Чыканактар бир бирине жанашты,
Бири бирин бүгүн жаңы тапкандай.

Июль айы, чыгылдаган саратан.
Сызгырылып талаа жатат корунбай.
Мен дегендей бул ысыкты жараткан,
Каймактанып жөргөмүштүн торундай,

Аба калкыйт ымыр-чыбыр теңселип,
Күңгөй саргыч, солгун тарткан сугат жер.
Тал ыксырайт жибек чачы сеңселип,
Тогороктун маңдайынан тамат тер.

Уктагандай Түнкатардын артели,
Чымын учпай бозорушат тамдары,
„Шарт ушундай,—деген мисал—кантели“
Көчө жымжырт, чуркап чыкпай балдары.

Муса кармап буурсунду жазында,
Туратбайы чигит сепкен жер ана.
„Айдашпастан тынч коюшпай башында“
Деген өңдүү турат талаа сарсанаа.

Ала бата басып калган көп жерин,
Кодурадай ар кай жерде бир түптөн
Пахта турат, чөп калкалап ирецин,
Араң-араң косектерин бүртүйткөн.

Чөп дагы жок, такыраят көп жери,
Чач чыкпаган таз кишинин башындай.
Бир башкача жылтыраган жер өңү
Күнгөй беттин күнгө күйгөн ташындай.

Айдоо каткан чабык көрбөй эч кандай,
Алжайышат жаракалар кесиктей,
Чаңкаган жер „суу!“—деп оозун ачкандай...
Ным житиптир, асты жергуй тешиктей.

Күнгө карап жалбаргандай байкалат,
Күнөөсү жок кыйналгандай какталып.
Кайра-кайра мундуу күүнү кайталап
Ырдагансыйт баарын айтып даттанып:

Атым пахта болгону
Көрбөгөмүн мындайды,
Эптеп чачып тим койду
Эккен мисал буудайды.

Чачып оору чигитти,
Таштап койду көрбөстөн.
Өмүрдөн үзүп үмүттү,
Көп чигит калды өнбөстөн.

Жок болду жерден чыкпастан,
Төрөлбөй өлгөн баладай,
Чыккандарын чөп баскан,
Мал барбаган талаадай.

Кайталап эгүү болгон жок,
Өтсө да көп күн арадан.
Мынча неге көөнү ток,
Жан болбоду караган?

Жумшарткан жок түбүмдү,
Какшытып салды сугарбай.
Жер катып, көргөн күнүмдү
Тарылтты, бийик чыгарбай.

Көрбөдүм өнүн кетмендин,
Чагылып күнгө жарк эткен.
Билбеймин кайда кеткенин,
Мени теги ким эккен?

Тамчы суу жок, какшып жатат чоң арык.
Түбүн көрсөң туз төккөндөй агарып.
Каптагандай бардык түздү мунарык,
Көз уялат, кароо кыйын кадалып.

Кескелдирик өтөт сойлоп жанындан,
Чаң ызгыта бултактатып куйругун.
Сары жылан алда кимге таарынган,
Солуп жатат жашыргандай уругун.

Мойнун сунат чөп түбүнөн ташбака,
Мойну кычы, котур болгон эмедей.
Жөргөмүш да торун жайган жантакка,
Чымын аңдыйт эч нерсени кенебей.

Тиктеп турат күн асмандан бардыгын,
Өчөшкөндөй ысык чачып жаркырап.
Айгак мисал созот чындык ырларын
Таш аралап чоң суу сайдан шаркырап:

Муса кеткен бул жерден
Кишидей ишин бүтүргөн,
Муратбек аны имерген,
Берип айран, сүтүнөн.

Андан кийин, артынан
Көчө качкан Туратбай,
Танбаган ата салтынан
Турмак беле түн катпай.

Сагынып Муса курдашын,
Келер деп күздө күтпөгөн.—
Казан менен тулгасын
Көк уюна жүктөгөн.

Кайда барам десечи,
Тундурса да кулагын
Айдаганы беш эчки,
Ызылдаткан улагын.

Өлчүдөй жайлоо көрбөсө,
Ичпесе мөңгү суусунан,—
Чыгып кеткен Музтөргө,
Көбүргөнгө жутунган.

Атагелди, Назарбай
Алар менен бириккен,
Кошо кеткен Базарбай,
Кур калчудай ириктен.

Иши кылып чачканы
Ойлогондой болчудай,
Эгип жазда пахтаны
Күздө келип орчудай

Түшүнүшкөн опоңой
Арпа менен буудайдай,
Жүрүшөт чөлгө жолобой,
Ысыгында уу бардай.

Тууп таштап, карабай
Учуп кеткен кукуктөй,
Пахта бар деп санабай
Же там салып бүтүшпөй

Кетишкен бойдон баары тең
Кайдалыгын билгизбей,
Кайтуу керек дебестен,
Кылчайбай качкан илбирстей,

Жүрүшөт тоонун башында,
Ойлошпойт пахта чабыгын
Же болбосо жазында
Оңдошпогон арыгын.

Аларды алып келем деп,
Жок издеген адамдай
Түнкатар кетип, келе элек,
Жүрөт бекен табалбай?

Бирдей эмес көрүнүшү бүт жердин,
Көргөзгөндөй киши карап бакканын,
Төмөн жакта, жалбырагы түптөрүн
Жашырууда тегиз чыккан пахтанын.

Ар жагынан ийрилип чоң суу агат,
Ар жеринен койдой таштар көрүнүп,
Өйүзүнөн чычырканак кубарат
Алда кимди карагандай өңүлүп.

Жалт-жулт этип көмөч нандай кетмени,
Өмүрүнүн бешигиндей ушул сай,
Күндөн сактап үстүндөгү чепкени,
Бирөө келет алыш жактан басып жай.

Тармал кара сакалы бар ээгинде,
Кулайт ага тер мончоктоп бетинен.
Иши көптөй арыктын бул жээгинде
Эмненидир издегенсийт четинен...

Таш көрүнсө, алып таштайт арыктан,
Ылайканы шилейт анын түбүнөн,
Бүтөйт шашпай тешиктерди суу аккан,
Жыланайлак багалегин түрүнгөн.

Мандайынан терин сүртүп, күбүрөп
Өзү менен сөз сүйлөшөт бир өзү:
„Какшып калгыр...кумга житкир“—сөгүнөт.
Неге мындай барбы суунун күнөөсү?

Турган жандай күнгө кактап далысын,
Бер жагында, арасында пахтанын,
Тыңшагандай арык шылдыр кагышын,
Бирөө тиктейт пахтасынын шактарын.

—О, Болотбек! Суу жеттиби алдыңа?
Добуш салат кара сакал чаңырып.
—Агеттерге жылжып кирди, ал мына!
Жарга жетип заңк дей түштү жаңырык.

Келди бирөө, оозун чүмкөп челектин,
Кыштак жактан чоң жол менен кашкайган.
Тура калды түбүн көрүп теректин
Бийик чыккан, бутактары апсайган.

Келген мисал көптөн берки сагынткан,
Бири түздөн, бири тиги арыктан,
Байге алчудай чаңырык-чуу салышкан,
Бир бирине кыйкырышты алыстан:

— Ахмат аке!
— Жусуп келди, көрдүм мен!
— Келиң эрте!
— Сыйлайт бекен эт менен?

— Эттен кемби
Сүт катыктуў таруу аш?
Ахмат келди
Кара сакал, өңү жаш.

—Он кишиден
Үчөө калдык тукумга.
— О, койчу сен...
Кой, Болотбек, кутурба.—

Ахмат шашты
Чоочугандай башкача.—
Кара басты,
Мамыр кайда, айтпаса?

—Айтып жатам
Мен ошону табалбай.
Алда качан,
Жеп кетпесе жагалмай.

—Кеткен бойдон
Түнкатар да жоголду,
Же жайлоодон
Жиберишпей койгонбу?

—Баары жети...
Улам бирден жоголду.
— Ооба дечи,
Ишиң кайдан оңолду?

— Биз үч адам
Тукум калдык алардан,
— Сен калба таң,
Бул абдан аз саналган

Үч адамдан
Эл куралып, болор көп,—
Жанган нурдан
Жарык алар төгөрөк!

— Чөл сактаган
Аштыкчыдай үч адам
Же пахтадан
Мурун түшүм албаган,

Же пахтанын
Ачылганын көрбөгөн,
Айры-Тамдын
Ысыгына көнбөгөн.

Неге мында
Саргаябыз мынчалык?—
Бизге пайда
Барбы мындан кылчалык?

— Ахмат аке,
Сизге жакпайт бул кылык!—
Болотбекке
Жусуп карайт мылжыйып.

Болотбектин
Ичи бышып ансайын,
„Бүгүн эркин,—
Деген өңдүү,—жаңсайын“

Көбүк чачты:
—Өзүм жалгыз каламын,
Жалгыз башты
Жайлоо көрбөй багамын.

Барың кеткин,
Багылбай калса малыңар,
Үстүндө чөптүн
Жыргар болсо жаныңар.

Барыңарды
Жайлоо жатса чакырып,
Арга барбы,
Ичкиле кымыз сапырып.

Каламын мен
Пахта карап, чөл сактап.—
Мен бул жерден
Кетким келбейт кылчактап.

Иштегенди
Жутар болсо, ушул жер
Жутсун мени,
Түк айтпаймын: „жардам бер“.

Иштеп, иштеп,
Анан таштап кетсин ким?
Көргүлө тиктеп,
Эгелери бул жердин.

Ушул жерден
Жаралгансыйт жүрөгүм!
Ушул жерден
Карыш кетпей жүрөмүн.

Азырынча
Колго тийген байлык жок.
Азырынча
Үмүт менен кардым ток.

Мен ишенем
Эмгегиме, териме,
Үмүт менен
Карайм пахта жерине.

—Капаланба,—деди Жусуп,—мынчалык,
Сени таштап биз кетпейбиз бул жерден.
Ахмат айтты: „кайрат курун курчанып
Алсаң керек, алдан ойлоп билгенден?

Биз кеткенде, барарыбыз кайсы жай?
Жайлоо жайлап, багарыбыз кайсы мал?
Же биз үчүн барбы бекер сары май
Же таштардан турмак беле агып бал?

Өзүбүздө токол эчки жок туруп,
Кимдин малын карамакпыз биз анда?
Жайлоо малдуу, бирок ташбоор жокчулук
Жолубуздан тосуп турмак барганда.

Муратбектин али көптүр айраны,
Бирок, бербес биздейлерге бекерден.
Көзү чуңкур—толбос бурсаң дайраны,
Алкын бузуп, эңсегени бекер жем.

Жылкысы бар, кою көп деп айталык,
Союшуңа бербейт бирок семизин,
Ойлойт кайра алуу ыгын кайтарып
Биздер алган аты менен өгүзүн.

Айран берер малын баксаң, иштесең,
Урса дагы кыңк этпестен кул өңдүү.
Көзгө саяр эт жегенин тиктесең,
Баш ийбесең чобурундай жүгөндүү.

Ошон үчүн кете берсин каалаган,
Мен кетпеймин куусаң дагы жанындан.
Күткөнүм чоң бул пахталуу талаадан,
Шек санаба, Болотбегим, чалындан."

— Мен да кетпейм,—деди Жусуп,—шек кылба,
Атасы бир өз агандай көргүнүң!
Биз өңдүүлөр биргелешкен жакшы да
Татуу болуп бүлөсүндөй бир үйдүн.

Эктик пахта, өстүрөбүз таштабай,
Жеткенинче үчөөбүздүн алыбыз.
Аз экенин асыл нерсе пахтадай
Көргөзөбүз, болсо намыс—арыбыз.

Болотбектин жайнай түштү көздөрү,
Ачылгандай пахтасынын чанагы.
Кубангандан ойлогон жок өзгөнү,
Кулагында акыл сөздөр жанагы.

Ал кубанды тирилгендей энеси,
Жусукесин кучактады баладай.
Угулгансып атасынын кеңеши,
Өзүн сезди күчкө дыйкан жана бай:

—Мына бул сөз жакшы мага алмадай,
Иштен ийги күтпөйт намыс кылбаган.
Үңкүйбөйлүк көчпөй журтта калгандай,
Кайрат болсун ийилбеген, сынбаган!

— Түнкатарбы келе жаткан тигинде?
— Ошол окшойт...жалгыз өзү боз атчан!..
Кубанышты, бүт карашты тигиле,
Эңкейгенде ал боз атчан кашаттан.

### 2. Биригүү

I

Түгөнүшү тизмектелген тоолордун,
Көк тирешкен сепилдерге окшогон.
Ачылышкан чоң ооздору коолордун,
Агын суулар, эч ким алдын тоспогон.

Адырлардын аяк жагы. Бир нече
Там дүмпүйөт. Суу агат чоң арыктан.
Ат аралап, эчки жүрөт дебесе,
Көзгө тааныш, бул баягы Айры-Там.

Аңыз сары. Эчак баары жыйналган.
Бир да жан жок аны малдан коруган.
Уй ынтыгат тойгондуктан кыйналган.
Кыргый шакта таранчыны тооруган.

Турган өңдүү жерге күндөн зер учуп,
Жалбырактар бактан түшөт казандап.
Чөкө таандар өтүшүүдө учушуп,
Үйлөрүнө кайтышкандай базарлап.

Төмөн жакта сайдын бою караят,
Ар кай жери кар жаткандай агарып.
Анда жүрөт үч-төрт аял аралап,
Кээде чогуу, кээде бирден таралып.

Өйдө жакта эшигине сарайдын
Эл чогулган, той кеңешин кургандай.
Болучудай ойлогону далайдын...
Жаңылыкты көбү күтүп тургандай...

Кээ бирөөлөр отурушуп алышкан,
Кээ бирлери тик турушат отурбай.
Сөз андышып кулактарын салышкан.
Муса четте кетүүчүдөй кошулбай...

Чоң столдо кызыл менен жабылган,
Катарында Түнкатардын күлүңдөп
Олтурат бир алыс жерден жаңыдан
Келгенсиген агыш киши, көзү көк.

Күрөң чачын өстүрүптүр кырбастан,
Бети түксүз—сакал, мурут алынган.
Бир башкача ырайымдуу нур жапкан
Өңү жайнайт жаралгандай жалындан.

Калың көйнөк үстүндөгү кийгени,
Жылдызы бар чоң кайыш кур белинде.
Балбан өтүк энчисине тийгени,
Тыкан бою кеңеш берет: „эринбе!"

Кыдырата карайт баарын сөз айтпай,
Божомолдоп тааный албай тургандай.
Ким сүйлөсө—угат бузбай, талашпай,
Ар бир айткан сөзгө көңүл бургандай.

Сөз бергенде өйдө турду шашпастан,
Курун ондоп, тартып койду этегин.
Билген эрдей: баарын айткан катпастан
Мындай кезде максатына жетерин...

Баркылдады колун созуп алдыга,
Жаркылдады стол четин таянып.
Жылуу сөзүн арнап жатты жардыга.
Эл алдында туруу кайда аянып:

— Атым Иван, жумушчумун,
Москвадан келдим мында.
Белимдеги эски курум
Көптөн тааныш Түнкатарга.

Бир болгонбуз жумуштарда,
Иштегенбиз билгендей.
Бир киргенбиз уруштарга,
Туйгун тирге тийгендей.

Келдим мында Москвадан,
Жиберген үчүн партия.
Бардык иштен берем жардам,—
Жоокер туура антына!

Мекенимдин жоокери мен,
Жиберген жакка барамын.
Айтам кабар көп нерседен,
Ачкандай тарых барагын:

Бизде жеке дыйкан эң көп—
Жыйырма беш миллион.
Берекесиз болгондой чөп,
Жеке чарба оңбогон

Айдайт жерди тырмактайдан,
Андан аз алган түшүмү.
Пайдалануу техникадан
Кыйын ага, көп түйшүгү...

Пахта болсо бардыгынан
Кыйынырак көрүнөт...
Экпей курсун жеке дыйкан,
Боконосу сөгүлөт.

Азыр бизге баары керек,
Жумушчу көп баштагыдан.
Ал себептен көрбөйбүз жек
Тоодой болуп жыйналса дан.

Чапан керек далыңарга,
Эч ким муну талашпас.
Ошондуктан барыңарга
Айтпай коюу жарашпас:

Пахта керек эгинден көп,
Бардык жерге өспөйт пахта.
Аны бизге кимдер бермек,
Ал алтындай керек чакта?

Өсөт пахта ушул жерде,
Угунуздар жек көрбөстөн:
Эң пайдалуу бул силерге,
Эгиш керек шектенбестен!

Бирок, жеке дыйкандарга
Моюн сунбайт ал эч качан.
Ал тоң моюн өнбөйт дыңга,
Тереңайдап жыртпасаң.

Тоготпойт ал буурсунду,
Ага керек трактор балбан.
Талап кылат турушунду
Барың чогуу албан-албан.

Бир аз мурун мында силер
Баарын билген адамдардай
Артель болгон экенсиңер.
Бирок да бекип калалбай,

Кетиптир таркап көбүңөр.
Артелде калган төрт адам,
Мынаке, карап көрүңөр,
Курсагы тойгон пахтадан.

Билишкен сырын пахтанын
Эки жылдын ичинде.
Көргүлө терип жатканын
Балдарга чейин кичине!

Алышканы гектарынан
Азырынча көп эмес.
Анткен менен пахтасынан
Элестейт көзгө бир элес:

Бир аз жыл өтөр арадан,
Жазуу өчпөс дептерден.—
Албайт анда гектарынан
Азыркыдай беш центнерден.

Алышат эчен тоннадан,
Калбагыла буга аң-таң.
Кампаңарга толот дан,
Жарыйсыңар пахтадан!

Дагы айтарым: төрт адам,
Качышпаган пахтадан,
Артелден кетпей жармашкан,
Баштаган ишин жактаган.

Бир атадан төрөлүшкөн
Кишилердей бир тууган,
Бир орунда көгөрүшкөн,—
Жакырчылык утулган.

Табышканын жыят бирге,
Энчиси бир төртөөнүн.
Жалдырашпайт түк эч кимге.
Эстеринде өткөн күн...

Ушулардын үлгүсүнөн
Үйрөнгүлө дегим келет.
Артель болсо көп кишиден:
Эмгек арбып, эмгек жеңет.

Бай жумушун иштегендер
Бүт келишет бирикмеге.
Адам акын жеп көнгөндөр
Чоңдук кылмак анда кимге?

—Кетсе Муса, Туратбай—
Жок болбойбу Муратбай,
Жай келгенде суу акпай
Какшып калган булактай.

Болотбектин сөзүнө бул
Баары күлдү каткырып.
Эл көңүлүн көтөрдү ушул,
Эл көңүлүн шат кылып.

Сөз угулду Түнкатардан:
— Муратбек кимди эзбеген?
Барыбызды ал талаган,
Барыбызды тепсеген.

Али жүрөт тоготпой,
Колунда мал, колунда жер.
Андайларды жоготпой,
Оңолушпайт бул кедейлер.

— Иштетиш керек пахтага!
— Айлансын ал пахтабыздан!
— Алар бекен ат бага?
— Эрчибейт го аркабыздан?

— Ат бакпай ал жерге кирсин,
Жакын келбей алыс жүрсүн.
Баштагы барктан түңүлсүн,
Анан иштеп күн көрсүн.

Алыш керек бүт жерин,
Алыш керек аттарын!
Алар—акы кедейдин,
Ал малды мен баккамын.

— Ошол туура,—деди Иван,—
Анын аты өч алмай.
Арыктабайт тап душман
Алкымдан муунтуп жок кылбай.

Ал үчүн керек биригүү,
Ойлогула өздөрүң.
Керек азыр киришүү,
Ишин улап төртөөнүн.

Ушулардын баскан жолун
Көп жыл мурун сызган Ленин.
Партиянын ойлогонун
Жобурады оозум менин.

Дыйкандарды артелдерге
Бириктирүү жүрүп жатат.
Тиешелүү бардык элге,
Душман гана тетир басат.

— Азыр эле
Ыктыярдуу деген элең...
— Өзүңөргө
Кеңеш салам дегенден

Келсек мында
Жакшылыкты угууга...
— Ооба, ооба...
Ал ушундай чынында.

— Анан неге
Тетир басат,—дейсиң,—душман?
— Мындай кезде
Бирге жүрбөй, ырк бузган

Душман болбой
Ким болмокчу, ал анан?
— Бир аз орой,
Түнкатар, бул айтылган.

Ыктыярдуу,
Кирет буга каалаган,
Намыс-ардуу,
Болочогун самаган.

Кааласа ким
Жерден көптү алууну,
Жатпастан тим,
Ойлосо алга барууну,

Ал кылчактап
Карап турбайт арт жагын.—
Алга чуркап,
Көккө ыргытат калпагын.

Адаштырган
Каалаганды жолунан
Анык душман.—
Анын барба соңунан.

Ушуну мен
Айтмак болгом,—деди Иван,—
Бирикмеден
Орун табат умтулган.

Сурап калды Муса колун көтөрүп:
— Коёбузбу жыйнап чогуу тапканды?
Атагелди өйдө турду жөтөлүп:
—Беребизби алып чыгып катканды?

— Төрт кишинин жеңил эле жарасы,
Ошон үчүн бир тууганда й турушкан.
Бир топ алыс аз менен көп арасы:
Бири жоомарт, бири зыкым курушкан.

Көпчүлүктүн малын кантип бир жерге
Чогултабыз? Жетпей турат акылым...
Тапканыңды жыйна дейбиз кимдерге?
Көзүм көрбөйт бул иштердин акырын...

Иван күлдү Туратбайдын сөзүнө,
„Ишенгиле, чын айтамын“ дегендей
Элге карап колун басты төшүнө,
Ошол жерге айтчу сөзү келгендей:

— Кайда кетти айтылган сөз баятан?
Калыпсыңар бирин дагы кармабай.
Андай болсо, айтылганды дагы айтам,
Бир аз угуп туруңуздар жадабай.

Бирикменин үч түрү бар. Ал мындай:
Биринчиси „коммуна“ деп аталат.
Болбойт анда жеке менчик кымындай,
Ортолукка мал-мүлкүңдү бүт алат.

Ортолуктан тамак жейсиң, киесиң,
Жериң, малың, үйү-жайың ортодо.
Тапшырганды иштегенди билесиң,
Табылганды бүт саласың ортого.

Бирок, азыр болбойсуңар коммуна,
Ага көп бар, ага шарт жок бул кезде.
Экинчисин „артель“ дейбиз, ал мына!
Кедейлерге болбос буга кирбеске.

Артель болсоң—жерди ортого бересиң,
Жумушчу мал, курал-шайман биригет.
Эгиниңди, пахтаңды бир эгесиң.
Керек болсо ортолук бак тигилет.

— Дагы бир сөз,—деп Түнкатар козголду,—
Келбедиби заманасы кедейдин,
Бакыт сулуу кедей менен дос болду!
Кубангандан сөз табалбайм, не дейин ..

Мал фермасы болуу керек артелдин,
Ошон үчүн артык малдар алынат.
Артель ойлойт малды кышта кантерин,—
Чөп чабылат короо жай бир салынат.

Өзүңдүкү сааган уюң, үй-жайың,
Эчки, коюң, алма, өрүгүң, там аркаң.
Өз үйүңдө казан менен аягың,
Ун-талканды ташыбайсың Таластан.

Иштегендин эмгек күнү жазылат,
Кирешебиз эмгек күнгө бөлүнөт.
Ким түшүнсө—иштейт, эмгек ашырат.
Көп иштесең эгин да көп берилет!

Көп иштеген акчаны да алат көп,
Көрдүңөрбү кедей жолу кененин!
Көрдүңөрбү кубанычтуу Болотбек,
Ал мындай дейт: „Пахтаны мен эгемин!"

Түшүн, кедей, коробосун эч нерсең!
Орто дыйкан, коркпой киргин артелге,
Ал сеники шымаланып иштесең,
Иштөө жактан тажрыйба бар сенде.

— Мени жазгын,—деди Муса,—кайра мен
Артель болом. Айыбым бар. Кечкиле.
Болотбектен калышпаска сөз берем,
„Адашкандын айыбы жок" дешчү эле.

— Мени жазгын,—деп Туратбай кыйкырды,—
Кирген элем Муратбектин тилине...
Эми билдим: ал бай эмес, сыйкырчы
Көптү сүйлөп тийди менин жиниме.

— Сыйкырчыдан бай жакшы эмес, бил аны.
Алдабаса бай болуптур ал кайдан.
Бай тилинин астында бар жыланы,
Арбап турат. Сактан, кедей, андайдан!

— Мени жазгын,—деди туруп Базарбай,—
Мен да келдим, мен ойлондум кайрадан.
Уялгандан бетим кара казандай.
Карчыгадай түнөгүндө айланган,

Кайра келдим. Араңарга алгыла.
— Мени жазгын,—деди Мамыр арт жактан.—
Качкандардын бары келдик алдыңа.
Пахта чабам, билбейминди айтпастан.

— Мени! мени!—мени!—дешти туш-туштан.—
— Бир атым бар, ортолукка кошомун.
— Мени жазгын,чарчабаймын жумуштан,
Көрүп жүргөм, тилин билем гозонун.

— Мени,—деди Жакып молдо созуп кол.—
Артель болом, алыңыздар, өтүнөм.
— Жок, молдоке, кетиң мындан! Сөз ошол...
— Кетсин!—деди улам бири жекирген.

— Айтыңызчы: кандай ишке жарайсыз?
Билесизби сугат ишин пахтанын?
— Кетсин мындан, аны неге карайсыз?
— Ал иштебейт, ишин бузат башканын.

— Артель болбойт. Артелинди бузганы
Келген чыгар атайылап бул жерге...
Жакып молдо— жакшылыктын душманы,
Жамандыгын тийгизбеген кимдерге.

Кубалашты чогулуштан молдону,
Чыгаргандай чоочун койду короодон.
„Койгулачы“ деген бирөө болбоду,
Болбогондой ага жакын жологон.

Түн киргенче чогулушту созушту,
Эки жүздөй киши болду жазылган.
Өгүз, атты ортолукка кошушту,
Болду кээ бир атым жок деп жашырган.

— Жунус аке, кайда буурул аргымак?
— Өткөн базар бергем сатып салыкка?
— Мени менен ойнойсузбу жаңылтмак?
Кечөө күнү ушул эле арыкка

Минип келип, сугаргансыз өзүңүз,
Кыйкыргансыз: „о, Түнкатар, аманбы?!“:
Азырынча түнөргөн жок көзүбүз.
Көргөн иштин чынын айткан жаманбы?

Баары күлдү, эч ким оозун жабалбай.
Буга кайрып айтуучу сөз табалбай
Жунус калды, башын жерден алалбай,
Ууру кылып колго түшкөн адамдай.

Аягандай ага барды Назарбай,
Желкесине таштап койду чоң колун,
Кыйналгандай сыр капкагын ачалбай,
Кыңылдады көңүлүндө болгонун:

— Мындан ары калп айтпа,
Өрттөнүп кетсин сакалың.
Уятың жокпу бир атча?
Ушуга мен капамын.

Атың турат тамында,
Артелге кош аны сен!
Ат эмес, малдын баарына
Өзүңдөй эрдин ары тең!

— Уят болдум,
Ат курусун...
— Өйдө тургун,
Кой, Жунусум!

— Дурус эмес нээтин бизден бөлгөнү.
— Арты күүгүм айткан сөзүн ойлобой.
— Эр кишинин уялганы—өлгөнү,
Кечирбесек болор көмбөй койгондой.

— Кечирели!
— Кечирилсин!
— Жетер эми...
— Тилге келсин!

— Атым тургай, бар мүлкүмдү алгыла...
Колу менен көзүн басты. Ыйлады.
— Кой дегиле, колтугунан алгыла!
— Жакшы киши... Жунусту да сыйлады.

— Иван дейби? Иштейт экен болуп ким?
— Иштейт окшойт кантон ченде... жер бөлүм...
— Айтты жана: „жыйырма беш миңчимин“.
— Ал эмнеси? Баары бурду көңүлүн.

2

Төрт бригада. Бригадири биринин
Түнкатардын Болотбеги талбаган,
Сырын билет Айры-Тамдын жеринин.
Кайсы түз бар Болотбек тиш салбаган.

Бардык жерин айдап салган күзүндө,
Шашылбаса болбочудай эч нерсе.
Шүдүгөрдү жакшы көрөт өлгөнчө,
Жаны жыргап, эс алгансыйт иштесе.

Кышы менен бир күн тынчып көрбөгөн,
Оңдоттурган жаз шайманын, камдаган.
Эрте турган, кийин жаткан өңгөдөн,
Жумуштарга кишилерди тандаган.

Чогулттурган көңдүн бекер жатканын,
Жыгач жонуп, кетмендерди саптаган.
Кошко салчу өгүздөрүн, аттарын
Бапестеген, байге атындай таптаган.

— Жунус аке, Буурул жакшы багылсын!
Буурул менен сиз тартасыз маланы.
— Багып жатам ойлобостон анысын,
Карап турам карагандай баланы.

— Ушул туура, багыш керек баладай!
— Мал курусун, жаралгандай денеден...
Туралбаймын бул аттарга карабай,
Малды мынча жакшы көрөм неге мен?

— Ошон үчүн ыйлагансыз түшүнбөй,
Мал жандуусуз, ошондуктан сизге мен
Ат бактырдым, көрбөсөм да кичүүдөй.
Табылдыбы жумушуңуз издеген?

— Табылды, чын, жыргап калдым аябай!
— Жыргаганды жыл бүткөндө көрүңүз.
Сиз ошондо сүйүнөрсүз баладай,
Күн астында жарык болор өңүңүз:

Эмгек күнгө эгин, акча беребиз!
Көп иштеген көп алганда барынан,
„Мен да кетмен чабат элем“ дебеңиз,
Боз баладай атасына таарынган?

Карап туруң, өтпөй аз жыл арадан
Пахтаны сиз малдан жакшы көрөсүз.
Жыргал болот ар бир түбүн караган,
Кырманына түнөгөнгө көнөсүз.

— Болсун, мейли, көнүп кетсек жакшы да,
Атым кетсе, болгон элем өлчүдөй.
„Кетменди мен алмашпаймын камчыга“
Деген элем камчы бакыт берчүдөй.

Анын баары көнгөндүктөн эмеспи,
Көнүп алса жаман кесип жок белем...
Кичүү туруп бердиң далай кеңешти,
Алкыш сага! Өз инимден көрбөйм кем!

Андан чыгып, барат ары сарайга;
— Жусуп аке, чигит кандай? Тазабы?
— Созулат го аны билүү далайга,
Аз эмес да иргеп кароо азабы...

— Азап эмес, арты жыргал болгон соң.
Кейибеңиз. Аары эмеспиз, кыйналбай,
Бак аралап, учуп-конуп, гүл соргон.
Иш болобу тез камынып, жыйналбай..

Кыйналбастан жанын баккан эч ким жок,
Аюу дагы үңкүр казат кыш үчүн.
„Ак алма быш, оозума түш“... ал жомок,
Кумурска да азык камдайт күнү-түн.

Жүрө берсек ийнеликтей чырылдап,
Эч ким бербес, көктөн түшпөс жарты нан.
Ачка болсоң ыр да чыкпас кыңылдап,
Белгилүү да не болору артынан..

Андан жөнөп, барат ары Мамырга,
Көрөт анын дөшү менен барсканын:
— Кандай жүрүп жатат жазга камылга?
Кандай шаңдуу көрүгүңдү басканың!

— Мейлиң эртең чыгарсаң да кошуңду
Өзүң билгин, кам санаба мен жактан.—
Темир жумшап, камыр өңдүү созулду
Тийген кезде балбан барскан ал чапкан.

Арсак тиштүү мала турат жыйналып,
Бүктөп койгон керегедей көрүнгөн.
Болот тиштер жалтырашат кырданып.
Бурамалар жүгөрүдөй төгүлгөн.

Көмүр жанып, ысык келет чогунан,
Кыпкызыл от... алкымынан устанын
Тер тамчылайт. Кылар айла жогунан
Отургандай, сунуп койбойт буттарын.

Сүйлөгөндү сүйбөгөндөй жүрөгү,
Шашып бүтүп, башка жакка барчудай,
Барскан согот, карабайт эч бирөөнү,
Жалгыз өзү жазды тосуп алчудай.

Бригадири, „түшүнүптүр“ деп ойлоп,
Кубангандан билбей калат айтканын:
— Бул эмгекти баалабастан ким коймок,—
Сиздин колдо жарым иши пахтанын!

Андан кетип, барат ары Мусага,
Көрөт анын күрөк кармап турганын,
Ырыслыгай күнгө жайып, супада
Ак чигитке ак колдорун сунганын.

— Эсенсизби?—дейт Мусага Болотбек,
Бирок, көзү Ырыслыгай тарапта...
Сыйган желге саамай чачы үлпүлдөп,
Жүрөгүнөн чок ыргытат заматта...

— Жайыш керек ашыгырак он күндөн,
Шамалдасын, күндү тартсын боюна,
Айтчу сөзү качат анан көңүлдөн,
Айдан-жайдан бир ыр келет оюна:

„Чаңга батып жүрсөң да,
Чыттан көйнөк кийсең да:
Сен сулуусуң ак мандай!—
Жарашат кийим ар кандай,

Жаз сүрөтүн тарткандай.
Алкымың ак, жүзүң ак,
Гүл ачкандай бардык бак
Же ай нурун жапкандай!“

Чоочугандай карайт кайра Мусаны:
— Формалин дейт, бир дары бар сонун эң!
Үч-төрт күндө келтиребиз биз аны,
Ал дарыны былтыр гана көргөм мен.

Чигиттерге аны куят, дарылап,
Андан кийин сууга чылайт, билиңиз.
Үй ордундай чуңкур казың арырак.
Эртең бүтсүн, сурайт сизден иниңиз.

Жаны тынбай барат улам бирине,
Ойлогондой: „калбасын бул катардан.“
Түнөп жүрүп Түнкатардын үйүнө
„Түнкатардын Болотбеги“ аталган.

Басса, турса ойлогону артели,
Артелине арнап койгон бар күчүн.
Төраганын „баракелде!“ дегени
Эң чоң сыймык, эң чоң сыйлык ал үчүн.

Басса, турса кетмен түшпөйт колунан.
Ал куралы мылтыгындай солдаттын.
Алып таштайт таш кезиксе жолунан,
Байкап өтөт көрүнүшүн жан-жактын.

Бардык ташты терип алып айдоодон,
Арыктардын жээктерине жыйдырган.
Айдоодогу тартиби жок соройгон
Тикенектүү бадалдарды кыйдырган.

Түнкатардын айткандарын аткарат,
Түнкатарча ар бир ишке киришет.
Түнкатарча, жумуш бүтсө, шаттанат.
Анын сырын жолдоштору билишет.

3

Күн жылыган, март айынын акыры,
Муса кейип, Түнкатарга арызданат:
—Кайда кеткен Болотбектин акылы?
Кечиктик го, качан эгүү башталат?

„Убакыт бар“. Андан башка сөзү жок,
Жүрүп жатат камырабай, кенебей.
Билбей калдым, неге мынча көөнү ток?
Балаң түшкүр, көпкөнүбү ченебей?

Базарбайлар эгип бүтүп калышты,
Күн жылууда жакшы дешет эрте эккен.
Эгер кезде семирткичти салышты.
Алардыкын бир да барып көрбөстөн,

„Жаман!“—деди колун шилтеп Болотбек,
Билбейм, деги, кандай болот кечиксек?
Өз билгенин бербес кежир, өтө көк,
Болбойт беле көп кечикпей бүтүрсөк...

Күз башында тоңдурма айдар алдында,
Гектарына көндөн он беш батмандан[1]
Беш чейректен[2] суперфосфат салды да:
„Жакшы!“—деди. Кала бердим мен аң-таң.

— Капаланбай, иштей бергин айтканын,
Анын дагы бир билгени бар чыгар?
Байкагыла иштин бардык жактарын,
Билгениңер күндөн күнгө артылар.

Былтыр эккен марттын аяк жагында,
Быйыл кандай ойлогонун билсин ким?
— Сен билерсиң кошо жүргөн жанында,
Сыры сага белгилүүдүр иниңдин?

Арпа болсо айтар элем ойлонбой,
Эгер элем сурабастан бирөөдөн.
Билбеген иш. Оозду таңып койгондой
Сөз кайруу жок, түшүналбай турам мен.

---

[1] *Батман*—тонна
[2] *Чейрек*—центнер

— Жаңы жумуш. Айтуу кыйын эмитен
Ким түз иштеп, ким жаңылып жатканын.
Билсе болот күзүндөгү жеңиштен,
Кыйшык-түздү айтат өзү пахтанын.

— Болотбек да келип калды, карачы!
Формалинди алып келди көрүнөт?
Талбай сызат анын жетик канаты,
„Иш“ дегенде күлүк аттай бөлүнөт!

— Ит болдум-э!—деди Муса сөгүнүп,
Колу менен уруп алды өз санын.
Кетпесе да чеке тери төгүлүп,
Сүртүп койду мандай ылдый каштарын.—

— Чуңкур казып бүтмөк элем мен бүгүн,
Унутупмун унуткандай ырларды.
Бригадка эми не дейм, катыгүн...
Кыйын... кыйын... мындан жаман чыр барбы...

Аш ичкенди унутпаймын неге мен?
„Чигитинди чыла“ десе не деймин?
Ойго түшүп тапшырмалар берилген,
Уктабастан неге кайгы жебеймин?

Ошол замат үйүн көздөй жүгүрдү,
Барар менен баарын иштеп салчудай.
Кетмен издеп, аны таппай бүлүндү,
Азыр тапса, азыр бүтүп алчудай.

Ырыслыгай атасынын шашканын
Көрө сала чоочуп кетип, сурады:
— Эмне болду? Баары жокту чачпагын...
— Чачпаганда жумуш күтүп турабы...

Кетмен кайда? Болбойт бүгүн казбасам...
Биле коюп унуткарып кеткенин,
Кызы күлдү:—Кайдан билем айтпасаң.—
Там артынан алып келди кетменин.

— Дары келди, турат чуңкур казылбай...
Чукуп кирди супасынын жанынан.
— Болбойт анда, ойлон, ата, шашылбай.
Келтиресиң сууну кайсы жагынан?

Казыш керек экчү жердин четине,
Сууга жакын, те тигинде, арырак.
Муса күлдү өзүнүн бул ишине.
Бир нерседен уялганда ар убак

Күлө турган ушул өңдүү баштатан.
Уялганы өз кызынын алдында
Аз келгенсип, кийик карап аскадан,
Тургансыды тал шылдыңдап жанында,

Шылдың кылып карайт музоо ар жактан,
Шылдың кылып суу шарылдайт чоң сайдан.
Карап өттү короо жакка бараткан
Кара серке каптал жүнү сапсайган.

Эшиктери жабылбаган үйлөрдөн
„Айлөк, айлөк“ дешет оттор жанышкан.
Кемпир өңдүү калжың кылып сүйлөгөн
Бүкүр терек карайт кырдан — алыстан.

Кемчиликтер эске түштү заматта,
Өткөн-кеткен иштин баарын ойлоду:
Билбей туруп не керегин пахтага,
Болотбекти текшергенди ким койду?

Чуңкур кандай казыларын билбеген,
Билбегендей бүркүт ийин казганды.
Бирок, аны сурагандьі ар көргөн,
Кала берген карап коюп асманды.

Түнкатарга неге барып кармалды,
Кур дегенде сезбей өзүн пахтакер?
Ушуларды ойлогондо арданды,
Уялгандан чекесинен чыкты тер.

— Эсенсизби?— деп Болотбек, асмандан
Түшкөн өңдүү тура калды бир кезде.
Муса билбей не кыларды, шашкандан,
Күч чыгарды өзүн өзү тилдешке:

— Мен куруюн, карыпмын,
Адам болбой калыпмын.
Алжыптырмын, наалыпмын,
Акылымдан таныпмын.

Кечеги сен айтканды —
Чылай турган пахтаңды,
Чуңкуруңду казганды,
Көрчү, бүтпөй жатканды.

Ыгын билбей бир иштин,
Кишимин деп жүрүпмүн.
Чарчаган чобур экемин,
Чаңына жетпес күлүктүн.

— Бардык жер менден көгөрбөс,
Ачык айтып уктуруң:
„Пахтаң" деген кандай сөз?
Не деген сөз „чуңкуруң"?

Жокпу сиздин пахтаңыз?
Чуңкур неге меники?
Сөзүңүздү тактаңыз,—
Зейинимди кейитти.

— Капа болбо, Болотбек,
Абаңды сен көрбө жек.
Тетир айтып жатат деп
Кыла көрбө менден шек.

Айтканымдын маанисин
Ажыратпайм мен өзүм.
Чуңкурду кандай казат де,
Сурабастан өңгөсүн.

Көргөн кезде бүтпөгөнүн чуңкурдун,
Түшө калды Болотбектин эсине:
Муса муну көрбөгөнү түк мурун,
Көрмөк турсун барбаганы четине.

Байкоосуздан келип катуу тийгени,
Сүйлөнгөнү атасындай кишиге.
Мындай орой болбогону илгери,
Буйруганы, жол көргөзбөй ишине.

Бир башкача чымырады беттери,
Тунарыктап карай албай көздөрү.
Унчукпастан кетүүгө күч жетпеди,
Акырындап чыкты мындай сөздөрү:

— Кечирициз, билбептирмин бир ишти,
Сиз билбейсиз чуңкур кандай болорун.—
Жерди ченеп көргөзүүгө киришти:
Кандай болсо, суу кандайча толорун.—

— Узундугу алты кезден ашпасын,
Бийиктиги көп болбосун бир кезден,
Туурасы — төрт. Көргөздүм бейм башкасын.
Иштөө кыйын мунун барын билбестен.

Бүгүн коюң, бара жатат кирип түн,
Эртең менен казышамын келип мен.
— Узак жаша, сенден менин үмүтүм
Эң эле чоң, Болотбегим, сен билсең...

Кош айтышып, бара жатып караса:
Бир аз кыйшык ачылыптыр дарбаза,
Карап турат дарбазага жармаша
Ырыслыгай, кылуучудай тамаша.

Кеч күүгүмү таралгандай сезилди,
Боло түштү күн кайрылып чыккандай!—
Болотбектин жүрөк-боору эзилди,
Колун салып бирөө алып тыткандай.

Жалгыз гана эшигине Мусанын
Жакшынакай байчечекей өскөндөй,
Жер үстүнүн сулуулугу—кучагын
Жайган бойдон турган өңдүү өзгөрбөй,—

Карап турат мени кара дегендей,
Жарга чыккан жоогазындай жарашып.
Күлүмсүрөйт, ойлогону тереңдей,
Жарык чачып келеткандай таң атып!

Эмнеликтен карай салды баратып?
Боз уландын жаш жүрөгүн талашып
Тарткан жокпу өзүн көздөй каратып,
Бир сөз айтпай мычкып, эзип, канатып?

Ай сыяктуу жерге жарык төгүшү,
Акын көрсө турбас эле мактабай:
Көз алдына келет жакын ак жүзү
Күздүн күнү чоң ачылган пахтадай!

Дарбазаны жаба салды, жашынды
Эшигине Муса жакын барганда.
Көз алдынан баа жетпеген асылды
Жоготкондой, болду бозой арманда...

Кайра тартып келип турат баргысы,
Бирок, билбейт кандай шылтоо табарын.
Гүл сыяктуу кыстарынын алгысы
Келген менен ыгын таппайт барардын...

Оңой эмес — ак пахтасы ачылган
Өнүн буруп кайра жапты чанагын.
Кимдир бирөө сүйүү катын жазылган
Далдалады, кайра бүктөп барагын.

Оңой эмес — айы батты жаркыган,
Байчечеги чөгүп кетти иңирге.
Көкүрөгү көлдөй толкуп чалкыган
Токтой калды айлампадай шимирме.

4

Болотбектин талаасында адам көп,
Жүрүшкөндөй чогулушуп жер көрүп.
Бардыгы да айдоо үстүн кетмендеп
Эңкейишет, анда сыр бар өңдөнүп.

Араң эле жерден башын чыгарган
Эки айрылган кулагындай чычкандын
Өсүмдүктөр бүткөндөй көк ырандан
Сезишкенсийт каткан кыртыш кысканын.

Ал көгөргөн өсүмдүктүн, араңдан
Башбагышкан, жерден чыгып карашкан
Кээсин үзүп, кээсин түзөп ар адам
Шашып иштейт бирөө бардай талашкан.

Бүтөлүшөт жаракалар - жыртыктар,
Жымың этет тийген жери кетмендин:
Үгөлөнөт каткан кесек, кыртыштар,
Көөнү ачылат анда чигит эккендин.

„Өг!“ дегенсийт эс алгандай жаш гозо,
Кылка тартып жипке тизген берметтей,
Азыр чыга калышкандай окшошо.
Жердин үстү чайпалгансыйт терметпей.

Жегенелеп жатышпайбы пахтаны,
Суюлтушуп коюу чыккан жерлерин.
Муса кагып алаканга чакчаны,
Карап койду өзү кылган эмгегин:

— Жетинчи күн биз бүткөнгө эгүүнү...
Жакшынакай чыкты бири калбастан!
Мен аябай корккон үчүн, өгүнү
Ойлогомун: „Артта калат жай баскан“.

Калган жокпуз. Кечикпепсиз эч кандай...
Ар бир иштин мезгили бар турбайбы.
Көнүптүрбүз жер сызынан сактанбай
Эгип эрте арпа менен буудайды.

Шашуу керек эмес тура билбестен,
Жаман болду Базарбайдын абалы.
— Шашып эккен айткан тилге кирбестен.
Бүт текшерип үйрөнгөндөй абаны:

„Жылдагыдан такыр башка быйыл жаз,
Түшүмдү көп алат имиш тез эккен,“
Айтар элем: „киши барбы жаңылбас...“
Бирок да мен кутулгамын милдеттен.—

Айткам ага: „жылыган жок топурак,
Сыз бар жерде. Эккен менен эмитен,
Чигит өнбөй чирип калат, болгун сак!“
Уккан эмес, кайра мага терикken:

— Кайдан келген пахтакерсиң сен өзүң?
Мактанасың баарын билип алгандай.
Муратбектин коюн багып жүргөнсүң,
Үйрөтпөгүн, сага кеңеш салгандай!

Сенин атың Болотбегин билемин,
Кандай болсо сырткы кейпиң, ирециң
Дал ошондой ичиң менен жүрөгүң,—
Мени тартып артка коюу тилегиң.

Ушунчалык ойлобогом аны мен,
Байкоосуздан муздак сууну башыма
Куйган өндүү ичиркенгем, жаман эң,
Боло түшкөм муз тургандай чачыма.

Унчукпастан басып кеткем жанынан,
Оң ийниме арта салып кетменди.
Чыдай албай, өлө жаздап арыман,
Эп көргөмүн урушпастан кеткенди.

Көргөн барбы кар жатканда жеринде
Алып чалгы максатына жеткенди?—
Билген барбы марттын орто ченинде
Жан талашып шашып пахта эккенди?

Кайра баштан эксин эми чигитин,
Эрте баштап кийин калат шашылган.
Тыныкпастан чуркаса да күнү-түн
Жетпей калды — даяр жол жок казылган.

Эми баштап эгип бүтөт беш күндө,
Андан кийин чыккычакты бар беш күн.
Көп кечикти. Ачылбастан күзүндө
Кыйнайт аны,— колго тийбейт мол түшүм.

Барбаганмын, болбогомун көп жерде,
Башка жердин мен билбеймин кандайын.
Мени менен кеңешкиле эгерде,
Биздин жердин сыры мага дапдайын:

Жаз эң эрте келген жылы чигитти
Эгүү керек март коштошуп кетерде.
Андан мурун эккен дыйкан чиритти,
Базарбайдын иши буга эскерме.

Жаз кечиккен жылы болсо, эгүүнү
Бүтүү күнү — апрелдин он беши.
Андан калсан, ойлобогун жеңүүнү,
Айдан-ачык ойдогуңду бербеси.

Ойлогондой бир аз туруп, кокустан
Айтты Муса Болотбекти жалт карап:
— Менин атам чукугандай сөз тапкан
Сөзмөр болгон, бирок айтчу кайталап:

„Намыс көрбө үйрөнгөндү бирөөдөн,
Билбегенди сурап билгин тартынбай.
Башка жерде иш болсо сен көрбөгөн,
Барып көргүн — пайдалуудур алтындай?

Башка бирөө айтса сага билгенин,
Бузуку деп ойлобогун текшербей.—
Керек жиптин алгын колго тийгенин,
Керек сөздү таштабагын эскербей.“

—„Карынын сөзүн капка сал!“
Качан болсо акыл ал.—
Дарттуута даба эмеспи
Аарылар гүлдөн жыйган бал!

Карынын сөзү — эл сөзү,
Аарыдай жыйган эл өзү!—
Ой гүлүнүн шириси,
Кылымдардын мөмөсү.
Билбесең пахта эгүүнү,
Ар көрбө сурап билүүнү.

5

Жер үстүнө төшөлгөндөй түр килем,
Күнгөй ташы жашырылган чөп басып!—
Жел дыр этсе деңиз толкуп тескейден,
Көңүл ачат жыпарынан жыттатып!

Балдар анда гүл теришип барышат,
Өздөрү да жаз гүлүндөй жакшына!
Кызгалдакты көрө коюп жарышат,
Каткырышат жүргөн жерин шат кыла.

Тепсеп ала жаздаганда бир бала,
Чоочуп кетип, уча качат боз торгой,
Чөп түбүндө, гүл бураган талаада—
Уя басып үргүлөгөн козголбой.

„Бырп“ дегенде чөпкө тийип бырыксып
Үлбүрөк жүн калат калкып абада.
Жерден чыга калгансыган бул чымчык
Кандай кызык ойноо кезде балага.

Бардыгы тең селт дей түшүп, кайрадан
Аңтарышат чөптүн түбүн токтолбой.
Угулгандай чымчык үнү сайраган,
Аны менен көптөн берки достордой,

Жумурткасын көрүп, бирок алышпай
Тынч коюшат козгобостон уядан.
Андан ары коймок беле жарышпай,
Кырды көздөй жүгүрүшөт кыядан.

Бактар эчак оронушкан жашылга,
Бермет мончок тагынышкан шактары,
Ар бир бутак айлангандай асылга,
Атыр чачат анын бардык жактары.

Өрүк гүлүн эчак жерге таштаган,
Гүл ордуна жүгөрүдөй көк өрүк,
Башын ийип анар онтой баштаган,
Күнгөйдөгү чие мисал көгөрүп.

Булбул таңшыйт бутагында алманын,
Тандап күүнү мактап ырдайт багбанын.
Мактайт булбул алма мөмө алганын,
Тыңшайт алма булбулдун үн салганын!

Жыгачтарга жөлөп койгон көп жүзүм
Чылбыр таштап чыгышууда тырмышып.
Асман көпкөк, кур дегенде бир үзүм
Ак кебездей булутта жок. Күн ысык.

Чымын учуп, аары конуп ызылдап,
Бак арасы той түшкөндөй эң кызык.
Бүт айлана тойгон уйдай кышылдап,
Магдыратат балбан жерди тер кысып.

Адамдар көп ачык жерде карайган,
Кетмен, күрөк жарк-журк этет ар жерден.
Семирткичти, ар жактагы сарайдан
Арабада улам ташып келтирген,—

Төгүшүүдө арасына гозонун
Көрүнбөгөн барбаганга аралап,
Табышкандай өңдөш-түздөш кошогун,
Айдоо, пахта көзгө бирдей карарат.

Бири ташып, бири төгүп үңүлө,
Бири шилеп чачат аны күрөкчөн,—
Өсүмдүктүн ар биринин түбүнө
Каалашкандай жакшылыкты жүрөктөн.

Чачышканы койдун кыгы жана да
Жытсыз нерсе кошуп койгон аммиак,
Ал жасалган заводдордо, калаада,—
Химиялык жер семирткич ундай ак.

Ар бир түбү бер деп сурап жаткандай,
Чачышууда текши карап барына,
Өрдөк - казга кочуштап дан чачкандай,
Колу менен жем бергендей малына,

Ырыслыгай жерге койгон самбилден
Селитрди сузуп алды Болотбек.
— Өзүң келтир суранбастан ар кимден!
Кимди көрдүң иш бүтүргөн күрөктөп?

Кыз шылдыңы боз балага кээ бирде
Катуу тийсе мылтык менен аткандай,
Өтө назик, жумшак тиет ал кээде
Кыздын колу беттен сылап жаткандай.

Болотбекке сезилди бул эң жакшы,
Бир жагымдуу ыр уккансып кулагы.
Шаттык күнү жашынбастан башбакты,
Чыкты күлкү, бардай анын булагы.

— Шашпай тургун, сузат көптү күрөгүм,
Күрөк менен далай жумуш бүтүргөм,
Далай ишти бүтүргөнү жүрөмүн,
Күрөк менен ийгиликке жүтүнөм!

— Бардыгын тең күрөк менен бүтүр сен,
Культиватор-тракторду жолотпо...
— Мына, сага сүйлөй берсе кеп экен,
Жүрдүң беле эч нерсе жок колотто?—

Айдаганда тракторлор бүт жерди,
„Универсал“ сеялканы тартканда,
Беш күн мурун кубандырып биздерди.
Культиватор жумуш иштеп жатканда,—

Пахта түбүн жумшартканда ал кирип,
Каткаланды ундай майда кылганда,
Жүргөн кезде агет тартып салып жик,
Отоо чөптү тамырынан жулганда,—

Карап турбай, жүргөн элең кай жакта?
— Чычалаба кемтигинди тапканга,
Техникабыз иштеп турган убакта
Жүрөгүңдү күрөгүңө чапканга,

Айта салдым, капа болбос күрөгүң?
Чач, Болотбек, семирткичти чачар кез.
Ушунчалык арзан болсо жүрөгүң,
Чап, Болотбек, күрөгүңө аны тез!

— Жүрөгүмдү күрөгүмө чаппаймын,
Жүрөк ээси күрөк эмес — билерсиң?
Бирок, айтсам: „күрөгүмдү мактаймын!"
Дагы мени шылдың кылып күлөрсүң.

Күрөк, кетмен керек бизге ар качан.
Пахта болбойт селитрден салбасаң.
Үч мертебе суперфосфат, кык чачсаң,
Өзү бүтпөйт колго күрөк албасаң.

Семирткичти күрөгү жок чачкан ким?
Трактордон чачкандарды көрбөдүм.
Далай иште керек мага күрөгүм.
Кетмен менен бүтөм иштин эң көбүн,—

Жегенелөө кетмен менен иштелет,
Жети чабык, жети сугат... кандай көп...
Культиватор отоо чөптү өлтүрөт,
Бирок, андан өлбөй калат кээ бир чөп.

Ага дагы керек кетмен-күрөгүм,
Пахта койбойт колго күрөк карматпай.
Ошон үчүн кетмен алып жүрөмүн,
Мылтыгы жок журалбаган солдаттай.

— Солдат имиш, — күлүп койду жарк этип,
Турпак менен уруп койду төшүнө,
Самбил алып басып кетти шарт этип,
Ай көрүнүп Болотбектин көзүнө!

Арт жагынан карап Болот бурулду,
Колдон түшпөй кошо карап күрөгү.
Көкүрөктүн дүкүлдөшү угулду,
Ээрчип аны бир кетчүдөй жүрөгү.

Бүт айлана карагансыйт артынан,
Бара жатат күн кызындай жаркылдап.
Бактан чыгып булбул үнү таңшыган,
Бирөө ырдайт созуп бийик шаңкылдап:

Кык чачышып, жаныңа
Барсак дейбиз, кыз бала.
Ишти сүйгөн отуңа
Жансак дейбиз, кыз бала.
Самбилиңди колуңдан
Алсак дейбиз, кыз бала.

Болотбекти ойлондурду чыккан үн:
Бул сонун ыр — Ырыслыгай жөнүндө!
Бул жаман ыр өрттөп барат жүрөгүн,
Эске салып көрбөгөндү өңүндө.

Бул сонун ыр — Ырыслыгай макталат,
Отко теңейт жаш кайратын сулуунун!
Бул жаман ыр — кызгануулар башталат,
Шектүү кылат сүйүүсүнүн тунугун.

Бул ким болду бычагы бар ырында?—
Тилип кетти Болотбектин жүрөгүн.
Бул ким болду, аёо билбей ырымга,
Колун сунган сүйүүсүнө бирөөнүн?

6

Эсеби жок миң-сан жылдыз жыбырап
Карашкансыйт басышканын жаштардын.
Тал чынарга сөз айткансыйт шыбырап
Майдын жели козгогондо баштарын.

Арыктардан суу шылдырайт күү курап,
Ашыктардын ички сырын тапкандай.
Аны туурап ышкыргандай үн улап,
Айлуу түндө таңшыйт булбул ак таңдай.

Ай-жылдыздын жарыгында жарашып
Кыз, боз улан колтукташып басышат.
Аба жутуп, айлананы карашып,
Бак ичинде бакты көздөй шашышат.

Жол боюнда, чоң түп чынар түбүндө
Орундукта бир бирине жабышып,
Олтургандай жашырынып күүгүмгө,
Бирин бири колдон кармап алышып,

Олтурушат Ырыслыгай, Болотбек,
Ары - бери өткөндөрдү тиктешип.
Бирин бири карап коёт „жаным“ деп,
Ушул сөздү табышкандай издешип.

Улам бири айтат аны бирине,
Ошол бир сөз көктөн жаңы түшкөнсүп.
Же болбосо үйлөрүнөн бул жерге
Келтиргендей арабага жүктөшүп.

Сулуусунан сөз сурады боз улан:
— Билесиңби ырдаганды баягы?
Арабызды бузабы деп чоочунам,
Жаман болуп чыкпас бекен аягы?

Ырыслыгай кыткылыктап бир башка
Боорун тырмап күлдү бир топ бул сөзгө.
Оңой бекен өзү түшсө талашка,
Мындай кезде арга барбы күлбөскө.

Колу менен Болотбекти жаагына
Чапты секин орубасын дегендей:
— Сенден башка ким бар менин багыма,
Шегиң кайсы менден кайгы жегендей?

Ал ырдаган Назарбайдын Нурланы,
Тамашакөй кезиккенди күлдүргөн.
Жатка билет дүйнөдөгү ырларды,
Түк эрикпес аны менен бир жүргөн.

— Билем, — деди Болот дароо эс алып, —
Ал ошондой шайыр эме көрүнгөн.
Укпаганмын ырдаганын мынчалык,
Ошон үчүн таанибадым үнүнөн.

— Билесиңби анын кимди сүйгөнүн?
Туратбайдын Нуруйласы кумар көз!
Жүрөгүнүн чокко түшүп күйгөнүн
Ырга кошкон, айдан-жайдан курап сөз.

Бардык мүлкүн, бардык затын дүйнөнүн
Нуруйланын тырмагына теңебейт.
Алдына кой жер жүзүнүн гүлдөрүн,
Көрбөйт аны, сулуулугун элебейт.

Теңештирген Нуруйланын бетине
Айды, күндү. Жылдыз куру калбаган.
Нуруйланы ыраа көрбөйт эч кимге,
Ыры мындай Нуруйлага арналган:

„Эй, Нуруйла!
Ай, Нуруйла!
Ак жүзүң жаркыраган жай, Нуруйла!
Байлабай туткун кылган бир көргөндү
Сулуулуктун сыйкырына бай Нуруйла.
Сенин бир жарк дей түшүп күлгөнүңдү
Алмашпаймын асмандагы ай нуруна!
Мейли теги,
Ушунчалар эрмеги
Болсок мейли,
Келчи бери!
Сүйчү мени!
Элебей эч нерсени,
Бирге жашап, бир жүрөлү,
Мындан соңку өмүрдү
Бир сүрөлү!
Күлүшүң түштө тийген күн, Нуруйла!
Турушуң бакта ачылган гүл, Нуруйла!
Ак бетиңди жарк эттирчи бир бурула,
Атыңды ыр кылайын кыйла, кыйла“.—

— Акын экен сөздү тизген шурудай,
Нуруйлага айды, күндү калтырбай
Жамаштырып, ыр жазыптыр сулуулай.—
Нуруйласы күлсүн күндөй жаркылдай!

Менин көзүм бөлөк бардык көздөрдөн,
Түк карыкпайт сени карап туруудан.
Бир өзүңдү артык көрөм өзгөдөн,
Ай өйдөбү сендей асыл сулуудан?

Жарык кылсын күн жер жүзүн ар күнү,
Сенден жарык күтөт менин жүрөгүм.
Атыр чачсын бакка түркүн гүлдөрү,
Мен бир гана сени жыттап жүрөмүн!

Мен кармасам колуң жумшак кебездей,
Туруу кыйын ырга кошпой, мактабай.
Мен карасам түшөт ак жай элестей,
Бетиң аппак ным көрө элек пахтадай!

Оозуңду ачсаң тиштериң ак күрүчтөй,
Толук дандуу чигит окшош мен эккен,
Жылтырашат өгөп койгон күмүштөй!
Айтчы, жаным, кайсы зергер ширеткен?

Чырмалгым бар кара жибек чачыңа,
Эс аламын сен жай берсең жаныңан.
Карап койсоң, бүркөлгөн күн ачыла
Калган өңдүү пахта жакка камынам.

Көзүң жакшы үмүтүндөй жаштардын,
Бир эле күн карабасаң сагынам,
Көңүлүмдө көө сүрткөндөй каштарың,
Бүттүң беле жүрөгүмдүн канынан?!

Жерде гүл бар, асманда — күн, жылдыз, ай.
Көркүң артык, сен сулуусуң алардан!
Бирок, муну ачык көрөт жаңылбай
Менин гана көзүм менен караган!

— Жакшылап көр, коркутпайбы кебетем?
Кыз, келинден эч бир теңдеш жаралбай,
Пахта гана болду сулуу мага тең...
Күлдү селки боорун жерден алалбай.

7

Башкармадан чубап чыгып жатышат,
Чогулушу жаңы гана бүткөнбү?
Бири менен бири кызуу айтышат,
Кимисине артык жумуш жүктөлдү?

Иван чыкты Болотбекти куттуктап:
— Партячейка, ийгиликтүү иштеңиз! —
Бир аз жерге басты бирге колтуктап, —
Кылчактабай, алды жакты тиктеңиз!

Жакшы болду! Алга жылсын ишиңер!
Түнкатарга баарын үйүп салышкан,
Жок сыяктуу андан башка кишиңер
Же Түнкатар жеке чыгып жарыштан,

Сыйлыгына алган беле баарын тең:
Партячейка, колхоз башчы, сельсовет?
Туура болду бирин алып кемиткен,
Бир киши үчүн калганы да өтө көп.

— Жеңил беле менин жүгүм баштагы
Бригада́ элүү гектар пахталуу?
— Бир гана сен карабайсың пахтаны,
Сен үчүн жат болуу керек актануу.

— Актанбаймын, коркуп жатам чынында,
Жакшы билбейм партиялык иштерди.
— Мунуңузга ишенбеймин ырымга,
Иштен коркпос баатырлар дейт сиздерди!

Сиз большевик. „Коркомунду" айтпаңыз.
Баштагыдан жумушту тез бүтүңүз!
Баштагыдан жакшы болсун пахтаңыз!
Баштагыдан он эсе көп күчүңүз!

— Кайдагы күч? Турам буга түшүнбөй?
— Колхозуңда коммунисттер он чакты,
Күч кайда бар коммунисттин күчүндөй!
Уюштурса болот ишти эң жакшы!

Беш жыл мурун бир Түнкатар бар эле,
Ошондо да „коммунист бар“ дегенбиз.
Эми мына таянабыз силерге,
Эми биздер эл ичинде кененбиз!

Өткөргүлө партияга Нурланды,
Өткүр жигит тартынбай чын сүйлөгөн.
Жан алгычтан жаман көрөт кууларды,
Мүнөзү бар калп айтканды сүйбөгөн.

Звеного башчы койсо Мусаны,
Мен ишенем, иштеп кетет эң сонун.
Тартынбастан байкап көрүң сиз аны,
Тапшырыңыз звенонун бошоңун.

— Койсок экен аны кимдин ордуна?
Билдим, — деди, — начар иштейт Назарбай.
Жолуккандай ныксырама ооруга
Илең-салаң; калган өндүү басалбай.

Ошол замат арт жагына бурулуп,
Муса менен Назарбайды карады.
Бардыгына тааныш үнү угулуп:
— Бери мында! — деп чакырды аларды. —

— Звенону Мусакеме тез бериң,
Колдон келбес ишке болбойт урунуш.
Сиз чабасыз баба дыйкан кетменин,
Өзүңүзгө көптөн тааныш бул жумуш.

Бир кубарды, бир кызарды Назарбай,
Кысталышта калгансып жол табалбай.
Сөз кабынын оозун дароо ачалбай,
Токтой калып, айтты минтип анан жай:

— Көп ракмат, иним, сага бул үчүн!
Алып салдың үстүмдөгү жүгүмдү.
Пахтаны мен сугарайын, үмүтүм,
Карт жүрөгүм бүгүн катуу сүйүндү.

Кутулгандай басып турган залкардан,
Жеңил боло түшкөнүмдү көрдүңбү?
Кыйын экен билбей туруп башкарган,
Кум киргендей өйүйт экен көңүлдү.

Узак жаша, кайгы чекпей бир да күн!
Өмүр бою көгөрүп тур арчадай!
Гуаннемдей[1] жадырап тур күнү - түн,
Өмүр бою гүл ачкандан чарчабай!

— Токтой турчу,— деди Муса тартынып, —
Бул кандай иш колдон колго өткөргөн?
Жүк эмес го жолго чыккан артынып,
Звенону башкарабы түш келген?

Назарбайдан эмнем артык бул менин?
Кашкулакка салганымбы капканды?
Мен билгендей анын бардык билгенин,
Ал да мендей билет кетмен чапканды.

— Сиз коммунист! Ушул сөздү унутпаң.
Коммунисттер кылчакташпайт мындайда.
Коммунистке не бар артык жумуштан,
Көп ойлонуп түшә бербең убайга.

Иштөө керек тапшырганды партия,
Ошон үчүн партияга өткөнсүз.
— Өөн эмеспи акыл айтуу картына?
Болотбек, сиз, бир азырак өктөмсүз...

Шашты Болот Ивандын бул сөзүнөн,
Сел келгенде качалбастан шашкандай.
Бирок, көрдү бүт айыпты өзүнөн,
Суранбастан баспас жерди баскандай.

Бул абалды сезе калып Назарбай,
Чыканакка түртүп койду Мусаны.
Анан алар турушкандай качалбай,
Кош айтышты: „Биз пахтага учалы!"

Болотбекти жаңы көргөн адамдай
Карап туруп, Иван айтты: „өтө тез,
Ойлонбостон бүтүрдүңүз, бул кандай?
Кеңешпестен иштей салчу иш эмес.

---

[1] *Гуаннем* — Өмүр бою гүлдөп турган бадал, Африкада жана Азиянын түштүгүндө өсөт.

Партиялык чогулушта талкуулап,
Башкармага коюу керек андан соң.
Түнкатарга тийбес бекен катуурак?
Мындай кылуу жаңылыштык абдан чоң.

Мындан ары оюңузга алыңыз,
Жаңылышты оңдоо керек жаппастан.
Бейшембиде райкомго барыңыз,
Кененирек сүйлөшөлү шашпастан."

8

Түн бир убак. Батып барат иймек ай.
Бак тынч турат. Жел жок аны ыргаган.
Узагырак күңүрттөнөт чуңкур сай,
Тоо калкаят бир орундан жылбаган.

Кыштак жымжырт, дарбазалар жабылган.
Жуушаган мал сыяктанат үйлөрү.
Терек-найза түн көлүнө малынган,
Таттуу уйку кучактаган дүйнөнү.

Кыйшык мүйүз уй үргүлөп, жанында
Музоо жатат казыгына жанаша,
Тынч алуучу учуру бар анында,
Чөп тандап жеп, кечке курган тамаша.

Ар жагында эшик жакты баштанып,
Бутун сунуп көңтөбөнүн үстүндө
Дөбөт жатат өз кулагын жазданып,
Дем алышка бошогондой үч күнгө.

Отун койгон жыртык сарай бурчунда
Ак мекиян басып жатат жумуртка.
Ал түшүндө чыгат тыттын учуна,
Андан ары шуңгуп кирет булутка.

Басып жүргөн эч ким жоктой эшикте,
Коңуругун тарткан эчак кемпир, чал.
Таттуу уктап бөбөк жатат бешикте,
Таң аткыча уйку тынчтык, уйку бал.

Жаралгандан уйкуну түк көрбөгөн
Бир гана суу, жолоочудай ал тынбай,
Жолун тартат арыктарда түнөргөн,
Кээ жеринен ай чагылып жаркылдай.

Кишилердей атаандашкан суу менен
Колдоруна кетмендерин алышып,
Болотбек баш, пахтакерлер иргелген,
Түн күзөтүп чыгышчудай жарышып,

Пахталардын арасында жүрүшөт.
Караңгыда бирин бири карашат,
Бирин бири тамашалап күлүшөт,
Өздөрүнчө сөз маанисин талашат...

Бири жүрөт баш жагында алыштын,
Кечет сууну резинка өтүкчөн.
Кээ бирлери ортосунда арыктын
Түрүнүшкөн, бут кийимди чечишкен.

Агеттерди издеп табат, суу бурат,
Жылжытышат ар бирине аз-аздан.
Бардыгынан бир калыпта чубуртат,
Өлчөбөстөн, таразага салбастан.

Көз өлчөмү таразадан кем бекен
Сугатчыга таразаңды мактаба.—
Көрүп, болжоп сууну көп жыл ченешкен,
Мыскал ашык жиберишпей пахтага.

— Атагелди, кайдасың?— дейт Туратбай.
— Мен мынаке өзүм сага баратам,
Алыш байлап, сууну буруп суратпай.
— Тезирек бол, кетмек болду атып таң.

— Кыйын экен карыганда түн каткан,
Не болмокчу эртең күндүз сугарса?
— Жаңы көчүп келгенсиби бир жактан,
Күлөр элең башка бирөө сураса.

— Күлөм неге? Жүрбөдүкпү өгүнү
Ушул жерди күндүз эле сугарып?
— Ооба, тентуш, мунуңдун жок төгүнү,
Ал кезде биз күн-түн бирдей сугардык.

Азыр күндүз сугарууга жарабайт,—
Пахта гүлдөп жаткан чагы бул убак.
Күндүзгү суу илдет болуп аралайт,
Билсең, анда кимдин шору курумак?

— Ушундайбы? Кайдан билдим аны мен,
Быйыл гана өтпөдүмбү бул ишке.
— Мына сага, айта берсе кеп экен...
Ойлойсуң го ушуну да билишке

Бир топ жылдык тажрыйба керек деп?
Кантип эле уккан жоксуң эч кимден?
Нечен айтты муну бизге Болотбек.
Агроном барыбыздан көп билген

Ар күн келип, айтат бизге он сыйра.
Укпай аны кайда жүрдүң теги сен?
— Агроном нечен айтты, бул туура.
Кандай кылам көп сөздөрүн билбесем?

Быдыратат буудай кууруп жаткандай,
Сан-миң сөздүн кайсы бирин кармаймын?
Азыр мына көзүмдү сен ачкандай
Көрүп турам, муну тана албаймын.

— Карап көрчү, барып көрчү этегин,
Чыкты бекен бардык жерден суу агып?
Атагелди алды ийнине кетменин.
Ошол замат шимиргендей мунарык,

Төмөн карай аяк шилтеп жоголду.
Ант бергендей мында карап турбаска,
Жашынчудай түн чепкенин орнду.
Көздөн кайым боло калды бир паска.

Анан анын үнү чыкты заңкылдап:
— Баары текши! О, Туратбай, уктуңбу?
— Бардык жерин карап көргүн жакшылап.
— Баарын көрдүм. Башка жерден жык сууну.

Ушул кезде түндөн сойлоп бир караан
Чыга келди. „Ким?“ дегиче болгон жок:
— Түнкатарды кимдир бирөө жайлаган,
О, Болотбек!— деп кыйкырды ал токтоп.

—О, бул шумдук... эмне дейсиң? Кимсиң сен?
Болотбектин тааныш үнү чаңк этти.
— Мен Нурланмын. Кеңсеге бар тезинен.
Ошол замат кайра тартып ал кетти.

„Шумдук!“—деди Туратбай да кыйкырып.
„Шумдук!“— деди Муса дагы жогортон.
Атагелди төмөн жакта шылкыйып
Турду жандай бир нерсесин жоготкон.

Карангыга кошулгандай караңгы
Бардыгынын тунарышты көздөрү.
Кимдир, бирөө: „ырбатам деп жараңды“
Жаткан өңдүү калчылдашты өздөрү.

Болотбектин от чагылды көзүнөн,
Бирөө аны көзгө муштап ийгендей.
Турган жерден тана жазды эсинен,
Таш куланып төбөсүнө тийгендей.

„Жүгүр, Болот!“ деген сөзү Мусанын
Ачты көзүн суу сепкендей бетине.
Кармай калып тыттын ичке бутагын,
Аттап өттү чоң арыктын четине:

—Мен барайын. Дүрбөлөңсүз болсун иш.
Күн чыкканча жүргүзгүлө сугатты.
Эртеңки түн — акыркы түн, анан биз
Бул арыктан суу көрбөйбүз бир тамчы.

Башкаларга өтөт суунун кезеги,
Бүтүрбөсөк — калганыбыз кем ичип.
Толбойт анан пахтанын да эсеби,
Бөтөн бирөө жардам кылбас беришип.

— Бара бергин, кам санабай бизден көп,
Бизге дагы кереги бар пахтанын!
Көз алдына элестетти Болотбек
Түнкатардын канга батып жатканын..,

Аз күн болгон, Муратбектин кайрадан
Келгендигин көрдүк дешкен көп адам:
„Отуз ашык төөлөрү бар айдаган"...
Бирок, билбейт жүргөндүгүн ал кайдан,

Бирөө айткан: „уйгурларга жүк тарткан
Кошулуптур, шерик болуп ишине.
Кебетеси качып келген камактан,
Түк жолобойт өңү тааныш кишиге."

Бирөө айткан: „Жакып молдо бир жүрөт,
Тилектештер кошулушуп алышкан.
Ал бул жерде не кыларын ким билет,
Кечээ күнү көрүп калдым алыстан."

Үч күн мурун Мамыр жүргөн кокуйлап:
„Көп төө кирип тепсеп салды пахтамды..."
— Ким сен үчүн сакчы болуп отурмак,
Жаман көрсөң түндө пахта бакканды?

Түнкатардын каары келген бир далай.
Андан кийин түн ичинде жатпастан,
Атка минип, пахта жерин аралай
Жүрчү болгон эч кимге сыр айтпастан.

Бүгүн барса бригадага экинчи,
Төөлөр жүрөт пахтаны жеп жайылган.
Мойнун созуп карап калды четкиси
Караңгыда каракчыдай сайылган.

Ортосунда от жагышып үч адам
Олтурушат жомок уккан балдардай,
Кам санашпай тебеленген пахтадан,
Төө багууга жер кестирип алгандай.

Түнкатарды көрө коюп, үчөө тең
Качуучудай ыргып тура калышты.
Бирок, качпай, келген кимсиң дебестен,
Астын тосуп, тизгининен кармашты.

„Муратбекпи?“ — дегичекти болбоду,
Аңдып турган жаналгычтай көрүнүп,
Жакасына жете түштү колдору,
„Өлдүң!“ — деди өз алдынча сөгүнүп.

Түнкатар да камчы салды атына,
„Чү!“ деп койду, эки буттап теминип,
Кармаганды жыкты жерге жапшыра
Көк жоргосу араң турган элирип.

Куштай сызып жөнөй берген чагында
Тарс дей түштү ажал үнү артынан.
Сакчы бардай жоргосунун жалында
Өбөктөдү. Акыректен акты кан.

Экинчи окко жеткирген жок көк тулпар,
Түптүз келди: ал үйрөнгөн бастырма.
Алы кетип, эстен танып Түнкатар
Кулап түштү эшигинин астына.

Кабар берип, ат кишенеп жиберди,
Ойгонушту, чуу каптады үйлөрдү.
Ач көз ажал салган өңдүү чидерди,
Карагандын кара көзү түнөрдү.

Айыл-апа бүт келишти түрүлө,
Ар кимиси эшик алдын талаша.
Көтөрүшүп кийиришти үйүнө,
Чырак жагып, чечиндирип карашты.

Аялынын чыңырганын уккандай
Көзүн ачты. Бардыгы тең тиктешет...
Аткан ким деп андан сурап жаткандай,
Араң айтты: „Ж-акып... Ж-а-кып.,.
Му-ратбек...“

Анан кайра жума калды көздөрүн,
Андан көпкө келбегендей чамасы.
„Атаганат, айтса бардык сөздөрүн...“
Санын чапты Назарбайдын баласы.

—Жакып молдо?.. отко түшсүн селдеси!
—Ошолор да. Башка жактан ким келсин?
—Жаман тура... Жалган тура келмеси...
—Жакшы болсо атмак беле жердешин...

— Жакшы киши атпайт, урбайт адамды
Жердешинен башканы да көрбөйт жек.
— Жакшы киши айыктырат жаранды
Ал ойлобойт эч бирөөнү өлсүн деп.

— Болгонсуду „Муратбек“ деп айткандай...
— Анык бул иш. Кимдигинде талаш жок.
— Башка ким бар өчөшүп ок аткандай?
— Бул кыштакта ким бар эле колу шок...

— Карап турбай, бириң жүгүр доктурга!
Пайда барбы чогулушуп тургандан?
— Узатпастан кармоо керек. Отурба,
Болотбекке айтуу зарыл, бар, Нурлан!

— Бириң чалгын районго телефон!
Ырыслыгай, сен эптүүсүң мындайга.
— Ойгот баарын, ойгот бирин койбостон!
— Азыр баарын кармап алчу күн кайда!?..

— Кутулушпайт. Баарын кармап алабыз!
Биздин тоолор калкалашпайт душманды.
Биздин токой, ой-кырыбыз, талаабыз
Жашырышпайт бизге нээтин бузганды.

10

Пахта көпкөк, пахта калың, текши өскөн,
Бутактаган, кулач жайып чайлаган.
Пахта бийик, бел курчоого теңешкен,
Бутактардын асты косек байлаган.

Колхозчулар чабак урган балдардай
Пахталардын деңизинде сүзүшөт.
Улак гүлдүн башын тиштеп алгандай,
Козолордун учтарын чырт үзүшөт.

Жарышкандай Ырыслыгай, Нуруйла
Пахта бутап баратышат жанаша.
Алга кеткен, арт жагына бурула,
Ал экөөнүн ак жүздөрүн караса.

Боло калат бир ажайып көргөндөй,
Көңүл өсүп, көтөрүлөт бир паста.—
Кош байчечек көз алдында өнгөндөй,
Көрктүү пахта гүл ачкандай бир башка.

Өндөрүндөй сулуу чыгар ойлору,
Кароо кыйын жат көзүнөн кызганбай!
Кандай аппак экөөнүн тең колдору
Ыпылдашат чабалекей учкандай.

Чабалекей канатындай байкалып,
Чырпый учат пахталардын кыл учун.
Акын көрсө, көңүл толкуп, чайпалып,
Теңейт эле экөөнүн бир турушун:

Бир мезгилде тийип турган ай, күнгө,
Баркыт бетин саймалашкан уздарга,
Бак ичинде ачылышкан гүлдөргө,
Бак үйүнүн төрүндөгү кыздарга!

Ушул жерде Болотбек да, Нурлан да.
Ушул жерде пахта бутап жүрүшөт.
Улам, улам карап коюп буларга,
Эки сулуу шыбырашат, күлүшөт.

Тамашалап ыргытышып коюшат
Өздөрү үзгөн тобурчагын козонун.
Той күнкүдүй көңүл куунак, көңүл шат,
Жолотушпайт ойго кайгы тозоңун.

— Иштегиле шоктонбой,
Ак чөлмөк ойнор мезгилби?
Секунд чуркайт токтолбой,
Сагат күтпөйт эч кимди.

Күлүп коёт айтып Нурлан бул сөздү.
Бирок кайра Нуруйлага ыргыгат
Тобурчакты чымчып үзгөн ал өзү.
— Сагат күтпөй, турат сени иш кыстап,

Пахта бута,— дейт Нуруйла,— ойнобой!
Ырыслыгай кошумчалайт:— мактанба!
Байкап баскын карышкырдай жойлобой,
Кыйын эмес түшүп калуу капканга.

— Коркпо, Нурлан,— дейт болотбек,—
Капкандан!
Чапса мейли, барып түшкүн сен ага!
Кандай жакшы аңчы чыкса кыздардан,
Сурап көрчү, барбы капкан мага да?

Ар жагында, бир аз узак алардан—
Муса,Жусуп пахта бутап турушат,
Гозолордун тиктеп учун карайган,
Аны көздөй жарышып кол сунушат.

Адаттары адамдардын улгайган:
Иштеп жатып сөз салышат көп иштен,
Бүт жер жүзү кутулуу жок булардан,
Кабары бар эчен күрөш, жеңиштен.

Кеп кылышат областта болгонду,
Кеп кылышат Муратбекти кармалган:
— Азоо эле, тоң моюну толгонду,—
Кутулбады биздин кыраан балдардан!

— Жакып молдо, боюн таштап аскадан,
Жок болуптур, болбогондой башынан.
— Айбын ачып, эл берүүчү жазадан
Коркокторчо качып, изин жашырган.

— Түнкатардын алы кандай болду экен?
— Дурус, бирок, жатып калды эң узак.
Кайда жүрдүң алиге бир көрбөстөн?
— Кол бошобойт. Чеканкадан кутулсак,

Барып келүү оюмда бар,—дейт Жусуп,—
Уят экен ооруганды көрбөгөн.
— Ооруганбы бир ай жатса кан кусуп?
Калган эле араң жаны өлбөгөн.

— Анан кандай айтса болот мындайды?
Жарадарбы? Ал дагы оору эң жаман.
Жан кыйналат, бардыгы бир турбайбы,
Эмне деймин сөз таппасам мен анан?

Же Түнкатар өз үйүндө жатса эмне,
Күндө барып алын сурап турууга.
Же болсочу жакынырак бул жерге,
Каалаганда андан кабар угууга.

Кандай жакшы анын аман калганы,
Көрөр күнү, ичер суусу бар экен!
Ыйлаган жок жесир калып алганы,
Жер жүзүндө бакыт барбы буга тең!

Ыйлашкан жок жетим калып балдары,
Аябастан кубанамын мен буга.
Эсендигин тиледик биз чалдары,
Урмат менен карачу эле улуугa.

— Ошон үчүн элеби?
Жок беле башка кереги?
Ал эмеспи колхоздун
Көлөкөлүү тереги!

— Айттың туура муну сен,
Адам аз ага тең келген!
Билип кой, мени билбесең:
Тилеги жакшы киши мен.

Эл муңайса муңайган,
Эл кубанса кубанган
Түнкатар эмес бир гана,
Эрме чөлдөн кубарган:

Зыянсыз жылан өлбөсүн,
Жаманчылык көрбөсүн!
Чакпаган чаян күн көрсүн,
Чөл шыбагы көгөрсүн!

— Ишенемин, оюңда бар жакшылык, —
Айланасын абад кылып, бак кылып,
Жүргөн жерин той түшкөндөй шат кылып,
Ар бир киши күлсө дейсиң каткырып!

Ошондо да барып койгун ооруга,
Көз жалдырап туткун өңдүү жатканда. —
Барабарсың, салып өмүр жолуна,
Түн ичинде чырагданын жакканга.

Аңгычакты коңгуроосу кагылып,
Айгүл жеңе келгиле деп чакырат.
Курсак ачып, көлөкөнү сагынып
Турган Муса, эки көзү чачырап:

— Жүргүн, Жусуп, ысып кеттик, пай-пай-пай,
Көлөкөгө олтуралы,— дегени.
Айгүл жакты бет алышты басып жай,
Ичип шорпо, ысык нандан жегени.

Бири чыгып, бири калбай, экөө тең
Жарышкандар бир жеткендей барышты,
Суу сепкендей салкын, таза, келишкен
Карт чынардын түбүн ээлеп алышты.

Ахмат, Мамыр кошулушту аларга,
Чечиништи түнөчүдөй ушунда.
Мойнун сүртүп, желпиништи жана да
Кыйкырышты: „жагна чай,— деп,— суусунга!“

Айландыра карайт Ахмат жергени,
Ашык жигит карагандай моймолун.
Камдангандай жомок айтып бергени,
Ал сүйлөдү бардыгынын ойлорун:

— Кыргыз жери нурга бай,
Колот-сайы суугa бай.
Соорусундай туу бээнин —
Турпагы күр дыңга бай.

Дың айтыптыр: кененмин,
Берешенмин, беренмин.
Иште, дыйкан, иштегин,
Эмгегиңди жебеймин!

Күн айтыптыр: өндүрөм!
Суу айтыптыр: өстүрөм!
Күткөнүңдү келтирем,
Ойлогонго жеткирем!

Күн айтыптыр: жылытамын,
Ага менин жетет күчүм.
Суу айтыптыр: бир ууртамым
Келишкен чоң бир кап түшүм!

Ошол кезде жандарынан өтүштү
Өңчөй жаштар, Болотбек бар ичинде.
Деген өңдүү: „Булар кайда көчүштү?“
Мамыр карап, күлүп койду кичине.

— Болотбектей асыл жигит бар бекен,
Бардыгыңа тууган өңдүү аталаш.
Колхоз үчүн бул жигит чоң бел экен,
Жаш болсо да эр-азамат, элге баш!

Кечөө күнү бардым тиги бригадага,
Базарбайдан таарынышкан бары да.
Кулак салдым, көңүл койдум мен ага,
Ыразы эмес боз жигит да, кары да.

Нурбай деген абышкасы айтат мындай:
— „Бекер карап отурганча, бекер иште!“ —
Деген сөз бар. Ошон үчүн карап турбай,
Иштеп мен да жүрөм мында таңдан кечке.

Кетмен бизге эчак тааныш, ар ким сүйөт,
Бирок, неге ойлогондой түшүм болбойт?
Мен ушуну ойлогондо ичим күйөт,
Билесиңер, ар жыл сайын план толбойт...

Себеп десең: түк иштебейт бул Базарбай,
Эртеңкиден анын такыр жумушу жок.
Жүргөн жанбы ишин таштап, тез качалбай? —
Кабагы суз кайгысы күч адам окшоп.

Анан бири кубандырды өзүмдү.
Жүрөгүмдү эң чоң сыймык каптады,
Эң бактылуу сезип турдум өзүмдү,
Ал колхозчу Болотбекти мактады:

— Уюштура билсең ишти жадабастан,
Иштөөнүн ыгын тапсаң —
Болот экен аябастан
Чиркин пахтаң!

Мисалы, Болотбекти алалы,
Бардыгыңар билесиңер аны.
Тапкан го дебе алтынды,
Койдун кыгы ташыганы!

Бардыгынан курап
Семирткич жыят,
Суперфосфат ар дайым белен турат!

Анын көгүчкөнү да,
Тоогу да
Пахта тубат!—
Жыйнайт куштун кыгын да.

Досу — суу, сүйгөнү — талаа!
Гүл ачсын дейт бүт айлана!
Пахта, пахта!—
Ойлогону ошол гана.

Чыкса чыгар ал үйүнөн,
Узап сүйгөн жарынан.
Бирок, уруп куусаң да,
Кетпейт пахта жанынан:

Түбүн жумшартат,
Отоо чөбүн курутат,
Учун үзүп кыскартат,
Косектерин кармалайт,
Сулуунун чачын сылагандай!
Кык чачат,
Сугарат,
Ар түбүн жүз айланып карайт,
Ашык жарын карагандай!

Кетменден ажырабайт колдору,
Ошон үчүн орундалып ойлогону:
Кырманы пахтага толду,
Кубангандан кызыл жүзү нурдуу болду!

— Мактадың го базарга сатчу атыңдай.
— Жок, мактады Афендинин кызындай.
Бирок, Мамыр айтты сөзүн тартынбай:
— Мактоо эмес, чынында да ушундай!

Түшкү күндөй калыс бардык кишиге,
Туура жигит, калп сөзү жок баладай.
Жол көргөзөт, жардам берет ишине,
Алыс, жакын экенице карабай.

Иш дегенде чай ичүүнү унутат,
Камкор ата ишти сүйгөн адамга.
Иш кечиксе — суу ордуна уу жутат,
Ишти бүтсөң — кара жаны садага.

Анан бир сөз: эмне үчүн болбосун
Жигитти да кыз сыяктуу мактаса?—
Кыз жакшылап өмүрүнүн жолдошун
Түшүнөбү башка бирөө айтпаса?

Бул сөзүмдү кызы барың угуп кой—
Болотбектей күйөө болсун ар кимде!
Жусуп айтты: Туура чыкты ушул ой,
Жүрүүчү эле менин дагы дилимде.

„Уугум, сага айтам, уулум, сен ук“ деген бар,
Курбум, Муса, сизге карап айттык биз.
Кыз чоңойсо, керек ага сүйгөн жар,
Болотбекти бизден жакшы билесиз.

Ырыслыгай анын көздөп жүргөнү,
Сенин кызың жүрөгүнүн сүйгөнү!
Бизге дайын ага башын ийгени.
Көптөн даяр — ага бүткүл дүйнөнү,

Колдон келсе, бергиси бар тартуууга!
Нечен жолу барып сизге сөз баштап,
Бирок, кайра батыналбай айтууга,
Кеткен экен. Жүрөт окшойт кылчактап?

Ырысдыгай? Ал да сүйөт аябай,
Биз билебиз эчак макул болгонун.
Экөөнө тең өтүү кыйын айдан ай,
Койсок кантет кармаштырып колдорун?

Мамыр айтты Жусуп сөзүн жактырып:
— Той кылалы жыл аягын күтпөстөн!
Жатат дебе мынча неге шаштырып,
Болбойт дебе жыйым-терим бүтпөстөн.

Себеби бул: тез келгени жакшы да
Кимге болсо, бир ажалдан башканын!—
Бардык ишиң ылдам бүтсүн бактыңа,
Жаман болбос бир ашуудан ашканың.

— Кызым сүйсө — менин дагы сүйгөнүм,
Ыгынардан чыгат белем силердин.
Сүйлөшөлү кийим-кече, үй жөнүн
Кыз узатуу салты менен бул элдин.

Той кылалы бүткөн күнү камылга,
Тиешелүү менин тоюм барыңа.
Бир аз күндө, карап көрүп алыма,
Айтып тойго, акыл салам карыңа.

Айтып муну, Муса күлүп карады
Отурганын Болотбектин ар жакта.
Ахмат айтты: „Мусам ишке жарады,
Кыз кубансын той берчүсү бар чакта!“

— Баракелде,— деди Жусуп Мусага,—
Айттырбастан бардык ойду түшүндүң,
Акылдуунун кылар иши ушул да,
Биз ыраазы, баарын өзүң бүтүрдүң!

— Куттуктаймын,— деди Мамыр толкундап,—
Куттуктаймын боло турган тоюңду!
Кары салты той башкарып олтурмак,
Кошом өзүм тойго сойчу коюңду.

### 3. Ийгилик

1

Бүт айлана деңиз чалкып жаткандай,
Кара коңур тартып турат Айры-Там.
Кай бир жер ак гүлкайыр гүл ачкандай,
Кишилер көп. Үйдө бири калбастан,

Жабылыша чыгышканбы талаага,
Жыбырашат ойноп жүргөн балдардай.
Гүл үзгөндөй эңкейишет жана да
Жер тиктешет бүкчүйүшкөн чалдардай.

Кайра баштан тике тура калышат,
Бирөө түзөп, өйдө кыла койгондой.
Бирде токтоп, бирде жылып барышат.
Алга карай баруучу кез болгондой.

Ушул жерде Ырыслыгай, Нуруйла,
Ушул жерде Нурлан менен Болотбек.
„Жаркырайын,— деген жандай,—нуруңа!“,
Нурлан тойбой Нуруйланы карайт көп.

Этектери томпоюшкан барынын.
Элпек колдор бутактарга жабышат,
Калгырбастан чанагына жарымын,
Ачылганын шып эткизип алышат.

Ырыслыгай көлдө сүзгөн чүрөктөй
Жылып барат токтобостон эч жерге.
Барат алда эч бирөөгө сүрөтпөй,
Колун сунса окшойт учкан кептерге.

Эки бирдей ак кол кирет жарышып
Гозолордун ак булутун аралап,
Көздөгөнүн бүтүрүшөт барышып,
Көрүп турган көздүн чери таралат.

Эки жагы бирдей текши тегилет,
Ак жөжөнүн үлбүрөгөн жүнүндөй
Пахталарды этегине келтирет,
Кээде арт жагын карап коёт күлүндөй.

Пахтанын бир жакшы ачылган жеринен
Үзүп алып кошмок чыккан чанагын:
— Бул силерге шооналык деп теримден,
Тамашалайт жигиттердин тарабын.

Алар кантип кур калышсын шылдыңдан,
Болотбек да чеңгел пахта көргөзөт,
Бозой сөзмөр бул учурду ыр кылган,
Нурлан дароо үнүн созуп жөнөтөт:

— Ырыслыгай, Ырыслыгай!
Шоктоносуң тынч турбай.
Талпынасың гозого
Тамырынан жулчудай.
Алуу кыйын дейсиң го
Ак болоттой курчубай?—
Нуруйланы карай салды ал бирок,
Байкоосуздан жүрөгү болк эткендей.
Ырдаганы ойлотпостон оозу шок
Эми гана сезимине жеткендей.

Жалжал көзү күлүп койду сезгендей,—
Жакшы билет сүйгөндүгүн бир өзүн.
Нурлан болсо, бүт „кылмышын“ кечкендей,
Сүйдү кыздын кечиримдүү мүнөзүн.

Ырыслыгай пахта толгон этегин
Чечип койду агетине пахтанын.
Тартынганбы этектердин нечени,
Бары көрдү дагы терип жатканын.

Этек жерде, этек анын төшүндө.
Эч ким билбейт аны качан байланган?
Кабат, кабат этек барбы өзүндө,
Пахталарды чогултууга шайланган?

Тере берет, коёт жерге толгонун,
Башкаларча барбай улам кырманга.
Көзгө илешпейт карап турсаң колдорун,
Ырдаса да карап койбойт Нурланга.

Тергендерин таразага тарттырат
Төрт этектин бары толгон учурда.
Тез тарткын деп ошондо да шаштырат
Убактысын уурдагандай ушул да.

Ошол кезде, толбосо да этеги,
Тарттырууга жетип барат Нурлан да.
Карап турбай келгичекти кезеги,
Эрмек болот ырын арнап кырманга:

Бригадир чаптырган,
Башкармабыз жактырган,
Көргөндүн көөнүн чак кылган,
Аппак кырман, ак кырман!

Теримчи пахта тапшырган,
Тарткычакты шаштырган,
Кургатууга чачтырган,
Аппак кырман, ак кырман!

„Баракелде !“ дешет баары макташып.
Бирок, айтат Ырыслыгай томсоро:
— Неге келдиң эчки эмерден качкансып,
Этегиңди толтурбастан пахтага?

Нурлан анда Болотбекке аттана:
— Байкагын,—дейт,—аялыңдын мүнөзүн,
Сени сүйбөйт, ашык болгон пахтага.
Сен бечара сырын билбей жүрөсүң.

— Кеңеш кылам: сен да сүйгүн пахтаны,
Ашык болгун анын аппак өңүнө!
Катуу тийди селкинин бул айтканы,
Бирок, Нурлан кек алмак жок көңүлгө.

Тамашага айландырып кайтадан,
Кайра баштан Болотбекке тийишет:
— Уккун үнүн күкүгүндүн сайраган,
Угуп аны пахталар баш ийишет.

Каткырышат колхозчулар жаалаган,
„Ырдап кой!“ деп шаштырышат Нурланды.
Болотбек да калышпастан алардан,
Күлүп карап шыктандырат турганды.

— Баарын коюп, ырдагын!— дейт Нурланга.
— Ырым үчүн жазбайсың да эмгек күн.
— Жаз, табелчи, бир эмгек күн бир ырга!
— Анда Нурлан тынбай ырдайт күнү-түн!

— Бир сабак ыр — пахтага тең бир этек!
Ырыслыгай жөнөйт чыгып кырмандан.
Баскан жагын карап калат Болотбек.
Жамгыр өңдүү ыр төгүлөт Нурландан:

Гозо болуп сен терген
Колуңа тийсем ар күн мен!
Этегиңе жабышсам,
Чачтарыңа илешсем:
Түшпөс элем тарасаң,
Учпас элем үйлөсөң!
Ырдайт белем мынчалык,
Жалыныңа күйбөсөм?
Жатпас жаным тынч алып,
Жашырбагын сүйбөсөң!

Кыйкырышты:— өлбө, Нурлан, азамат!
—Нуруйлага арналганбы? Эң сонун!
—Бул ырларды уккан кары жашарат,
Жаштык бардай арасында пахтанын!

—Ырда, жигит, көңүл өссүн ыр менен!
Ырың менен пахта териш жарышып!
—Бир киши жок көңүл ачып күлбөгөн,
Сүйгөн менен өмүр сүр кол алышып!

— Анткен менен барынан аз тергени.
— Биз теребиз, кам санаба, бригад!
—Тергенге тең жаңшап ырдап бергени,
Теримчиге чакырыктай угулат!

2

Кырман аппак кар чогултуп койгондой!
Пахта каптап Мамыр, Муса шашылат.
Барган жактан кайткансымак жол болбой
Арбакечтин оозу аңырдай ачылат.

—Жүктөгүн,—дейт Мамыр капты көргөзүп,—
Жумуш жоктой карап бекер турасың.
Бардык киши ойноп мында жүргөнсүп,
Көңүлүңдү башка жакка бурасың.

Бирөө анын кулагына шыбырап:
„Кечиктиң“ деп ойготкондой уйкудан,
Арабакеч, эки бети чымырап,
Уялгандан капты көздөй басты ылдам.

Ак пахтаны алып барып эрдине,
Кырс эткизе чигитинен бир тиштеп:
—Эң жакшы,—дейт карабастан эч кимге.
„Эң жакшы!“ дейт төмөн жактан күн тиктеп.

Андан кийин арабага каптарын
Улам бирин коюп жатты көтөрүп,
Мындай кезде жакшы жери жаштардын:
Тез кыймылдайт отурбастан жөтөлүп.

Сылай жүктөп, аркан тартып үстүнөн:
„Чү, Чалкуйрук, кеттик!—“ деди тап берип.
Көрүнүштү аттар алга жүтүнгөн,
Арабасы кычырады күч келип.

Жандай басып, ыргып минди арбакеч.
Арабачан аттар катар басканда,
Жарышкандай, калбас үчүн аттан кеч,
Жолдун чаңы буртулдады асманга.

Болор болбос жел дыр этип алдынан
Бетин сылап-желпигендей болгондо,
Арабакеч төшүн ачып, жыргап жан,
Үнүн созду салып тааныш обонго:

— Бетиң кызыл жошодой,
Этиң аппак гозодой!
Көзүң күйгөн жалындай,
Сөзүң тоонун балындай!

Ошол кезде ой түшкөндөй башына
Муса карап „кечикти“ деп турганда,
Вагондой чоң жүк тартуучу машина
Чаң ызгытып жетип келди кырманга.

Кабинадан чыга келди Түнкатар:
— Пахта канча? Жүктөгүлө токтотпой!
— Арбакечтер көрүн шпөйт жыргатар:
„Ушул силер жоголсоңор окшошпой,

Кандай жакшы болмок“ дешип сөгүшөт.
Биз жоголсок план дароо толчудай.
Алар биздей чалды жаман көрүшөт,
Биз жок болсок ойлогону болчудай.

Мамыр сөзү Түнкатарды күлдүрдү:
— Эч кимиси жаман көрбөйт силерди.
Кубангандан ойноп айткан сөздөрдү
Жаман ойлоо жакшыбы деп жиберди.

Түнкатарды көрө калып, ар жактан
Келди жетип шашып чуркап Болотбек:
— Бүгүн план!— деди, салам айтпастан,
Ойлогондой: „түшүнүктүү болот“ деп.

— Толот дечи? Кубандырдын жүрөктү!
— Эң акыркы тонна кетти кырмандан.
Көп кечиктик. Мына, жети күн өттү
Былтыркыдан. Ашык пахта бул калган.

— Бүгүн план ашык толот дегиниң!
— Ашык толот! Кар түшпөсө жарым ай
Көк өт элең кызык гозо теримин,
Көп кыйнады пахта текши ачылбай.

Комбайнды пайдалана албадык.
Косектери калың чыккан жаңактай
Шагырашат! Карайт ар ким таң калып,
Ар бир түбү бутагы көп дарактай!..

Ар күн араң жүздөн үчү ачылат,
Күтүп кантип олтурасың калганын?
Терүү керек, колхозчу да шашылат.
Түшүнүктүү, ар ким билет ар жагын...

Комбайнга керек пахта ар дайым
Кур дегенде көпчүлүгү ачылган.
Ачылганын алат, андан калганын
Айландырат косектерге чачылган.

Көктөй үзөт, болот бары ысырап.
Ошон үчүн комбайнды салбадык.
Агроном жүрөт тиши кычырап,
Арга жоктон анын тилин албадык.

— Неге мындай? Неге текши ачылбай
Быйыл пахта жылдагыдан кечикти?
Бардыгын тең айтайын деп жашырбай,
Бирок, чоочуп карагандай эшикти,

Пахта жакты Болот карап болду тим.
Түнкатар да такып сурап турган жок.
Ары жактан кимдир бирөө созуп үн,
Ал да кимдин жүрөгүнө атты чок:

— Өзүң терген пахтадай
Колдоруң ак, жан-жан ай!
Кантип турам какшабай,
Көңүл куунак, жан-жанай!

— Өлбө!— деди дагы бири кыйкырып.—
Жүз жыл жаша! Жанындан кыз кетпесин!
Кубаттады дагы бөлөк үн чыгып:
— Айрылуунун арык колу жетпесин!

Кубанышып, бүгүн план толгонун
Куттукташып жатышкандай бардыгы.
Жаңкы жигит бир аз оңдоп обонун,
Созолонтту андан башка жаңы ырды:

Ачылганын пахтанын
Алда канча мактадым.
Ыгын, жөнүн билбестен
Ыр ушул деп жактадым.
Теримчи кыз, мен сага
Тең келер сөз таппадым,
Парызаттай байкалат
Пахта терип басканың!
Күлүп мени карасаң
Күйүп кете жаздадым.
Баркыңа жетип какшадым,
Пахтадай сулуу аппагым!

3

Эшик жымжырт. Бардык жерди кар баскан.
Күндүзгүдөй жарык клуб залында
Чогулган эл. Муса келген калбастан.
Адашчудай Мамыр анын жанында.

Түнкатардын көңүлү шат бир башка,
Сүйгөн жары эгиз төрөп бергендей.
Күлөт жыргап башка бирөө сөз айтса,
Бүгүн ага күлүүчү кез келгендей.

Болот, Иван олтурушат жанаша,
Эмненидир өздөрүнчө сөз кылат.
Иван кээде борс - борс күлөт балача,
Болот анын ал адатын жактырат.

Түнкатарды шаштырышты: „ачкын тез!“
— Макул,— деди,— буга кандай кыйналыш?
Кыйын го деп айта турган сөз эмес.
Андай болсо ачык жалпы жыйналыш.

Жыйналышты башкарууга үч адам
Көргөзгүлө! Сунушу бар киминдин?
Ошол замат үн угулду Мамырдан:
— Болот! Иван! Билбей турам, анан ким!

Дүңгүрөттү каткырыктар зал ичин:
— Чал тааныбайт Болотбектен башканы!
— Андай эмес. Кара мунун билгичин...
Ката болсо карыңардын айтканы,

Шайлагыла Болотбектен бөлөгүн!
Болду, болду... алдым кайра сөзүмдү.
— Тамаша сөз муну жаман көрбөгүн!
Кандай, Мамыр, мен көргөзсөм өзүңдү?

— Жок, жок, болбойт... Түнкатарды көргөзгүн!
Кайра күлкү... Кайдан жатат табылып?
— Шайлоо керек Мамыкемдин дал өзүн!
Зал жаңырды бардык колдор чабылып.

— Ырыслыгай! — Атагелди! — Нуруйла!
— Жетөө болду үч кишинин ордуна?
— Өтсүн бары! — Мен макулмун мунуңа.
Колго салды. — Өйдө өткүлө, болгула.

Түнкатарга сөз берилди. Ал мына,
Айтып берди чарба жылы — бүткөнүн.
Төкпөй-чачпай ар биринин алдына
Айкындады бардыгынын күткөнүн:

— Мен ыраазы барыңа,
Иштедиңер жабыла! —
Сүйүндүңөр мынаке
Мандайыңар жарыла.

Бекер кетпей бакканың,
Жыйналды жерге чачканың.
Берекелүү жер алкап,
Планы толду пахтанын!

Колхозубуз толтурду,
Бул бир жеңиш орчундуу!
Миллиондоп киреше,
Байлыкка байлык кошулду.

Жалгыз бригад — Базарбай,
Жүрүшү жок кашандай,
Толтурбады планын,—
Олтурат кабак ачалбай.

Өзгөлөр ашык толтуруп,
Ойдогуну болтуруп,
Абийирибиз жабылды.—
Калбадык сызга олтуруп.

Болотбектин бригада
Берген болчу убада:
Алтымыш центнер гектардан!
Алымсынбай буга да:

Алтымыш гектар жеринен
Алтымыш беш центнерден
Ак алтын берди өлкөгө,—
Ак эмгек ойго жеткирген!

Жайы менен быйыл мен
Алыс болуп бул жерден,
Иш кандай жүрүп жатканын
Илгеркидей билбегем.

Ойлогомун: „Иш болбой,
Калды колхоз оңолбой.“
Эми көрдүм — бүтпөйт иш
Менменсинүү жоголбой.

Мен бар үчүн өсүп чөп,
Болуп буудай, күрүч көп
Жүргөн өңдүү ойлогом:
„Мен жок, ким иш бүтүрмөк...“

Менсиз да жерге чөп өнүп,
Туруптур адыр көгөрүп.
Анын бары же мага
Өсүптүрбү жөлөнүп?

Менсиз иштеп алты ай жай,
Эч нерседен тартынбай,
Өстүрдүңөр мол түшүм,
Тердиңер жерде калтырбай.

Көп болду пахта мен бардан,
Окшойсуңар арданган?
Госпиталдан келгенде
Көгүн көрүп таң калгам!

Кубанычтуу көздөр жайнап тиктеген,
Кулак угат ар бир сөзүн жактырып.
Колхозчуга, жакшы жумуш иштеген,
Сыйлык берди атын атап чакырып:

— Бир патефон сый берилет Мусага,
Сугат ишин убагында өткөргөн!
Алтын сагат сыйлык анын кызына,—
Ырыслыгай бардыгынан көп терген!

— Кыжым көйнөк Нуруйлага жарашат,
Терип берген он беш тонна пахтаны!
Кол чабышат, ага бары карашат...
Алаканга урат Жусуп чакчаны...

Ага дагы велосипед берилди.
Бирден костюм Мамыр менен Нурланга.
— О, Мамыке, сүртүп алгын териңди!
— Оңбогондой чоң сый тийди урганга!

Кандай жакшы теңтуштардын сөздөрү,
Кулагыңа жага түшөт укканда!
Сөгүшкөндөй сүйлөшсө да өздөрү,
Бир биринин колун алып кысканда

Кубангандан эрип кете жаздашат!
Көргөн жерде төшкө муштап бир бирин,
Көмүскөдө бирин бири макташат!—
Теңтуштардын максаты бир, сөзү миң!

Сый тийбеди Назарбайга, Ахматка,
Жайы менен иштен безип качкандай.
Бирок, алар болушкан жок эч капа,
Мамыр алса, өздөрү алып жаткандай

Кол чабышты, куттукташып жүрөктөн!
Дос кубанса — кубанганы достордун,
Сөздөр учат жүрөк — уя түнөткөн.
Өңдөрү суз урматтоосу жоктордун.

Болотбекке,— деп айтты Иван сөз алып,—
Беш бөлмөлүү үй салынып берилсин!
Ырыслыгай, көздөрүнөн от жанып,
Кыдырата карай берди эл ичин.

Бардыгы тең „мына сыйлык!" дешкендей,
Албырышты кан тамылжып жүздөрдөн.
Ыргай кагып, бакка колдор жеткендей
Ыразылык чоктой күйдү көздөрдөн!

Алакандар карсылдашты тынбастан,
Ар бирөөнү кыстагандай жүрөгү.
— Туура,— деди Нурлан карап турбастан,—
Куруп берип, „сыйлык үй" деп жүрөлү.

— Туура,— деди Атагелди кыйкырып,—
Болотбектей ким бар жаны тынбаган!
Бул дүйнөдө ага жалгыз иш ыйык,
Анык болот ийилбеген, сынбаган!

Күнү-түнү бирдей жумуш үстүндө,
Кетмен чапса күч кошулат күчүнө,
Уктабастан жүрөт чыдап үч күнгө,
Уктаганда пахта кирет түшүнө.

Уйку келип: „күрөшүүгө чык!" десе,
Уйкуну бул жыгар эле чалбастан.
Чарчоо мындан качар эле тиктесе,
Батынбастан, жакасынан албастан.

Жалгыз гана Базарбайдын кабагы
Ачылбады тоонун бүркөк күнүндөй.
Кебетеси үшүп турган жабагы...
Ийнин кысып, башын катты үлүлдөй,

Калганбы же кол чабууга жарабай?
Көңүлүндө ой бар бекен купуя?—
Тиктейт жерди, эки жагын карабай,
Тынч олтурат, урушкансып тултуя.

— Каршы жокпу?— деп Тункатар сурады,—
Бул жөнүндө токтом алып койбосок
Болбос деймин. Мындай кылуу туурабы?
— Каршылык жок!— Баары туура ойлосок...

— Бригаттын акысы бар ушундай
Бир жакшырак кенен үйдө туруууга!
Болотбектин өзү такыр кошулбай,
Каршы болду үйдү колхоз куруууга:

— Кенен үйдү куруууга,
Кенен үйдө туруууга
Акысы бар ар кимдин,
Каршы чыкпайм мен буга.

Бирок, мен эч көнбөймүн...
Түк ылайык көрбөймүн
Колхоз куруп беришин.—
Ансыз дагы өлбөймүн.

Жакшы болот жөн койсок:
Чынында менин акым жок.—
Себеби даана көрүнөт
Алдын, артын ойлсок.

Аз жеңип, көп жеңилгем,
Куландым быйыл керүүдөн.—
Чыгалбадым алдыга,
Кечигип пахта терүүдөн.

„Жаңылык“ деп күүлөнүп,
Базарбайдан үйрөнүп.
Сугардым август өткөнчө.
Болду жаңжал дүйнөлүк...

Сары гүлдөр жок болбой,
Косек байлоо токтолбой,
Чайлады гозо бутактап,
Өмүр күнүн созгондой...

Алгандай пахта бекинип,
Ачылышы кечигип,
Октябрь айы келгенче,
Тоскондой кырсык кезигип,

Кызытпадык теримди.
Кырча тиштеп эринди
Араң жүрдүм. Жарышта
Жазалбастан черимди.

Эң көп косек азыр да
Жатат кардын астында.—
Калбаганы жакшы го
Кереги бар таштын да.

Бири калбай терилсе,
Өлкөгө бүт берилсе—
Турбайт белем чатырап,
Артып план үч эсе!

— Жөнү бар сөз: жаңылыштык кетирген.
— Базарбай го өзү билбей үйрөткөн...
— Бул окуя кетпес эми эсинен,
Жашырбастан айтты чынын жүрөктөн!

— Сунуш бирөө, үй салынсын дегениң
Кол көтөрсүн, барыңардан суранам.
Бир добуштан! элдин сыйын, белегин
Ал, Болотбек, сен үчүн мен кубанам!

Иван туруп Болотбектин колунан
Кармап кысты:—куттуктаймын сени мен!
Жаңылбагын тандап түшкөн жолуңдан,
Жакшылык көр өзүң сүйгөн жериңден!

Алкыш айтам райкомдун атынан,
Жүрөгүмдөн партияга берилген!
Ар ким мактоо сөзүн айтар артыңан!
Мекенге чеп сенин пахтаң терилген!

Дүркүрөдү залдын ичи бир башка,
Чоң жеңиштин тою болуп жаткандай.
Аралашып жаш карыга, карт жашка,
Күү жаңырды Нарын кыяк тарткандай!

*1955 – 1956*

# КОЙЧУ

☆

## КИРИШ СӨЗ

Эңсеп күндү батпаган,
Булбул гүлдү мактаган.—
Окуп көрсөм тарыхты:—
Сөз жок акын айтпаган.

Ырдалбастан ким калган?
Хандар, бектер ырдалган.
Ыр сөзүндө сулуу кыз
Жазгы күндөй нурданган!

Баатырдыгын баатырдын
Көргөн көзү акындын.—
Тосо чыгып алдынан,
Балын төккөн акылдын.

Тоого теңеп турушун,
Сүрөттөгөн мурутун.
Кур калтырбай атасын,
Сүрүштүргөн улутун.

Айта турган бир арман:
Акын жазган ырлардан,
Коюн жайып чыбырда,
Койчу гана кур калган.

Мен ырдасам койчуну,
Көрөм тоону, чуңкурду,
Боло түшөм кечкендей
Эл кечпеген чоң сууну!

Мен аттайын чуңкурдан,
Мен өтөйүн чоң суудан.—
Койчу досум, суусунга
Ырларымды жутуп кан!

## 1. КОЙ ТӨЛДӨТҮҮ

Күн жылымын чачкан кез,
Кар адырдан качкан кез.
Жашыл тартып жайык-түз,
Жоогазын гүл ачкан кез.

Жайылып чогуу, чачылбай,
Жарашып шагыл ташындай,
Бет алдында койчунун
Бир да бири жашынбай...

Ээлеп алып өтөктү,
Чырт-чырт үзүп көк чөптү,
Бир короо кой окшош боз
Элжиретет өзөктү.

Колхоз кою бакканы,
Кой четинде басканы
Даңктын иши турбайбы,
Жаңыртат үнү асканы.

— Боз соолук, отто бөлүнбөй,
Бөрү келет көрүнбөй.—
Өзүңө жетет билинбей,
Өңү боз таш өңүндөй.

Сүйрөп кетсе жылгага,
Койчуң тартат убара.
Узабай жүр койлордон,
Ушул болсун убада.

Сүйлөшөт ал кой менен,
Болчудай кой ой менен.
Узап турган жеринен,
Баладай чуркайт кериден.

Таштардын арт жагынан
Табат койду буйдалган,
Тарта көр деп суранган,
Тубалбастан кыйналган.

— Буттарынды сунупсуң,
Толгоо кыстап курупсуң.
Кошуларын койго кой
Койчу кантип унутсун.

Келдим жетип жаныңа,
Кароо үчүн алыңа.
Каным·жаным арналган
Колхозумдун малына.

Колунан көп иш келген
Койчу Торсук болом мен,
Төл асырап макталып,
Иши менен көрүнгөн.

Боз кой көрүп койчу өңүн,
Түшүнгөндөй сөздөрүн,
Чымырканып ычкынды,
Тостойтуп күүгүм көздөрүн.

Көргөздү козу тумшугун.
Алдыңкы эки бутунун
Туяктарын көргөздү,
Жеткендей кези ушунун.

„Чым, чым, чым, чым чык, козум!
Тумчугуп калуу жок болсун!"
Тартты койчу токтоосуз,
Кантип карап отурсун.

Түштү козу чеңгелдей,
Түндөн чыгып келгендей
Көзүн ачып, бышкырды,
Жат бирөөнү көргөндөй.

Торсук турбай зарылтып,
Көзүнөн отун чагылтып
Тумшугун сыкты абайлап,
Чарайнадан арылтып.

Сыдырып төрт туягын,
Ачып, үйлөп кулагын,
Жанынан турду үйрүлүп,
Жазчудай ал кумарын.

Күн жарк этти нур чачкан
Канжардай миздүү бычактан,—
Киндигин кесип козунун,
Дары сүрттү шашпастан.

Төрөөт ишин башкарган
Акушердей такшалган,
Шыпылдаган Торсуктун
Чекесинен тер тамган.

Боз кой бир аз шалдырап,
Уктачудай магдырап,
Жатып, кайра ыйынды
Жардам күтүп жалдырап.

Кетүүчүдөй сыйрылып
Баш териси жыйрылып,
Кыбырады буттары,
Жаткан өңдүү чыйрыгып.

Онтоду оору адамдай,
Капталын жерден алалбай,
Карап жатты Торсукту,
Кантер айла табалбай.

Жер аны өйдө тургузбай
Жаткан мисал жылгызбай.
Өчүнкү тартты көздөрү,
Өлүмсөк таңкы жылдыздай.

Күткөндөй бирөө келишин,
Дегендей: „Ачмын, эмизгин!"
Тарттырбастан булт этип,
Түгөйү түштү эгиздин.

Тууган өңдүү толготпой
Тура калды чоң боз кой.
Кууучудай болду койчуну,
Козуларга жолотпой.

Үйрүлүп түшүп үстүнө,
Жыпжылаңач, кичине
Козунун жонун жалады,
Катчудай кайра ичине.

Жамандыкка кыйбастан,
Жалбаргандай тынбастан
Мекиренди жаныбар,
Турган жерден жылбастан.

Улам жыттап эгизди,
Эмчегин тосуп эмизди.
Телчигишип козулар,
„Булар кайдан“ дегизди.

* * *

Отурбайт Торсук ордунда,
Козулары жонунда,—
Көрсөтүшүп баштарын
Баратышат куржунда.

Имерди коюн ойдуңга,
Шаңы күчтүү койдун да:
Той түшкөндөй болду бейм
Бир заматта ой-жылга!

Да бир кой четтеп бөлүндү,
Жашынчудай көрүндү,
„Кызганамын,—дегендей,—
Башкалардан төлүмдү“.

Торсук көзүн ирмебей
Карайт чекте жүргөндөй,—
Эч нерсени билбес ал
Койдун сырын билгендей.

„Кетти,—деди,—далдага.“
Бут шилтеди алдыга.
Күйгөн оттой көздөрү
Көрөт жергуй- анды да.

Элпек басты ыпылдап,
Жаш жигиттей шыпылдап,
Көк ала болгон сакалын
Жазгы салкын жел тырмап.

Бара жатат капталдай,
Эч нерседен жазганбай.
Өзү чакан кыргыйдай,
Сүрү баатыр арстандай.

Козулар анын жонунда,
Четин таяк колунда.
Тууган кой ээрчип жанында,
Бакыт күтөт жолунда!

### 2. Төл асыроо

„Ойготпочу, Канайым,
Чырым этип алайын,
Анан өзүм короону
Таң атканча карайын.“

„Уктай кой,—дейт Канайым,—
Уктап эс ал, таалайым.
Араладың күн бою
Адырлардын далайын.

Барбы сенин жаш чагың,
Чарчоо билбес мас чагың?—
Ашуу ашкан эмедей
Аябастан чарчадың.

Келсе дагы жоо бүгүн,
Чечинип жат, каты күн!
Өз үйүндө ким уктайт
Кийген бойдон өтүгүн?

Өйдө бол, Торсук, бааланбай,
Жыгылба жайсыз калгандай.
Аз болсо да төшөктө
Укташ керек адамдай.“

„Жобураба, кемпир сен,
Жайыма кой, мен десең.
Жыргап уктайт элем го
Жаныма бир аз келбесең“.

Колун силкти Канайым:
— Короо жакка барайын,
Кандай жатсаң андай жат,
Корообо көз салайын.

Уктагыча болгон жок,
Түш көргөнчө койгон жок:
Асманга атып мылтыгын,
Каршы-терши учту чок.

Көктөн бирөө куйгандай,
Чакалап төгүп тургандай
Жаады жамгыр, кетти сел,
Жер көлкүп ымга тунгандай.

Жарк-журк этти туш тарап,
Чарт-чурт этти сынып бак.
Бакырышты эчкилер,
Ызылдады козу-улак.

Торсук турду ашыгып,
Тышка чыкты шашылып.
Карайт көзү короону,
Кой кеткендей чачылып.

Сакмалчылар дүрбөшүп,
Бирин бири „жүр" дешип,
Түндүн тынчын алышты
Жаңылдашып сүйлөшүп.

Канайым шашып жүгүргөн,
Кантерин билбей бүлүнгөн,
Кагылышты бирөөгө:
— Каты күн, ким, бул жүргөн?

— Көзүң жокпу?
— Ким элең?
— Торсуксуңбу?
— Ооба мен,
Нөшөр куйган түндө да
Кутулбаган жемеден.

— Уктабадың негесен?
Же сен мында келбесең,
Кырылат беле бул койлор,
Короону бир аз көрбөсөң?

— Жобураба, кемпир сен,
Уктай алам кантип мен,
Кызыл эт жаш козулар
Чыккын дешсе үйүндөн?

Канайым кетти унчукпай,
Жумшаган ким тынчытпай? —
Багелегин түрүнгөн,
Басат элпек жаш кыздай.

Башына чапан чүмкөнгөн,
Колуна козу көтөргөн,
Алып барат ал аны
Күпкөгө тамчы өтпөгөн.

Аягандай баланы
Козуну Торсук аяды.
Жетишер бекен дегендей
Күпкөлөрүн карады.

Баласындай ардактап,
Баарынын алдын кургактап,
Тамчы өткөн жерди бүтөдү,
Малды адамдай урматтап.

Жегенби көзүн үкүнүн,
Жартысын эмес, бүтүнүн —
Көрдү койду козулуу,
Кеп эмес ага айсыз түн.

Кургак жайга кийирди,
Колу менен жем берди,
Сакмалчыга тапшырып,
Короого кайра жүгүрдү.

Чартылдап турса чагылган,
Алыстабай малынан,
Карады ар бир козуну,
Кымбаттай ал жанынан.

Жамгырда тургус жан чыдап,
Сакалдан суу тамчылап,
Карт койчу жүрдү короодо,
Короодо жаштык барчылап.

Караңгы менен күрөштү,
Көкүрөк керип тирешти.—
Көөдөй түн ар бир козуга
Чайырдан бетер илешти.

Камынгандай жакшылап,
Торсук төлүн асырап,
Кубалап түндү, короого
Күн болуп тийди чачырап.

Нөшөр менен кармашты,
Шамал менен арбашты.—
Издеп тамчы козуну,
Кеги бардай жармашты.

Бирок, койчу бербеди—
Бир да козу өлбөдү.
Миллион көзү жамгырдын
Багуусуз төл көрбөдү.

Төшөнчү болуп астына,
Жамынчы болсо козуга,—
Ким ыраазы болбосун
Торсук сындуу койчуга.

### 3. Карышкыр тийгенде

Карап турат көңүлсүз
Кабагын чытып коңур күз.
Көргөзбөй булут жарыкты,
Күүгүм түшкөн күпкүндүз.

Көргөзбөйт тоонун баштарын,
Көргөзбөйт арсак таштарын.
Ким билет кайсы колоттун
Кандайча сыр катканын!

Түндүктөн шамал уңулдап,
Түштүктү көздөй жулунат.
Муздак эпкин урунат,
Кардан кабар угулат.

Көрүнөт Торсук бараткан
Карагер атчан жол тарткан,
Көзүн албайт тоо жактан,
Калың тончон, тумакчан.

Өзү менен сүйлөштү:
— Өг! - дегенче күн өттү,
Үч күндөн бери кеңешме,
Үргүлөттү, жүдөттү.

Кеңешкенче кыш камын,
Койдун кайда кыштарын,
Келди мына кыш өзү,
Каптап колхоз кыштагын.

Үч күн мурун күз эле,
Күндүн көзү түз эле,
Тескей менен күңгөйдүн
Талашсыз ээси биз эле.

Атасы каза тапкандай,
Айылын жоо чапкандай
Үтүрөйдү бүгүн күн,
Үй ичин күйүт баскандай.

Көңүлүм тынбайт короодон,
Короодогу койлордон.
Басты бекен кар түндө,
Жыгач койбой соройгон?

Акылым кайда жоголгон,
Кандайлыктан тонолгон?
Эңиштебей не болдум,
Эчак көчүп бул тоодон?

Көзүн албай кырлардан,
Тынчсызданды койчуман,
Өтөм кантип дегендей
Өйүздөгү чоң суудан.

Күткөнбү качан келет деп,
Канайым көзгө элестеп
Көрүнө калат жайыттан,
Кайрылып улам жол тиктеп?

Болгондой бир иш көрүнөт,
Санасы санга бөлүнөт,
„Сен жокто ушул...“ дегендей,
Көзүнүн жашы төгүлөт.

Болкулдап Торсук жүрөгү,
Бозоро түштү ирейи.
Өзүн өзү унутуп,
Карагерди „чү“?—деди.

Жол жүрүүдөн жатыркап
Же калгандай ташыркап,
Илкип басат карагер
Же сурайбы: „камчы чап“?

Торсук кечке жол жүрдү,
Узак жүрдү, мол жүрдү.
Үйгө жетпей түнөдү,
Үңкүр болду түнөгү.

Кар малтап ат тизеден,
Үйүнө келди таң эртең.
Короого барды ал түптүз,
Үй-бүлө кантти дебестен.

Канайым чыкты алдынан,
Кабагына кар жааган:
— Короого тийди карышкыр,
Сен барда мында даабаган.

Өчү бардай канбаган,
Акысы бардай албаган,
Кекиртектеп муунтуп,
Бир козуну кармаган.

Бир койдун тартып куйругун,
Кардын эшкен бир койдун.
Айлам кетип ошондо
Сен жөнүңдө ойлодум:

„Жуктүн оорун көтөргөн
Аркасы күчтүү нар белең?
Карышкыр ыргып өтпөгөн
Кашаты бийик жар белең?

Арстанга кечүү бербеген
Агыны катуу суу белең?
Айбаты көктү сермеген
Айлымда шаңдуу туу белең?“

Биринчи карды куттуктап,
Бөрүлөр болуп көөнү чак
Тоюнушкан турбайбы,
Мүлжүшүп майлуу куймулчак.

Батынып келген эменин
Төлөтөйүн жегенин,
Көрсөтөйүн көзүнө
Мергендердин мергенин.

Кайда менин бараңым[1]
Артынан издеп барамын.
Кар кеткиче из чалып,
Кайдан болсо табамын.

Түгү чыгып бетинен,
От учкундап көзүнөн
Ачууланды койчуман,
Ок атылып сөзүнөн.

Канайым чалын карады,
Элжиреп ичи, аяды.
Эсине түштү айтканы
Нөшөрдүү түндө баягы:

„Уктабадың неге сен?
Же сен мында келбесең
Кырылат беле бул койлор,
Короону бир аз көрбөсөң?“

---

[1] Уу мылтыкты айтат, барденкее—деп дагы айтат.

***

Бутуна чарык тартынган,
Жонуна капчык артынган,
Каршы чыккан жан болсо
Кармачудай алкымдан...

Көздөрүнөн от жанган,
Көргөн киши жалтанган
Колунда мылтык дүрмөттүү.
Коргошун куюп ок салган...

Торсук барат из чалган
Жаңы жааган ак кардан,
Көзүн албайт негедир
Койдой борчук таштардан.

Былк этпестен бир паста
Далдаланып чоң ташка,
Токтоду шерт кылгандай
Бир дагы сөз катпаска.

Алды жакта дүмпүйгөн
Топ бадалдын ичинен
Эки бөрү көрүндү,
Кулактары тикийген.

Жүгүрүшөт кубандап,
Бирин бири кубалап,
Бирин бири жулкушат
Эки бирдей сугалак.

Кынжыйган курсак тоюнган,
Бир бирин тиштеп моюндан
Даң салышып ойношот,
Каткандай көзү оюндан.

Оюнун бузган киши жок,
Эч ким менен иши жок.
Алар кирген бадалдын
Этке батчу тиши жок.

Басты Торсук камынып,
Борчук ташты жамынып,
Биринен өтсө, артынан
Дагы бири табылып.

Жылып, сойлоп баладай
Жеткенде элүү кадамдай,
Ушул жерге көп келип
Канык болгон адамдай...

Ыңгайлуу жерди ээледи,
Эми мени көр,—деди,
Мылтыгын ача жыгачка
Арта салып, мелжеди.

Кароолуна түздөдү,
Кубандын башын көздөдү,
Эки көздүн ортосун
Тиктеп калды көздөрү.

Жарылып аба заңк этти,
Канчык бөрү каңк этти,
Үзүлүп түшүп кеткендей
Өз ордунда жалп этти.

Тегиз болуп телегей,
Эч нерсени элебей
Турган дөбөт селт этти,
Эмне болду дегендей.

А дегенде ойлонбой,
Тургузмакчы болгондой
Баса калды канчыгын,
Кете албады толгонбой.

Анан эсин жыйгандай,
Каргашаны туйгандай,
Куйругун кыпчып такымга
Качты бирөө куугандай.

Аңгыча Торсук бир атты,
Аны дагы сулатты,
Аппак кардын үстүнө
Ичегисин чубалтты.

Куткарбады кууганын,
Өлтүрдү жетип урганын,
Алып көнгөн баатырдай
Ар качан көңүл бурганын.

Токтолгон жок беренин,
Таштайт беле керегин,—
Терилерин сыйрыды,
Төлөтүп түндө жегенин.

Качсаң чалма салмак бар,
Алдырмак бар, алмак бар.
Кээде кууп жетпестен,
Кур жалак болуп калмак бар.

Болбоду Торсук кур жалак,
Жүрөгү толкуп кубанат,—
Эрдигин көрүп турбайбы
Эки жактан тоо карап.

Торсук азга ойлонду,
Ойго батып толгонду...
„Парторг келип көрсөчү
Ушул жерде болгонду.“

### 4. Ууру киргенде

Уй сайгактап качкан кез,
Чымындык өнүн ачкан кез.
Күнгөй менен тескейге
Күн алтынын чачкан кез.

Эрип мөңгү ийген кез,
Этегин өйдө түргөн кез,
Тандап гүлдү гүлдөрдөн
Көпөлөк учуп жүргөн кез.

Бетеге белди жапкан кез,
Балдыркан бой тарткан кез,
Капталдагы арчадан
Күкүк таңшып жаткан кез.

Суурлар ийин казган кез,
Суу кукуктөп ташкан кез.
Жылтылдап жүнү кундуздай
Жабагы боюн жазган кез.

Жылкычы желе каккан кез,
Кулунга нокто таккан кез,
Айран, кымыз булактай,
Ар бир үйдөн аккан кез.

Жер көйкөлгөн наздан кез.
Ой чалкыган асман кез.
Сурма көз сулуу жаш селки
Суу алганы баскан кез.

Тандап конуу жаңы журт
Торсук үчүн кетпес кут,—
Көчкөн сайын коюнан
Калгансыйт артта кары жут.

Конуш тандап бүгүн да,
Көбүргөндүү булунда
Канайымга каралап,
Үй тигишип турганда,...

Каалагандай кырсыкты,
Же бир жаңы кызыкты
Кой алыстап жайылып,
Имерилди тумшукту.

Бир жолоочу боз атчан,
Мөңгүдөй ак калпакчан
Бастырды кой артынан,
Башын ийкеп ыраактан.

Талашып ажал өмүрүн
Өрт чалгандай өңүрүн
Дүрбөлөң түштү койчуга,
Козгоду тынч көңүлүн.

Кээде баатыр эт жүрөк
Кээде назик, үлпүлдөк:
Тамырлары бүлкүлдөп,
Алып учту түрсүлдөп.

— Өзүң бүтүр, Канайым,
Мен кой жакка барайын.
Кайда менин барденкем,
Октоп аны алайын.

— Эмне болду, каты күн,
Түш көрдүңбү же бүгүн?
Көрүнүп турат бүт жайлоо
Эшигинен үйүңдүн!

Бөрү барбы жеп жаткан?
Ууру барбы түн каткан?
Эч нерсе жок бул жерде,
Келишпесе бир жактан.

— Жобураба, кемпир сен,
Боз атчан ким, сен билсең?
Камырабас жонуңду
Камчыга бир тилдирсем...

Чыгат элем кумардан,
Арылгандай чоң арман.
— Көрбөйсүңбү бир уруп,
Ким бар колуң кармаган?

Жаш кезинде урбаган,
Жанга жабыр кылбаган,
Карыганда ургудай
Кайсы жиниң ырбаган?

— Жаш кезде бекер урбапмын,
Үйрүп камчы турбапмын.
Тереңирек ойлонбой,
Сени көрсөм жыргапмын.

— Кейидиңби кеткенге?
Өкүндүңбү өткөнгө?
Эң жаманы эркектин
Элүүдөн жашы өткөндө:

Ойлойт имиш арт жагын,
Өтүп кеткен жаш чагын.
Көбөт имиш жаңыдан
Кыйшык кийип калпагын.

— Катырдың мени, катырдың,
Тилинде күчү катындын!
Айып менде, кечиргин,—
Өзүм мурун катылдым.

Борс, борс күлүп басылды,
Бардаңкесин асынды.
Ондоп кийип калпагын,
Коюн көздөй шашылды.

Имерилсе тумшуктан,
Жанагы өткөн боз атчан
Өнөрүп жатат күрпөндү,
Кимдики деп турбастан.

Торсукту көрүп теминди,
Качуучудай көрүндү.
— Токто бери, сен кимсиң?—
Билейин мен жөнүңдү.

Колхоздун кою бул жаткан,
Адам бар мында кой баккан.
Ээсиз калган мал барбы,—
Кеткендей тартып шыйрактан!

Жөнөй берди боз атчан,
Бир дагы сөз катпастан.
Торсук аттын чандырын
Шыкалады шашпастан.

Мылтык үнү таш жарды,
Качырбады атчанды.—
Астындагы мингенин
Көмөлөнтүп таштады.

Тургуча жетти жүгүрүп,
Тизелери бүгүлүп.—
Кайрат бар экен, түшсө да
Жаштык гүлү күбүлүп.

Койчу мылтык кезеди:
Ууру колун көтөрдү,
Өпкөсүн ок тешкендей
Өлөсөлү жөтөлдү.

— Көрдүңбү илдет жармашкан?—
Көзүңдү жерден албастан
Үңкүйөсүң мынчалык?—
Мен эмес сенин кайнатаң.

Жалт этти көздөр...
— Карабай?..
Калыпсың, байым жарабай,
Эл ичинде жүрүшүң
Эскиден калган жарадай.

### 5. Эсине түштү

Эсине түштү өткөн күн,
Күн эмес кара кайгы түн,
Жетим менен жесирдин
Жиптей үзгөн үмүтүн.

Өлбөс үчүн, жан үчүн,
Бир сындырым нан үчүн
Эшигинде Керимдин
Жаны тынбай күнү-түн,

Отун алып, от жагып,
Кой кайтарып, мал багып,
Аттай азап тарткан кез
Карагансыйт башбагып.

Көрүнө калды бардыгы:
Колдорунун арыгы,
Шүүдүрүм кирип, кан аккан
Буттарынын жарыгы;

Кой артынан басканы,
Курсагынын ачканы,
Кыбырарга ал калбай
Өңүнөн кызыл качканы.

— Шүмшүк Торсук, куу такым,
Кайда кеттиң? От жаккын!—
Бай катыны кыйкырып
Тургансыйт карап жапжакын.

Эт жегенде кечинде,
Отурган Торсук жетимге
Бербегени бир кесип
Турат кетпей эсинде:

Күрпөндүн эти кеч бышкан,
Күтүшпөй балдар укташкан.
Шыбагасын алардын
Ашканага катышкан.

Тили менен жаак эти,
Чүйгүн арка, төш дечи!—
Бөйрөк, шыйрак, боконо
Коробогон чекеси,

Алмуруттай эзилип,
Алда кимден бекинип
Турушкан эле табакта,
Адамдын сугун келтирип...

Төшөккө баары жатканда,
Татты уйкуга батканда,
Өгүздөй тойгон бай Керим
Коңуругун тартканда:

Уйкуну Торсук каңтарган,—
Ашкананы аңтарган.
Табылганды бүт жебей
Турмак беле ач калган.

Таң сөгүлө эл көчүп,
Бай токолу үй чечип
Жаткан кезде, балдарды
Ойготушту „тур!"—дешип.

Ойгонду эрке Карабай,
Он күн ачка калгандай
„Бер жилик!"—деп өкүрдү,
Бет жууганга жарабай.

Энеси Суксур байбиче
Бетин жууп келгенче,
„Азыр берем, берекем,
Ыйлабагын"—дегенче...

Көзүнүн жашын көл кылды,
Көкүрөгүн сел кылды.
Аңылдады эшектей,
Жаңыртып үнү ой-кырды.

Чоочуду Суксур: „эт кана?
Жутмак беле ашкана.
Кайда жүрөт жанагы
Куу жетим Торсук маскара?“

Торсукту Керим кармады,
Чечинтип сууга байлады.
Жетесине жеткирип
Айтты сөздү кайдагы...

Адамдын келбейт айткысы...
Чыпылдап байдын камчысы,
Агын сууга кошулду
Аккан кандын тамчысы,

Ботодон жаман боздотту,
Ата-энесин жоктотту.
Эсинен танып жаш бала,
Ыйлаганын токтотту.

Оңойго май койбогон,
Оозун ачып жойлогон,
Оңтой жерде эт болсо,
Тиштей качып ойногон.

Ар эшикке бир барган,
Кемегени аңдыган
Бар эле бир жолбун ит,
Кээде кетип каңгыган.

Ошол ууру Тайбасты
Кууп жүрүп кармашты,
Кошоктоп аны Торсукка
Чоң казыкка байлашты.

Жугундуну төккөндөй,
Кир жуулуп кеткендей,
Балакеттен кутулуп,
Максатына жеткендей...

Керим минди атына,
Салды көчтү астына.
Журтка таштап Торсукту,
Карабады артына.

Адам калды деген жок,
Адамдан кайгы жеген жок.
Ач кадырын билеби
Ат үстүндө карды ток?

Унут калган торпоктой
Же кереги жок олпоктой
Торсук, Тайбас бир калды,
Боору ачыган жан жоктой.

Чыдай албай кордукка,
Наадандыкка, зордукка
Тайбас катуу улуду,—
Ыза күчтүү, жон жука.

Сыздады Торсук, боздоду,
Бардык дартын козгоду.
Өйүзгө чейин угулду
Өңгүрөп үнүн созгону.

Жетпей койбойт чыккан үн
Кулагына бирөөнүн,
Атылган ок дабланын
Көзөгөндөй жүрөгүн,

Көзөп өтүп таштарды,
Жаңыртып залкар асканы,
Торсуктун үнү козгоду
Дүлөй тоодон башканы.

Өйүздөн балдар угушуп,
Бир аз тыңшап турушуп,
Чуркап өтүп келишти
Достук колун сунушуп.

Ал балдардын ичинде
Алагай көз, кичине
Канайым да бар эле,
Кайрымы күч кичиге.

Сезбеген менен Канайым
Алдыдагы таалайын,
Аягандай карады
Керимдин жаш малайын.

Байлоодогу жаш арстан
Тааныш беле эчактан?—
Чечти колун таңылган
Бошоткондой тузактан.

Тургандай карап калдыгы
Эсине түштү бардыгы:
Ал кезде көргөн күндөрдүн
Ийинден жаман тардыгы.

Киерге көйнөк табылбай,
Көкүрөгү жабылбай,
Таш баскан кез жыңайлак
Тунарды көздүн агындай.

Кара жарма катыксыз...
Караңгы турмуш татыксыз...
Багуусуз жетим дебестен
Баркына жеткен ашык кыз...

Жайкысын чөлдө күйгөнү,
Жанында басып сүйгөнү,
Жесир аял үйүндө
Күч күйөө болуп жүргөнү...

Канайымдын күлгөнү
Жылдыз өндүү түндөгү
Жаркылдай түшүп, кубанды,
Кулундай мөңкүп жүрөгү.

Жылт этип от жангандай
Же колуна таш кармай,
Каршы басып алдынан,
Кокус чыга калгандай,

Көрүнө калды көзүнө,
Түшө калды эсине
Отузунчу даңктуу жыл,—
Сар алтын чачкан күз эле.

Эгинин Керим жашырган.
Үйүн тоодон ашырган,
Кетүү үчүн Кашкарга
Айдатып малын качырган.

Торсук карап турбастан,
Кабар кылып карматкан,
Өткөрүп малын колхозго,
Өзүн элден айдаткан.

Ошондо ушул Карабай,
Бетинен кызыл тарабай,
Толуп турган кези эле,
Капкара башы чарадай.

Кек кайнап өңүн өзгөртүп,
Муштумун түйүп көрсөтүп,
Кыйкырган эле Торсукка:
— Каларбыз бир күн кездешип!

Ошондон бери көрбөгөн,
Кайдалыгын билбеген.
Акыры жүрүп бир жерде
Көрүшөт тура өлбөгөн.

— Табышкандай издешип,
Мына бүгүн кездештик.
Кыларың не? Айтып кой,
Жүз көрүштүк, көздөштүк.—

Деди Торсук. Карабай,
Сөз айтууга жарабай,
Жер карады, салаңдап
Буурул башы чарадай.

— Кайда тилиң сайраган,
Мени сөксөң талбаган?
Кайда житкен добушуң
Бакадай тынбай чардаган?

Көмөкөйдө илинген
Мурчтай ачуу тилинден
Айрылып дудук болдуңбу?
Жулунду экен ал кимден?

Көнбөпсүң нан табууга,
Иш менен жан багууга.
Же тилиң жок, бирөөнү
Баягыдай чагууга.

Эл катары жүралбай,
Эл күлгөндөй күлалбай,
Шүмшүк болгон экенсиң,
Жек көрүнүп жыландай.

Жарабайт мындай жүргөнүң,
Бул койлордун эч бирин,
Дубанадай кол жайып
Жалдырасаң бербеймин.

Колхоз кою бул жаткан,
Мен кайтарып, мен баккан.
Колхоз болду койчуну
Көкөлөткөн, жыргаткан.

Колхозго кара санабайм,
Колхозго тетир карабайм.
Калганча бутум басуудан
Кой багуудан жадабайм.

Көзүм өткүр: көрөгөн,—
Курут түшсө середен,
Тирди чүйлү көргөндөй,
Ошол замат көрөм мен.

Уяң жүндөр жылтылдай,
Чагылып күнгө алтындай,
Көз алдымда бардык кой:
Көрөм бирин калтырбай.

Жамгыр куйган күндөрдө
Жаямын жайлоо төрүнө,
Алдырбаймын ууруга,
Чалдырбаймын бөрүгө.

Бул койлордун ар бирин
Баламдай жакшы көрөмүн.
Керек болсо, ал үчүн
Беремин жандан бөлөгүн.

Ууру сырын билемин,
Сезгич менин жүрөгүм.
Ошондуктан мылтыкчан
Күзөтчүдөй жүрөмүн.

Карабай турду унчукпай,
Сыры ачылган бузуктай
Же май уурдап жей албай
Колго түшкөн мышыктай.

Былк этсе канжар салчудай,
Көзгө сайып алчудай,
Карай албайт Торсукту,
Караса катып калчудай.

Сезилди эми оңбостой,
Жумушу оң болбостой,
Кашында турат карт койчу
Кызыл чаар жолборстой.

Турбачулай атылбай,
Койбочудай катылбай,
Жоосун сайып кулатып,
Жолдо турган баатырдай...

Көрүндү Торсук көзүнө,
Мылтыгын кезейт төшүнө,—
Кошоктолгон ууру итке
Жетим түштү эсине.

Көп нерсени ойлоду,
Ойлотпой койчу койбоду.
Көрбөсүнчү дегендей
Көзүн жапты колдору.

Алдырмак бар, алмак бар,
Моюнга чалма салмак бар.
Кой жейм деген карышкыр
Капканга түшүп калмак бар.

### 6. Жалаа

Жашыл тоонун бетинде
Жайылган койдун четинде,
Эшигинде отоодун
Күн кыйшайган бешимде;

Патефон коюп ырдатып,
Уккандын жанын жыргатып,
Эч ким менен иши жок,
Өз ичинен күү тартып;

Ойго шаттык жеткирип,
Атайга комуз черттирип,
Угуп үнүн Мусанын,
Барат дебей кеч кирип,

Отурган Торсук жайма-жай,
Көңүл чалкып дайрадай!—
Атыр чачкан айлана
Жарашыктуу саймадай.

Почточу келди, берди кат
Көрүнүшү көзгө жат,
Ачып көрсө, жазылган:
„Тергөөчү сизди чакырат."

Ою кетти кыйлага:
„Чоң жаңылык бул мага,—
Билбесем алып, сатууну,
Болбосом шерик ууруга...

Бул не деген чакырык?
Не кылат мени чакырып?
Кылган ишим: бул тоодон
Кой айдадым жапырып...

Бирөөгө тилим тийген жок,
Эч ким менден күйгөн жок.
Жарып, тилип көрбөгөн
Бычак элем эң мокок".

Эсинен чыкты Карабай,
Буурул башы чарадай
Көз алдында турса да
Айыкпаган жарадай.

„Ууру көрдүң сен кайдан?
Коюң кайда ууру алган?
Атыпсың колхоз күлүгүн
Сыноо сайын сыйланган.

Эшигиңди бузгандай,
Кек сактаган душмандай
Урупсуң колхоз койчусун
Келген өңдүү өч алмай.

Башын жарып салыпсың,
Бетине кан жайыпсың.
Бул кандайча көпкөнүң,
Таанып жанды калыпсың?

Акти мына жазылган,
Мөөрү мына басылган!
Кутулбайсың куядан,
Куу болсоң да ашынган.

Карматпаска бар капкан,
Кумардан чыкпайт бир чапкан.
Кем эмес сенден Карабай,
Сенден артык кой баккан...“

Бир чайнап жутуп койчудай,
Торсукту жутса тойчудай,
Каарын чачты тергөөчү
Кармап алып сойчудай.

Торсуктун сөзүн угуу жок,
Коркутат, сөгөт ыгы жок.
Айтат сөздү ар кандай
Арасында чыны жок:

Карабай даңкы элинин,
Уулу эмес ал Керимдин.
Эч качан кулак болбогон,
Ууру деп айтат аны ким?

„Үлгү“ колхоз турагы.
Колхоздун ал чырагы,
Колхоздогу малчынын
Мал киндиктүү ынагы.

Кошулбайт ал жаттарга.
Сыйлайт аны башкарма.
Айтат анын үлгүсүн
Мал багышкан жаштарга.

Аз келгенсип урганың,
Атын атып, кууганың,—
Жабасың жалаа кулак деп,
Бул эмне кылганың?

Сүйлөйсүң өкүм жөн эле,
Кутурасың сен неге?
Элсиз жердин доңузу
Чыгат имиш дөбөгө.

Кой багып элсиз коолордо,
Кийиктей чыгып зоолорго,
Башсыз өскөн экенсиң
Өзүңчө болуп тоолордо.

Тентекти тезге саламын,
Кутурсаң жайың табамын.
Доңуз болсоң кошкурган—
Азуу тишиң кагамын.

Сендейди көп сурагам,
Куйруктарын бурагам.
Көзүңдү ачам май басса,
Көпсөң—желиң чыгарам...

Эч качан ойго келбеген,
Мурун угуп көрбөгөн
Жалаа сөздөр жаңырды,
Угат тура өлбөгөн.

Калыс болсун тергөөчүң,
Мындайды көзүң көрбөсүн.
Күчтүү болсо уурусу
Айыпка жыгат мал ээсин.

## 7. Чындык ийилет, бирок, сынбайт

Канайым арыз жаздырган,
Машинкага бастырган,
Борборго тез жетсин деп
Почточуну шаштырган.

Арадан көп өтпөстөн,
Айыл тоодон көчпөстөн,
Жообун алды арзынын,—
Оту күйдү өчпөстөн:

Келип киши борбордон,
Торсуктун иши оңолгон,
Тапты акыйкат өз ордун,
Табылгандай жоголгон,—

Эрикпестен ал келген
Ар бир сөздү текшерген,
Ар бир сөздү чындыктын
Элегинен өткөргөн.

Териштирген барынан,
Көпту билген карыдан:
Карабайдын тек жайын
Атасынан арыдан...

Койчу эмес экен Карабай,
Калгандай ишке жарабай
Энкейип чырпык сындырбай,
Айылдарды аралай,...

Ыгы келсе тартынбай,
Колуна тийсе калтырбай,
Кымырып-кымтып эл мүлкүн,
Жүрөт экен жан тынбай.

Айрылып колдо бар малдан,
Атасы менен айдалган.
Көп жыл жүрүп Херсондо,
Келген элге кайрадан.

Өз үйүнө келгендей,
Өз короосун көргөндөй,
Токтогон „Үлгү“ колхозго,
Солгону кайра өнгөндөй.

Тагасын таанып адашпай,
Колхоз башчы Таласбай
Тоскон, сылап курсагын
Үйлөп койгон чаначтай.

Өз жанынан жай берген,
Ичерине чай берген,
Коюн союп урматтап,
Карта кесип, май берген.

Тергөөчү жигит Касымбек
Таласбайды досум деп,
Коно жатып үйүнө,
Арак ичип, козу жеп...

Жайында бирге оттошкон,
Кышында бирге окшошкон.
Көрүшпөй калса аз күнгө,
Бирин бири жоктошкон.

— Тирүү кезде бир төрдө,
Өлсөк дене бир көрдө
Болсун,— дешип антташкан
Бирин бири көргөндө.

Кармалганда Карабай
Таласбай корккон аябай,
Таякесин куткарбай
Тапсын кайдан жаны жай.

Бир балааны көргөндөй,
Бир жактан жоо келгендей,
Атына минип чү койгон,
Айлынан качкан эмедей,

Касымбекке ал барган,
Көз жаш төгүп жалбарган:
„Нечен жылы эл көрбөй,
Сүргүн болуп сандалган.

Жетишер ошол көргөнү,
Эми кетсе өлгөнү,
Таянар тоосу жок окшоп,
Тагасын жээни көмгөнү.

Таянарым сен өзүн,
Таякем кордук көрбөсүн.
Тийгизе көр пайдаңды,
Малга толсун өрдөшүң!"

Касымбек менен Таласбай,
Табышкандай адашпай,
Сүйлөшкөн кандай кылууну,
Өз бармагын канатпай.

Кантебиз деп ойронду,
Экөө бирдей ойлонду.
Чын айтпастан Карабай
Тансын дешти болгонду.

Далай кагаз жазылды,
Колхоз мөөрү басылды.
Далай киши „күбөгө"
Ары-бери ташылды...

...Карабай „болду" койчуман
Колхоз коюн кайтарган,
Жакшысын тандап жайыттын
Жашыл төрдү аңтарган.

...Ал капталдап тору атчан
Конуш чалып бараткан...
„Көпкөн" Торсук бир атып,
„Күлүк" атты сулаткан...

Чоюлбасты чоюшкан,
Оюлбасты оюшкан.
Карабайды бошотуп,
Торсукту камап коюшкан.

Алуу оңой берүүдөн,
Жеңилүү оңой жеңүүдөн.
Бутуңду таамай койбосоң,
Куланасың көрүүдөн.

Ичи дайра, устү кең
Чындык балбан жерге тең,
Ийилет, сынбайт эч качан,
Чындык үчүн тур бекем!

### 8. Торсук кой жанында

Торсук келди үйүнө,
Үйүн көрүп сүйүнө,
Карабады тигилип
Жайлоонун жашыл гүлүнө.

Канайым тосуп кучактап,
Кубангандан бышактап,
Агызып көздөн мөлтүр жаш,
Айкалышып турган чак:

Түшүрдү ойго жаштыкты...
Сөз таппай койчу аптыкты.
— Ушул үйдүн эшигин
Кайра бирге бастыкпы?!..

Ушул болду айтканы,
Ойлоп бардык тапканы.
Көрүнгөн жок көзүнө
Көктөн күн нур чачканы.

— Акыйкат-чындык бар экен:
Колго тийдиң, берекем!
Кайра жыргап турабыз,
Карып калдык дебесең.

Канайым айтып бул сөздү,
Каптал жакты көргөздү:
— Бир кой чыгым болбостон
Огтоду бул өрдөштү.

Ичип Торсук жууратган,
Үй жанында турбастан,
Барды койго, чөптөрдү
Быртылдатып жеп жаткан.

Башка жакты карабай,
Басты койду аралай.
Боз козуну кучактап
Эркелетти баладай.

Моюн жүнүн жыттады,
Жыргатты кансык жыт аны,
Көзүнө сүйкүм көрүндү
Козунун жүндүү буттары.

Туягын кармап колуна,
Такады башын жонуна,
Жаагына жаагын тийгизди,
Кысты бекем бооруна.

Көрбөгөнсүп таңдана,
Көз салды тааныш жайларга:
Куштар болгон сулуудай
Кучагын жаят айлана...

Түркүн гүлдөр, ар кандай
Туш кийиз жайып салгандай!—
Эчен түрдүү сайманы
Эрикпей уз сайгандай!

Ашкан кыйын сүрөтчү
Тарткан өңдүү сүрөттү,
Кулүндөп түркүн көп боёк,
Кытыгылайт жүрөктү.

Уккан издеп баргандай,
Көрүү кыйын таң калбай,
Жыт буркурайт башкача,
Жыттасаң моокуң кангандай.

Караса көз тайгылат,
Көрбөгөн түр табылат.
Сөз жетпейт атын атоого,
Эсептеген жаңылат.

Жайылып көп кой капталдай
Бозорот шагыл таштардай.
Гүл тепсешет козу-улак
Оюнкарак жаштардай.

Бетегеси буралат,
Бассаң бутуң кубанат.
Аксоктосу аркандай
Оролуп бутка чубалат.

Салкын шамал аркырайт,
Сайдан чоң суу шаркырайт.
Күн астында Торсуктун
Бешенеси жаркырайт!

# КАНЫШБЕК

(*Легенда*)

☆

## КИРИШ СӨЗ

Ысык-Көл эне бизге байыртадан,
Биздин эл өнүп, өскөн жайытынан,
Жай алган күңгөй-тескей өйүздөрдөн,
Күн менен бир мезгилде оту жанган!

Мал жайган өзөн бойлоп, көчүп-конгон,
Эр жетип боз балдары, кыз чоңойгон.
Таанышып бозой, селки көч үстүндө,
Байланган бир бирине, ашык болгон!

Ошондой өтө кызык окуядан
Сүйлөгөн бирин мага кылып баян
Карыган, Арстанбаптык Арапбай чал,
Укканын унутпаган, жаңылбаган.

Көп уккан жаш кезинен карылардан,
Кабардар эчак өткөн кылымдардан.
Ишенет укканына, айтат аны,
Айтпаган өмүрүндө эч бир жалган.

Жазамын укканымды Арапбайдан,
Сөз салам жүз жылдардан, алда кайдан.
Же жомок, же болгон иш, билбейм анык,
Сезилет ошондо да көз жаш, арман.

I

Тескейин Ысык-Көлдүн жердеп Мундуз,
Кийбеген уулу суусар, кызы кундуз.
Көңүлүн эч бирөөнүн бурмак эмес
Андагы ал өткөргөн күүгүм турмуш.

Жок болчу каткан мүлкү, алтын-зары,
Жок болчу жайыт толуп жаткан малы.
Бар болчу бойго жеткен кыз баласы,
Суктанып сөз кылышкан журттун баары.

Каштары чабалекей канатындай!
Чачтары кара жибек зер чачкандай!
Көздөрү түн ичинде от жаккандай!
Ак жүзү жаркып турат таң аткандай!

Моюну ак копшоп койгон сыйда талдай,
Алкымы сүткө түшүп агаргандай!
Ар кандай айта берсе эп келчүдөй,
Албырат эки бети кан тамгандай!

Жарашкан кымча бели шыңга бойго!
„Жүрсөчү ойноп, күлүп тойдон тойдо,
Эби бар эркелесе мейилинче“...
Көргөн жан бул пикирди келтирди ойго.

Тургандай түндүгүнөн тиктеп жылдыз,
Үйүндө жанды шамдай ал сулуу кыз.
Канышбек анын аты, нурун төккөн
Келгендей күндөн түшүп өзү жалгыз.

Суу акты шылдыр кагып жылгалардан,
„Канышбек!... Канышбек“ деп комуз чалган.
Чамынды тоо шамалы ойдон, кырдан
„Жетмек жок, жетмек жок“ деп уңулдаган.

Мундуздун үйү бурду эл көңүлүн,
Бир көрүү ошол үйдүн эшик-төрүн
Тилеги болуп калды далай жаштын,
Ошол үй эңсегендей жигит гүлүн.

Келишти чиренишкен байбаччалар,
Калыңга айдап берер малы барлар.
Келишти, уруулардын аталары
Башкарган, өкүм өскөн боз уландар.

Атказып, ат алышты бир да тынбай
Жолоочу кыйгач өтпөйт бир кайрылбай.
Кылчактап ким болбосун карап кетет,
Ал үйгө жашынгандай күн менен ай!

Канышбек көрсөтпөдү күндөй өңүн,
Келгендин карабады бир да бирин.
Байлардын кызыкпады байлыгына,
Улук деп тоготподу бийдин бийин.

Эч бири сылаган жок кара чачын.
Көргөндөр көңүлү жок көз карашын,
Корунуп кушту көргөн кекиликтей,
Сезишти жоготкондой бакыт ташын.

Таң атты эчен жолу, күн да батты.
Жуучулар келип жатты, кетип жатты.
Карашкан көздөр сурайт Канышбектен:
— Каалайсың эми кайсы азаматты?

II

Айылда келгин бала жүрчү көптөн,
Жаргак шым, куур тончон жүдөбөстөн,
Келгенин кайсы жактан жан билбеген,
Түшкөндөй ал бул жерге түндө көктөн.

Жок болчу ал байкушта ага, тууган,
Бир жанын түйшүк менен бага турган...
Ар кимдин отун жагып, күл чыгарып,
Жумшаса, кайда болсо бара турган.

Буттары жан карагыс тууруk, кесик,
Канаткан тикен кирип, чөңөр тешип.
Мойну кир, колу кычы, көз киртейген,
Качкандай бечарадан таалай безип.

Жок, бирок, оттой күйчү анын көзү,
Жебедей өткүр болчу айткан сөзү.
Капкара көө сүрткөндөй каш астынан
Көрүнүп турар эле эр мүнөзү.

Сөз айтса ал бирөөгө оозун ачып,
Жарк этип азгын өңү жарык чачып,
Көрүнө калган өңдүү болор эле
Жашынган акыл көлү толкуп ташып.

Бир күнү өз үйүнө Мундуз аны
Чакырып, теги-жайын сураганы:
— Уулусуң ким дегендин? Өз атың ким?
— Билбеймин. Сурабаңыз кайдагыны.

Атам ким? Айткан эмес эч ким мага.
Энем ким? Болгон бекен? Болсо кана?
Көрбөгөм бир да бирин көзүм менен,
Аттары чалынбаган кулагыма.

Айыл жок беш-он күнү мен жүрбөгөн,
Эшик жок токоч сурап мен кирбеген.
Барбаган, кыдырбаган жерим да жок,
Жетимдик кенедейден жетелеген.

Жокчулук жаш дебестен токуп минген,
Камчысы көкөй кескен, жонду тилген,
„Куу жетим", „шүмшүк" деген сөздөн башка
Укпагам өз атымды түк эч кимден.

— Тентипсиң,—деди Мундуз,—кеттим аяп,
Басыпсың көп жолдорду жылаң аяк.
Айланган түнөгү жок куш экенсиң,
Андыктан сенин атың болсун Саяк.[1]

Канышбек чоочуп кетти „Саякбы"—деп,
Көзүнөн көзүн албай калды тиктеп:
Жаркырайт бет алдында жапжаш бозой—
Сүйкүмдүү, чыйрак, өктөм, илгир, элпек.

Айонун чогу түштү көңүлүнө,
Тутанып жалбырттачу күндөн күнгө.
— Бечара!—деди сулуу өз ичинде,
Карады атасына үмүттөнө.

— Бечара,—деди кой көз кайра баштан,—
Ким сени мынча жанчкан аябастан?
Эмнең кем жүргөндөрдөн? Жетимсиң да...
Ата-энең кайда качкан карабастан?

---

[1] *Саяк*—Кыргыздын эски сөзү: Тентимиш, селсаяк, карып-мискин, орусча айтканда бродяга деген мааниде.

Кызынын оюн дароо кармагандай
Үй ээси айта салды мына мындай:
— Кааласаң биздин үйдө жүрө бергин,
Сүйөмүн, эркелетем өз баламдай.

— Куп!—деди жетим Саяк сүйүнгөндөн,
Кызарды эки бети тамылжып өң.
Көрүндү Канышбектин кубанганы
Күйүмдүү от чагылган көздөрүнөн.

Заматта жетимдиктин түнү кетип,
Чыккандай боло түштү күн жарк этип.
Аталуу, үйлүү-жайлуу болбодубу,
Кийимге, аш-тамакка колу жетип!

Жылынды тоңгон бою жаз келгендей,
Табылып жоголгону, сүйүнгөндөй,
Көңүлү көтөрүлдү, жакырчылык
Түбөлүк ушул бойдон жеңилгендей.

Жабагы таакы жүнүн таштагандай
Таштады куур тонун. Көрчү кандай
Нур жүздүү, күн чырайлуу жигит болду,
Ар кандай сулуу көрүп суктангандай.

Биринчи бет келишип көрүшкөндөн,
Жашырбай жашырынбай эч бирөөдөн,
Канышбек Саяк экөө жаны бирдей
Бөлүшүп жеп жүрүштү бир нанды тең.

Жүрүштү иштеп, ойноп күндө бирге,
Жүргөндөй бир туугандар өз үйүндө.
Теришти куурай, тезек бирге барып,
Жок издеп бир чыгышты, калып түнгө.

Кармашты көпөлөктү жашыл төрдө,
Чуркашты кол кармашып көк шиберде.
Караштьі суктанышып бирин бири,
Билишпей кандайлыгын көп кездерде.

Жанаша олтурушту от жанына,
Караштьі ысык, жарык жалынына.
Көрүндү кызыл алоо окшош болуп
Жүрөктүн кан айланган тамырына.

Антсе да жетпей ысык оттон келген,
Сезишти жылуулукту бир биринен,—
Ыкташып бирин бири ысытышты,
От жанып экөөнүн тең жүрөгүнөн.

Байкалды өмүр боюу бир жүрчүдөй,
Байкалды бөлүнүшсө өлүүчүдөй.
Ажырап баскылары келишпеди,
Алдыдан ач карышкыр көрүнчүдөй.

Көп кезде уктоо үчүн шашышпастан
Түн жармын өткөрүшүү жатышпастан.
Бир бирин аз көрбөсө сагынышты,—
Сүйүштү сүйүү сөзүн айтышпастан.

Айрылуу бар экенин билишпеди.
Андайды ойлогусу келишпеди.
Аларга көрүнбөдү, жок сыяктуу
Айылда жүрүү чеги, сүйүү чеги.

Угушту узун түндө кемпирлерден
Укмуштуу жомокторду кызык эчен.
Угушту табышмактуу лакаптарды,
Байыркы баатырлардан кабар берген.

Ойлошту болсок дешип ошолордой,
Жоо келсе турсак дешти жолун торгой.
Сезилди иш сыяктуу эң бир оңой
Баатырча ажал табуу элди коргой.

Түшүнө Саяк кирди Канышбектин,
Ал эми Саяк жетим: „ойго жеттим,
Канышбек меники!"—деп мактангансыйт,
Жанында алганындай басат эркин.

Дал ушул назик сезим болуп себеп,
Канышбек жуучуларды көрүүчү жек.
Томсортуп кур чыгарган бардыгын да,
Түз карап сүйлөшпөстөн, ээрчитпей кеп.

III

Кез болчу жоокерчилик, эл дүрбөлөң,
Үй чеччү кыз, келиндер туруп түндөн.
Жортуулга Кокуй калмак чыкты десе
Жүрөктөр түрсүлдөшкөн, кубарып өң.

Жолдошу ар биринин болуп кайгы,
Талашчу тоо ичинен буйга жайды.
Ит улуп журтта калып, мал чуркурап,
Түн катып жамынышчу капчыгайды.

Калтырбай көгөндү да эшиктеги,
Келген жоо талай турган кезиккенди.
Мал айдап, жылкы тийип кете берчү,
Талоонун жок болучу эч бир чеги.

Талоондон, түн ичинде кол салуудан
Жалкыган катын, бала, кантсин анан,
Укканда жоо келгенин „кокуй“лаган,—
Кокуйдун атын атап чоочулаган.

Ошондон мурас өңдүү ушул күнгө,
Көңүлгө түшө калып, келип үнгө,
Жүрбөйбү „кокуй“, „кокуй“ адат болуп
Белимчи же кейикчел чал-кемпирге.

Ар айыл көчүп конуп ар кай жерде,
Баш ийген уруулардын бийлерине.
Бийлери тыштан келген жоого каршы
Көрбөгөн умтулушуп биригүүгө.

Анысы аз келгенсип, кошоматка
Кой союп жүгүнүшкөн келген жатка,
Акылчы же жардамчы болушпаган
Эл камын ойлой турган азаматка.

Ал турсун, жардам кылчу душмандарга,—
Эл канын суудай сузуп жуткандарга,
Өчүрүп күйгөн отун, күлүн чачып,
Очогун үй-бүлөнүн бузгандарга.

Уялбай, бир уруудан бир урууга
Бий барчу душман үчүн жол чалууга,
Жоо колун баштап барчу тоо ичине,
Талатып өз коңшусун, чуу салууга.

Көргөзчү кыз сулуусу кайсы жерде,
Жайлагы күлүк аттын кайсы белде.
Катпастан өз ичинен айтып турса,
Кандай жоо келбей койсун мындай элге.

Бир күнү жигит келди Тосор бийден,
Башкарган тескей калкын, баарын билген:
— Кол курап Кокуй баатыр келип калды
Тандоого кыз сулуусун көл жээгинен.

Болобуз тукум курут урушунан,
Жан чыгат сүрдүү карап турушунан.
Бир шилтеп шылый чапты урчук ташты,
Кан тамат албарс миздүү кылычынан.

Аскага дал ушундай салып тамга,
Көрсөттү не болорун алышканда.
Кырк сулуу кыз сурады биздин элден,
Бербесек—боёлобуз кызыл канга.

Тосор бий буйрук кылды, карап шартка.
Кызынды кийиндир да, мингиз атка!
Калмактын издегени Канышбегиң,
Кантесиң, Мундуз аба, жанды сакта.

Түнөрдү түн түшкөндөй Мундуз өңү,
Бир чайнап жеп ийчүдөй көрүнгөндү
Кыжыры кайнаса да, унчукпады
Кандайдыр унуткандай сүйлөгөндү.

—Эх—деди Саяк чыдап туралбастан,—
Сен дагы жанмын дейсиң уялбастан,
Душманга кызмат кылып чапкылайсың...
Жигитти тепкиледи жыгып агтан.

— Буйрукпу? Кордук сөзү чыдап уккус,
Миң жылы жашасаң да ойдон чыккыс.
Айдалып мал сыяктуу кетишеби
Айылдын жарашыгы биздин кырк кыз?

Урушуп өлбөйбүзбү бу көрөкчө
Эл үчүн намыс сактап эр жигитче.
Жок өндүү болушары, жан күйөрү,
Канышбек жем болобу жолбун игке?

— Кой, — деди колун кармап Канышбеги, —
Не пайда урганындан бул немени?
Жалгызсын, күчүң да жок алып калар,
Кордукка көнөт дебе бирок мени.

IV

Чогулду бардык кырк кыз бир заматта,
Кайтышып чабышкандар бардык жакка.
Ызы-чуу түшүп жатты эр өлгөндөй
Тосордун айылында — Шарпылдакта[1].

Көл үстү боёгондой өтө көпкөк
Агарат өркөчтөнүп түрмөк-түрмөк,
Жар боорун урат толкун шарпылдата,
Бекерге айтпагандай Шарпылдак деп.

Угулуп чоң сайдагы суунун шары
Туурады үн алышып ыйлаганды.
Айткандай ойлогон жан: „Аны дагы
Душманга багынгын деп кыйнаганбы?"

Тосор бий үйдөн чыкты эл алдына,
Эл аны тегеректеп алды мына.
— Айтыңыз, аттан бетер көнөбүзбү
Калмактын жүгөндөгөн кордугуна?

— Бул калмак, — деди Тосор, — баатыр калмак,
Кааласа шердин шерин алат кармап.
Кыз берчү андай эрге сыймык, атак,
Биз үчүн ал болбойбу илик-жармак.

---

[1] *Шарпылдак* — Ысык-Көлдүн тескей тарабындагы кырка жарлардын аты, карыялардын айтышы боюнча илгери көлдүн чети ошого жеткен.

Тыйгыла ыйыңарды сүйүнгүлө!
Айткыла жакшы кабар үй-үйүнө:
Таң ата узатабыз бул кыздарды,
Той болсун ушул жерде бүгүн түндө.

Жылт этип үмүт шамы өчпөгөндөй,
Канышбек күлдү көз жаш төкпөгөндөй.
Кыпыны кубануунун учту көздөн,
Кемеси таалайынын чөкпөгөндөй.

Сезилди душман колу жетпегендей,
Кыз башы туткун болуп кетпегендей.
„Саяк!" деп түрсүлдөдү жаш жүрөгү,
Биринчи бүгүн аны эстегендей.

Бий болсо, сүйлөп болуп, кайра баскан,
Токолу чыга калып эшик ачкан.
Короодо, кой менен бир жуушагандай,
Калышкан өңчөй карып кайгы тарткан.

Жаш Саяк көрүнбөдү эл ичинен,
Издемек аны кайсы чий түбүнөн.
Же жүрөт куткаруунун жолун карап,
Же кетти түңүлгөндөн үмүтүнөн.

Жаштар жок, жигиттер жок, кайда кеткен?
Жашынган, кайсы далда сайга житкен?
Ойлошпой ар-намысты, өч алууну,
Кай жакты бет алышып качышты экен?

Карылар улуп-уңшуп ыйламакта,
Беттерин көз жаш менен сыйламакта.
Кокуйду конок кылып, май чеңгелдеп,
Үйүндө семиз Тосор жыргамакта.

V

Калмакка тартуу болчу кыздын баарын—
Кыйышпас катар өскөн теңтуштарын
Канышбек ымдап четке көл жээгине,
Көрсөтүп ачып салды сыр капкагын:

— Уксаңар, курбуларым, сөздүн чынын,
Эң эле коркунучтуу менин сырым:
Күң болуп кеткичекти бөтөн жерге,
Ойлосок кантер экен жан тынымын?

Жомогу болсок кантет арткылардын,
Астына кулап түшүп ушул жардын?
Ысык-Көл өз койнуна тартып алсын
Ар күнү көрүп жүргөн сулууларын.

Көзүнөн Канышбектин көзүн албай
Караган жомок угуп олтургандай
Ак мандай, кымча бел кыз „чын сөз!“—деди,
Туткундан азыр эле кутулгандай.

— Баргыча жоолошкондун төшөгүнө,
Шуңгуйлу тартынбастан көл түбүнө,
Ушунда жатсак,—деди дагы бири,—
Кирербиз сүйгөндөрдүн түштөрүнө.

— Канткенде барат элек сүйбөгөнгө,
Биз күйгөн отко кошо күйбөгөнгө?
Жок, –деди бото көз кыз,– биз барбайбыз
Биз баскан жолдо бирге жүрбөгөнгө;

Ойлогон оюбузду билбегенге,
Айтканда сөзүбүзгө кирбегенге,
Сүйлөсөк тилибизге түшүнбөстөн,
Чаңкасак, суу ордуна уу бергенге.

Келишти бардыгы тең бир пикирге,
Карматпай сүйүү жибин үмүткерге,
Карашат ажал койнун, капалуудай
Жандарын корголоткон жигиттерге.

Арт жагын көрбөс үчүн кайра кайтып,
Турушту жар башына катар тартып,
Карашты көл бетине, түнкү толкун
Жар боорун тынбай сүзгөн шарпылдатып.

Үн чыгат келгиле деп чакыргандай,
Кыздарга көлдө кызык оюн бардай.
Чын эле кандай сонун сүзүп жүрүү,
Талбастан чабак уруп балыктардай!

„Качкыла“ деген өңдүү кайра баштан,
Шарп этет урган толкун кайтып таштан.
„Кайткыла,—дегенсийт көл,—келбей жакын,
Кандайча өлөсүңөр жашабастан?“

Шыбактар шыбырашат: „Кайда качат?—
Асты—жар, арт жагында Кокуй жатат“...
„Болгула, болгула!—деп жел шаштырат,—
Таң атса, байлап-матап узатышат“.

Сөздөрдү айтылбаган угушкандай,
Түшүнүп түндүн сырын турушкандай,
Караштыжаш сулуулар бирин бири,
Качандыр таарынышып урушкандай.

Канышбек эмненидир унуткандай
Селт этип, сөзүн айтты мына мындай:
—Коркокту жек көрүү бар элибизде,
Коркпостон, тең кулайлы бир адамдай.

Коркууну жолотушпай ойлоруна,
Колдорун бириктирип колдоруна,
Чачтарын байлаштырып чачтарына,
Бүт кырк кыз кошоктолуп болду мына.

Үн чыкты: „Абийир үчүн, намыс үчүн!“
Кырк сулуу топтоп туруп бардык күчүн,
Өздөрүн ыргытышты, „чолп!“ дей түштү,
Ургандай дөңгөч менен көлдүн үстүн.

Чайпалды чоң Ысык-Көл көбүк чачып,
Толкунга толкун кошуп, кырдан ашып,
Согулду таштан жарга, жардан ташка,
Сабады Шарпылдакты шарпылдатып.

Жетиген тиктей албай өчүп жанды,
Жерде чий тынч туралбай кыймылдады.
Жеткендей жаман кабар, тоо шамалы
Кайгынын күүсүн толгоп уңулдады.

VI

Кыздардын кыйкырышы куланарда
Чуркаткан бүт айылды бийик жарга,
Толтурган көлдүн жээгин ызы-чуута,—
Боздошкон урук тууган таппай арга.

Эшигин Тосор бийдин Мундуз ачкан,
Эңкейбей, тике карап сөзүн айткан:
— Ысык-Көл Кокуйга кыз бербес болду,
Куткарды сулууларды ою жаттан.

Кызымды бербей эрге, бердим көлгө,
Кубанам кордолбостон өлгөнүнө!
Арданып араң турам, бийим, сенин
Душмандын жетегине көнгөнүңө.

Башканын бутун жалап, көзүн карап,
Сага окшоп жашагыча күндү санап,
Кыздарча жаштай өлүп жаткан жакшы,
Түбүнө өз көлүңдүн баш калкалап.

— Бул не?— деп ыргып турду Кокуй калмак,
Колуна кынсыз жалаң кылыч кармап.
— Жогол!—деп атырылды Тосор дагы,
Сөгүштү жеп иййчүдөй алмак-салмак.

Кылычтан, каардануудан корксун кайдан,
Качпады өлбөчүдөй Мундуз андан.
Кыжыры кайнап турган чапчышсам деп,—
Кордукка чыдабастан жан карайган.

Кокуйду, бир чапчудай тура калган,
Кармады торой басып түз алдынан,—
Ачуулу арстан өңдүү жараланган
Апчыды кылыч алган оң колунан.

Кылычын, шилтегенде ташты кескен,
Аларда тартып андан үн дебестен,—
Каларда кан диркиреп кекиртектен,—
Жайларда Кокуй, Тосор экөөнү тең...

„Токтой тур“ деген өңдүү туш тараптан
Үгулду кыйкырыктар тоо жаңырткан.
Ал үндү күчөтүштү ого бетер
Чуркурап катын-бала ыйлап тыштан.

Айылдын жигиттери тоого качкан
Келишти тасыратып бардыгы атчан.
Алышкан колдоруна бардыгы да
Найзадан же шылк этме-чокмор баштан.

Айылдын чыга келип капталынан,
Жатышты ыргып түшүп аттарынан.
Бир башка тургансыды жер солкулдап
Алардын ар биринин басканынан.

Кырчудай кырк кыз үчүн жоону бүтүн,
Кылчудай быркыратып баарын күкүм,
Ачышты эшиктерин ар бир үйдүн,
Түрүлүп түндүгүнөн чыккан түтүн.

Толушуп жоолошкондор ар бир үйгө,
Сунушту кылыч, найза бир бирине.
Алышса кээ бирөөлөр кекиртектен,
Кээ бири эрк берүүдө шылк этмеге.

Көз чыгып, диркиреди баштардан кан,
Кекиртек киркиреди чыгарда жан.
Агарды керегелер мээ чачырап,
Көрүштү көргүлүктү найзалардан.

Көзөлдү эчен киши көкүрөктөн,
Тынчыды тең жарылып жүрөк өктөм.
Эрдикти аянбастан иштеп жатты
Озунуп куралына колу жеткен.

Көрсөттү жоо көзүнө Саяк күчүн,
Оозунан от аралаш чыкты түтүн.
Ал шилтеп шылк этмени, урган сайын
Кыйкырды: „мына сага кырк кыз үчүн!“..

Кыйкырды атын атап Канышбектин,
Кыйкырды Тосор бийге: „мынча көптүн“...
Буйдалбай, ошол замат чокусуна
Түшүрдү куйган чоюн шылк этмесин.

Бир уруп жыгып жатты кезиккенин,
Кыйратты бийдин жакын жигиттерин.
Төбөсүн оё чапты, салды жайлап
Кокуйдун кошо жүргөн жан жөкөрүн.

Кыйкырат: „кырк кыз үчүн!“ Жарат башты,
Жигиттер кыйкырыкты кайталашты:
„Кыралы кырк кыз үчүн!..Кырк кыз! Кырк кыз“
Ал үндөн кете жаздайт жоонун шашты.

Тил билбей, кыйкыралбай: „кырк кыз, кырк кыз!“
Калмактар кыйкырышты: „кыргыз... кыргыз!“
Ал сөздү жат кылышты угушкандар—
Балыктар Ысык-Көлдөн, көктөн жылдыз.

Жайланды жоонун колу үйлөрдөгү,
Жок болду намыс үчүн күймөнгөнү.
Антсе да кутулушту чыга качып
Минүүгө аттарына үлгүргөнү.

Мундузду түртө салып байкоосуздан,
Кыйшайтып босогону, Кокуй качкан.—
Биле албай не кыларды коркконунан
„Кыргыз!“—деп ал да кошо кыйкырышкан.

„Ошол сөз ошол бойдон биздин элдин
Калганы аты болуп чынбы деймин?“
Ушундай божомолдойт Арапбай чал,
Чындыгын же жалганын мен билбеймин.

VII

Өлбөстөн Кокуй кетти минип атка,
Житкенин, жашынганын кай тарапка
Билбеди эч бир адам караңгыда,—
Жоголду жер жуткандай бир заматта.

Көл бою кутулган жок коркунучтан,
Көп куулар тууган элдин ыркын бузган,—
Кокуйга сөз жеткирип, баштап келип,
Кордукту көрсөтүшкөн тынч турбастан.

Табылган өз ичинен жаман тууган,
Туугандан тууганынын кунун кууган,—
Кек сактап Тосор үчүн, сунуп найза,
Өч алган өнүп өскөн өз айлынан.

Жок өңдүү аңдып турган башка душман
Кек кууган же Саяктан, же Мундуздан.
Ат жыгуу, барымта, доо, эр өлтүрүү...
Көпчүлүк азап тарткан куу турмуштан.

Ким билет, тукум курут болот белек,
Калбастан кыйылгандай бардык терек,—
Батыштан орус келип бириктирип,
Болбосо кыйын күндө бизге жөлөк?

Жадашкан.жашоодон да аша кечкен
Көп айыл көлдү таштап, көчүп кеткен.
Алардын бири Мундуз, урпактары
Бул кезде Арстанбапты мекен эткен.

Барса да Жумгал, Кабак—далай жерге,
Кирсе да бут баспаган калың черге,
Жанга тынч жай болсо да ошол жерлер,
Жашырын кайра келди Саяк көлгө.

Тургансып бет алдында кырк кыз карап,
Жылдыздай жымындашкан көздөр жанат...
Кылтактап саятчыдай көңүл кушун,
Оюна Канышбеги түшө калат.

Сулуусу сулуулардын ал Канышбек
Табалбай, өзүнө тең жигит издеп
Жүргөндөй тереңинде сулуу көлдүн,
Ойлонду Саяк кырдан көлдү тиктеп.

Ал барды Шарпылдакка айлуу түндө,
Олтурду жар башында көл четинде.
Кыздардын кылыктарын көргөзгөндөй,
Жыбырайт майда толкун көл бетинде.

Чулп этет жаш чабактар ар кай жерден,
Жылт этет от сыяктуу белги берген.
Чын эле биз дешеби көл түбүнөн
Укташкан сулууларды көрүп келген?

Кырк кыздын жоого моюн сунбаганын,
Кордукка чыдап карап турбаганын
Кошкондой, мактагандай салып үнгө,
Койбоптур тоо шамалы ырдаганын.

Өлүүдөн коркпогонун Канышбектин
Өзүндөй айтпагансып билип эч ким,
Сайларда күү чалышат агып суулар,
Милдетин аткаргандай үч ичектин.

Чокулар тыңшашкандай таң калышып,
Шамал, суу адатынча тең жарышып,
Эч кандай кир жугузбай сулуулукка,
Болушат ырдашкандай үн алышып:

„Канышбек корккон эмес жоо каарынан,
Коркпогон ажалдын да канжарынан.
Антсе да коркок эле жандан ашкан:
Ал корккон эл алдында уялуудан.

Ал корккон элден кетип жоголуудан,
Ал корккон сүйбөгөнгө күң болуудан.
Ал корккон капалантып чын сүйгөнүн,
Тирүүлөй максатынан айрылуудан.

Ал коркуп карайтуудан айдай жүзүн,
Теңтушка күлкү, шылдың болбос үчүн,
Издеген амал-айла кутулууга,
Топтогон канындагы кайрат күчүн.

Сүйүүнүн шуруларын таза сактап,
Сүйүүнүн назик ырын ойго жаттап,
Сатпастан ар-намысын көлгө чөккөн,
Сүйүүсүн жүрөгүнүн чын ардактап.

Өнүндөй сулуу болчу көңүлү да,
Өзүндөй кымбат болчу өмүрү да.
Жашабай сулуу көңүл, кымбат өмүр,
Сүйгөнү айрылууга көндү мына."

## VIII

„Көнүү жок!“—деди Саяк чоочугандай,
Ордунан тура калды, отуралбай.—
Сүйгөндөн, жетпей туруп, айрылуунун
Жүрөктү куйкалаган оту кандай!

Карады Канышбектин жүргөн жерин,
Ойлоду ойноп бирге гүл тергенин.
Эстеди ысык күндө чаңкаганда,
Жаркылдап: „иче кой!“деп суу бергенин.

Закымдап көтөрүлдү көңүл өргө,
Ант кылды карап туруп Ысык-Көлгө:
—Суу ичпейт ниети жат өзөнүңдөн,
Кокуйдун аты чыкпайт жашыл төргө,

Канышбек суу алууга барган булак,
Кечпестен душман буту, таза турмак.
Канышбек баскан жерди тепсебейт жоо,
Кезинде чөбүрөлөр оюн курмак.

Кайдадыр тез бурулуп болду кетмек,
Дал азыр зарыл өңдүү сапар чекмек,
Буттары козголбоду бирок анын,
Бул жерден кетмекчини көргөндөй жек.

Ал турду жерге бекем кагылгандай
Же бою бир нерсеге таңылгандай.
Таштаган аны качан, кайсы жерде
Өктөмдүк, чартылдаган чагылгандай?

Ал карайт көлдүн тунуп жатканына,
Ал карайт көл жээгинин таштарына,—
Канышбек коё бербей турат бекен
Жүрөгүн байлап алып чачтарына?

## IX

Кол алып, ашып эчен артуу белди,
Кайрадан көл бетине Кокуй келди.
Шиберге чатыр жайды тандап жерди,
Ал көнгөн келген сайын талап элди.

Кыйшайып көлдөлөңгө, сунду бутун,
Чыйратты сейрек, узун кыл мурутун.
Олоңдой аркасына өрүлгөн чач
Качырат аны көргөн эрдин кутун.

Жок өңдүү каршы турар эч ким ага,
Өкүмү өтүүчүдөй ар бир жанга,
Тандоого ат күлүгүн, кыз сулуусун
Жиберди жигиттерин айылдарга.

Сойдурду тай семизин сурабастан,
Эт жеди бүкүл кесип, туурабастан.
Кымыздан тарткан арак жутуп алып,
Карайды кан ичкендей, кубарбастан.

Карматып салкын төрдүн—жайытынан,
Өткөрдү жетелетип атты сындан.
Кур десе сурап койбойт кимдики деп,
Унчукпайт мал ээси да карап турган.

Ойготуп үй-бүлөнү уйкусунан,
Өткөрдү чечиндирип кызды сындан.
Кумсарды жаш сулуунун нурдуу жүзү,
Темейде жазгы күндөй жаркып турган.

Кыйратты желдеттери жеткен жерин,
Жыйнашты илбирс, аюу терилерин.
Алышты кур дегенде коюшпастан
Сөйкөсүн, чач мончогун келиндердин.

Аңтарган Алатоону мергенчиден,
Сурабай бир жигити тартып келген
Кызгылт жүн сүлөсүндү Кокуй кармап
Турганда, кирди бирөө элтеңдеген...

Үстүндө эчки тону жамгыр чалган,
Айрылган он жеринен, самтыраган.
Шишиген ак күп болуп, жыланайлак,
Мөңгүдөн чыккан өңдүү калтыраган.

Корккондой көргөн адам кокусунан:
Каптаган көкүрөгүн кыпкызыл кан,
Мурду жок, оң кулагы түбүнөн жок,—
Селт этти Кокуй көрүп чоочугандан.

— Сен кимсиң?—деди калмак,—келдиң
кайдан?
Жылт этип чыга келдиң кайсы сайдан?
—Арзым бар ыйлап туруп айта турган,
Азапты сайдан эмес, көрдүм байдан...

— Тез сүйлө, айт арзыңды, ал кандай кеп?—
Койнуңа агыптыр го кан диркиреп...
—Мурдумду, кулагымы кести Саяк,
Кыйыктап „мага жоокер болбойсуң" деп.

— Тез сүйлө: Саяк деген кандай неме?
Ачык айт: ага керек жоокер неге?
—Кул эле отун алган ар кимдерге,
Ал сүйгөн Канышбекти кезегинде.

Ошол кул байып алып, эми кара:
Ар кимдин жүрөгүнө салды жара.
„Куп!"—дешти кыңк этпестен өйүз-бүйүз,
Жок өңдүү баш ийүүдөн башка чара.

Укканда келгениңди мында сенин,
Жыйнады жигиттерин өйүзгү элдин.
Ал айтты:" „Калмак менен урушабыз,
Болгула менин баатыр жоокерлерим!"

Мен шордуу коркуп кетип тура калдым,
Бир сөздү жалынгандай айта салдым:
—Билбеймин урушууну, калтырыңыз
Жанында айылдагы бардык малдын.

Карады каарын чачып Саяк мени,
Сезбепмин ошондо да эч нерсени.
Жаны жок устун мисал ийилбепмин,
Тиктеди аягандай элдин теңи.

Болбоду „жок" дегиче, бир кол жетти,
Көзүмө болот кестик жалт-жулт этти.
Кулагым, анан мурдум ысый түшүп,
Кан агып коюнума толуп кетти.

—Келбесе жоокер болгуң, мына сага!—
Кул болдуң кулагы жок, көнгүн ага.
Жүрө бер күлкү болуп келин-кызга,
Күн өткөр көрүнгөндүн малын бага.

Коркоктун ушул,—деди—көрөр күнү!—
Көзөдү көңүл кабын Саяк үнү.
Башыма казанбактай көмкөрүлдү
Кордуктун теңдик билбес айсыз түнү.

Алдыңа, баатыр, сенин качып келдим,
Аркасы тийүүчү эле сендей эрдин.
Саякты басып алгын камынтпастан,
Өчүмдү менин дагы алып бергин.

Биле албай Кокуй бир аз бүшүркөдү:
—Ачык айт, кайдан чыккан Саяк?—деди.—
„Ал сүйгөн,—дедиң жана,—Канышбекти"...
Тосорду өлтүргөндүн өзү эмеспи?

—Дал ошол өзү!—деди кесик кулак,—
Ал канкор бир чапканда Тосор сулап,
Ордунан турган эмес ошол бойдон,
Кайрадан күйбөгөндөй сынган чырак.

Тосор бий асыл эле кишиде жок,
Доско күн, душманына атылган ок!—
Ыйлады бийди жоктоп ушундайча,
Турсада ал жөнүндө мындай ойлоп:

„Эгерде өз үйүңдүн эшигинен
Сүйбөгөн тикенекти кезиктирсең,
Жулуп сал аны дароо дүмүрүнөн,
Ордуна отургузгун жыттуу гүлдөн."

X

— Жол башта, Кесик кулак!—деген Кокуй.
Жабыла бардык колу атын токуй,
Камынган ошол замат жортуулга,
Кокуйдун көздөрүнөн буйрук окуй.

Жөнөгөн каракчыдай түн жамына,
Кол курап жаткандарга кол салууга,—
Алдыда Кесик кулак жайдак атчан,
Сөз берген ыктуу жерден жол чалууга.

Жолунан жолто болор кезикпей жан,
Кол чубап түшүп келди ойго кырдан.
Ойлошту: „Бармак болдук пайдаланып
Көрүнгүс көзгө сайса караңгыдан".

Баратат баарын байкап жол баштаган!
Өтүштү шек билдирбей Түп суусунан,
Угулду иттин үнү бет алдынан,
Көрүндү от жылтылдап Кудургудан.

Алдыда соруп алма былкылдак саз,
Ар дайым учуп, конгон бырыксып каз:
Кубанды өз ичинен жол баштоочу:
„Мынаке, Кесик кулак, кумарың жаз!"

Ал айтты токтой калып: "Келдик мына
Саяктын жайкы конуш жайыгына,
Ар качан чатак салган, тынчыбаган.
Тоң моюн топос кыял айылына.

Бардыгы жигиттердин жатат уктап,
От жаккан күзөтчүсү кулагы сак.
Камынтпай жаткан бойдон басыш керек,
Буйдалуу ойлогондун баарын бузмак.

Кокуйдан сөз угулду ошол замат:
— Жарадың, Кесик кулак, ой азамат!
Жабыла чу коюуга берди буйрук,
Турмакпы күлүк аттар учкул канат.

Чуркашты кулактарын жапырышып,
Тепсешти бир аз жерди тапырашып.
Жок, бирок, буттан тарткан бирөө бардай,
Жатышты көмөлөнүп сазга батып.

Али да үмүт үзбөй байкуш жандан,
Атынын башын тартып токтой калган
Мурду жок, кулагы жок жол баштоочу
Кыйкырды калмактардын арт жагынан:

— Жаткыла, кырылгыла кырк кыз үчүн!
Мен Саяк! Канышбектин алдым өчүн!
Тойбогон эч нерсеге көзүңөргө
Көргөздүм Ысык-Көлдүк элдин күчүн.

Жыгылды ошол замат жайдак аттан,
Чапкандай бирөө жетип арка жактан,—
Кадалды жүрөгүнө кош тил жебе,
Кайрылып, сазга баткан Кокуй аткан.

XI

Жел жүрүп, камыш башы шуудурады,
Эрдикти тынбай мактап күү курады.
Сар жылдыз жактыргандай жымыңдады,
Боз торгой таңды тосуп чулдурады.

Шаркырап Түп, Жыргалаң салышып жар,
Токтоосуз туш тарапка учту кабар.
Ыр болду баатыр Саяк канаты бар,
Уккандын жүрөгүнөн орун табар.

Табылды анын орду бардык жерден,—
Дос тапты, тууган тапты бардык элден.
Сүйүүсүн аяшмакпы жаш сулуулар
Сүйүүгө бүт жүрөгүн берген эрден.

Өмүрдү улай албай өмүрүнө,
Далай кыз ашык болду өлүгүнө.
Коюлуп көп бөбөктүн аты Саяк,
Жатталды энелердин көңүлүнө.

Талашат сүйлөшкөндөр: „Алган кайдан?—
Баатырлык пайда болгон кандай жайдан?“
Айтышты: „Сүйгөндүктөн Канышбекти!
Келиппи же болбосо түшүп айдан?“

Айтышты: „Ал сүйүүчү Ысык-Көлдү,
Андыктан жоодон көлдү коргоп өлдү.
Коркпостон өз кулагын өзү кесип,
Кокуйду баштап келип сазга көмдү“.

Баары чын, баары туура талаштардын,
Мен дагы талапкери талашкандын.—
Саяктын эрдик күчүн жараткандын
Кимдигин, канчалыгын санашкамын.

Ал туура: Саяк сүйгөн Канышбегин,
Ал туура: Чын жүрөктөн сүйгөн элин.
Жанындай жакшы көргөн тууган жерин,
Сагынган аз көрбөсө Ысык-Көлүн.

Алардын сүйүү толуп жүрөгүнө,
Күч кирген, кубат бүткөн билегине.
Кызганып сүйгөндөрүн душманынан,
Тилегин кошкон элдин тилегине.

Болуптур ал эр күчтүү ошондуктан,
Бали!,— дейт өзүн көрбөй, атын уккан.
Той ырын жаштар созот, өтүшсө да
Канышбек, Саяк экөө кошулбастан.

Ысык-Көл эне бизге байыртадан,
Көп түркүн гүлдөр көрдүк жайытынан.
Канышбек өзгө бекен ал гүлдөрдөн,
Укканды ушул күнгө калтырса таң?

Канышбек сулуу бекен өзгө гүлдөн,
Ак жүзү артык бекен тийген күндөн,
Сүйүүсүн сүйбөгөнгө бербес үчүн
Жоо жетпес жай издесе көл түбүнөн?

Канышбек күчтүү бекен бардык күчтөн,
Кайраттын отун чачкан чын жүрөктөн?
Айтпаса Саяк баатыр болгон жокпу
Сулуусу чөккөн көлдү сүйгөндүктөн?

Ортосун көп тоолордун ээлеп жаткан,
Оолугуп кээ күндөрү толкуп ташкан
Ысык-Көл ушунчалык сулуу бекен
Түбүндө кырк сулуу кыз жаткандыктан?

Мен жаздым укканымды Арапбайдан,
Сурабай уккандыгын анын кайдан.—
Азыр да „Канышбек“—деп отургандыр,
Шашпастан уурттап коюп мамил чайдан.

Болгондур Канышбеги сулуу ашкан,
Ак бети айдан, күндөн нур талашкан?
Саяк да кыйын жигит болгон чыгар,
Даңкы бар эл жаттаган ыр жарашкан?

Болгондур балким кырк кыз элин сүйгөн,
Батынып эли күйгөн отко күйгөн?
Көргөндүр чоң Ысык-Көл андайларды
Тигилген жакасына далай үйдөн?

Жомоктур же болбосо бул айтылган?
Кыяктын күүсү чыгар бир тартылган?
Канышбек, Саяк, кырк кыз оюю бекен
Элинин баатырдыкты максат кылган?

Болгондур кыйын-кыстоо күндөрү да,
Болгондур чагылгандуу түндөрү да?
Далай эр, далай сулуу өтүшкөндүр
Сүйүшкөн Ысык-Көлдү илгери да?

Өткөндүр көл бүткөнү нечен кылым?
Биринчи ыр эместир менин ырым? —
Кайталап миң-сан ырчы мактагандыр
Кыласын, өйүз-бүйүз, оюн, кырын?

Андыктан эмес чыгар сулуулугу,
Айтууга эп келишкен улуулугу? —
Артылды биздин күндө ого бетер
Жүрөккө жакындыгы, жылуулугу!

Сүйүшкөн Ысык-Көлдү „өз көлүм!“ — деп
Сулуулар биздин күндө миң эсе көп.
Ар бири ал кыздардын бир Канышбек:
Ыр ырдап, эгин жыйнап, кой төлдөтөт!

Жактырган Ысык-Көлдү „Сулуу көл“ — деп
Жигиттер азыр бизде канчалык көп.
Ар бири ал азамат уландардын
Бир Саяк, көрсө житкен жоосу жүдөп!

Түшүрөт жылкыларын жашыл төрдөн,
Сугарат аргымагын Ысык-Көлдөн!
Өстүрөт кант кызылча, жемиш багын,
Тон жапкан жер үстүнө сан-миң гүлдөн!

Бир гана кыргыз эмес Ысык-Көлдөн
Балыкты бал татыган кармап көнгөн.
Жан бирге чын ашыгы улуу орус
Жарындай Ысык-Көлдү ысык көргөн.

Ал келди, көөнү сүйдү, кулач керди,
Айдады ар кыл сонун кемелерди.
Жарашып, таң калтырган ай-жылдызды,
Желектер мачталарда желбиреди!

Гудоктор чаңырышты ал орноткон
Көркүндөй көл жээгинин заводдордон.
Жасады сулуулукту жумушчусу
Жансызга жан жараткан баатыр колдон.

Көбөйдү эмгекчилер, талыкпастан
Көл боюн көрккө бөлөп иштеп жаткан,
Өз көлүн, өз эмгегин сүйүшкөндөй
Өткөндүн жакшы жагын урматташкан.

Сүйүшөт Ысык-Көлдүн айланасын,
Сүйүшөт күн нурундай заманасын.
Ар бир жаш чарчабастан тартса дешет
Жүрөктүн элди сүйгүч арабасын.

Каалашат көп болушун кыз, боз улан
Душмандан, элди, жерди коргой турган.
„Канышбек, Саяк, кырк кыз болуптур“ — деп
Жомоктоп айтышкандыр ошондуктан.

## МАЗМУНУ

### ЫРЛАР

*Ленин менен партия*

Жарык . . . 3
Портрет . . . 4
Мугалимдин сүйгөн сөзү . . . 6
Ленин менен сүйлөшүү . . . 7
Тең келчү ким Ленинге . . . 11
Өрчү, чыңал эл бактына . . . 14
Мына кандай коммунистик партия . . . 15
Мен уулуңмун . . . 17

Ынтымак жана тынчтык

Октябрь ыры . . . 19
Жаңы жыл . . . 21
Бүт жер жүзү гүлдөсүн . . . 23
Жеңет тынчтык . . . 25
Баланын ою . . . 27
Ата . . . 28
Уулума . . . 30
Жалган жана чын . . . 31
Чындыктын досу . . . 32
Өч алгам . . . 33

*Мекен жана эмгек*

Украинага . . . 34
Тоскоолдун жээгинде . . . 35
„Жеңиш“ . . . 37
Аму—Дария . . . 38
Кара тоо . . . 39
Земснаряд . . . 41
Бульдозер . . . 43

Энергопоезд . . . . . . . . . . . . . . . . 45
Паром . . . . . . . . . . . . . . . . 47
Гүлдөмөк болдуң . . . . . . . . . . . . . . . . 49
Кочкор-Ата . . . . . . . . . . . . . . . . 51
Айтиев Гапарга . . . . . . . . . . . . . . . . 53
Молдогазы Токобаевга . . . . . . . . . . . . . . . . 54
Жетет күчүм . . . . . . . . . . . . . . . . 55
Акын сөзү . . . . . . . . . . . . . . . . 56
Уйкудан кечип ыр жаздым . . . . . . . . . . . . . . . . 57
Жакын калды таңга да . . . . . . . . . . . . . . . . 58
Каламга . . . . . . . . . . . . . . . . 59
Сын . . . . . . . . . . . . . . . . 60

*Мухаббат ырлары*

Сүйүү деген кандай сөз . . . . . . . . . . . . . . . . 61
Ысык-Көлдө май түнү . . . . . . . . . . . . . . . . 63
Кайсын Кулиевдан . . . . . . . . . . . . . . . . 64
Фронтко кат . . . . . . . . . . . . . . . . 65
Бир шилтемдер . . . . . . . . . . . . . . . . 66

*Кемтик*

Бир колхоз башчыга . . . . . . . . . . . . . . . . 71
Уялам . . . . . . . . . . . . . . . . 73
Моюнга алуу . . . . . . . . . . . . . . . . 74

*Пахта*

Теримчи жигиттин ыры . . . . . . . . . . . . . . . . 79
Күлүңдөйт көзүң . . . . . . . . . . . . . . . . 80
Карап турсаң . . . . . . . . . . . . . . . . 82
Моймолум . . . . . . . . . . . . . . . . 84
Базар-Коргон . . . . . . . . . . . . . . . . 86
Теримчи келин . . . . . . . . . . . . . . . . 88

ПОЭМАЛАР

Ак алтын жөнүндө ыр . . . . . . . . . . . . . . . . 93
Койчу . . . . . . . . . . . . . . . . 195
Канышбек . . . . . . . . . . . . . . . . 230

*Темиркул Уметалиев*

ПЕСНЯ О БЕЛОМ ЗОЛОТЕ

Стихи и поэмы

на киргизском языке

☆

Редактор *К. Акаев*
Мукабасы художник *Н. Ф. Ефременконуку*
Художник редактор *Р. С. Табачников*
Тех. редактор *И. В. Кабиров*
Корректор *Т. Алымбеков*

☆

Терүүгө 4/VII 1956-ж. берилди. Басууга 22/XI 1956-ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 84Х108 $^1/_{32}$. Бардыгы 4,06 барак кагаз. 13,32 1 вклейка 0,12 басма табак. 9,3 учёттук табак. Д—07053. Заказ № 1858. Тиражы 3000. Мукабасыз баасы 4 с. 65 т. Мукабасы 1 с. 50 т.

☆

Фрунзе, Типография № 1
Главиздата Мин. Культ. Кирг. ССР.

5

0-61

03784